# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАРДЫ ТҮЗҮҮ

**БИШКЕК 2011**

УДК 334
ББК65.9(2Ки)29
С 58

АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылаган Борбордук Азия Республикаларында Жарандык коомдун уюмдарын укуктук колдоо долбоорунун алкагында Коммерциялык эмес Укук Эл аралык Борбору (ICNL) тарабынан даярдалды. ICNL колдонмонун мазмуну үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат, жана бул колдонмонун мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн көз карашын милдетүү түрдө чагылдырбайт.

Автор жана түзүүчү: Ноокатбек Идрисов, ICNL дин юридикалык кеңешчиси
Которгон: Мамбетова Гүлнара

С 58 Кыргыз Республикасында коммерциялык эмес уюмдарды түзүү./ Авт.-түз. Н. Идрисов. - Б.: 2011.- 86 б.

**ISBN** 978-9967-26-032-0

Бул колдонмо Кыргыз Республикасында коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө байланышкан маселелерди жарандарга түшүндүрүү максатында иштелип чыккан. Бул колдонмодогу маалымат билим берүүчүлүк баалуулукка ээ. Колдонмо окурмандардын кеңири катмарына арналат.

Бул колдонмо америка элинин АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөткөн колдоосунун натыйжасында чыгуу мүмкүндүгүнө ээ болду. «Жарандык коомдун уюмдарын укуктук колдоо» программасы америка элинин USAID аркылуу жардам көрсөтүү боюнча долбоорлорунун бири болуп саналат. 1992-жылдан тартып, америка эли Кыргызстандын экономикалык жактан өнүгүүсүнө, билим берүүгө, саламаттыкты сактоого жана демократиялык институттарга колдоо көрсөткөн программалары боюнча 400 миллиондон ашык АКШ долларын берди.

**Жоопкерчиликтен баш тартуу жөнүндө билдирүү:** Бул колдонмодо берилген материалдар жалпы маалымат үчүн арналат жана окурмандар тарабынан кандайдыр чечимдерди кабыл алуу же баш тартуу үчүн колдонулууга тийиш эмес. Бул колдонмодо берилген маалымат юридикалык кеңещ катары каралбайт. Коммерциялык эмес Укук Эл аралык Борбору ушул колдонмодогу маалыматтардын тактыгына жана толук экендигине, ошондой эле бул колдонмонун мазмунун пайдалануунун натыйжасы үчүн жоопкерчилик тартпайт. Кандайдыр чечим кабыл алардан мурда, окурман өзүн кызыктырган конкреттүү маселе боюнча профессионал юридикалык кеңещке кайрылганы абзел.

С 0605010200-10
ISBN 978-9967-26-032-0

УДК 334
ББК 65.9 (2Ки) 29

© Коммерциялык эмес Укук Эл аралык Борбору (ICNL), 2011

## МАЗМУНУ


| | Бети. |
|---|---|
| Коммерциялык эмес уюмдар эмне үчүн түзүлөт? ……………………………..…………... | 4 |
| Уюштуруучулук-укуктук формалар……………………………..…………………….......... | 4 |
| Катталбаган КЭУнун укуктук статусу ………………………………………………..... | 6 |
| КЭУну каттоо керекпи…………………………………………………………………... | 8 |
| КЭУну каттоо процедурасы ………………………………............................................ | 9 |
| Уюштуруучулук-укуктук форманы тандоо………………………..................... | 9 |
| КЭУну каттоо үчүн зарыл документтер ……………………………………… | 10 |
| КЭУнун филиалын (өкүлчүлүгүн) каттоо үчүн зарыл документтер…………… | 11 |
| Уюштуруучу документтердин мазмунуна коюулуучу талаптар ……………..…... | 11 |
| КЭУну башкаруунун ички түзүмү ……………………………………………. | 13 |
| Чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) каттоонун өзгөчөлүктөрү …………………………………………………………. | 15 |
| Уюштуруучу документтерди берүүнүн тартиби ………………………………... | 17 |
| Каттоонун мөөнөттөрү………………………………………………………….. | 17 |
| Каттоо үчүн төлөм………………………………………………………........ | 18 |
| Каттоонун тартиби ………………………………………………………………… | 18 |
| Мөөр жасатуу жана банктык эсепти ачуу ……………………………………….. | 19 |
| КЭУну кайра каттоо……………………………………………………………… | 20 |
| КЭУну кайра каттоо үчүн негиздер…………………………………………… | 20 |
| КЭУну кайра каттоо үчүн зарыл документтер ………………………………… | 20 |
| Өзгөрүүлөр жөнүндө каттоочу органга маалымдоо……………………………………… | 22 |
| КЭУнун ишмердигин токтотуу ……………………………………………………….. | 23 |
| Мажбурлап жоюу …………………………………………………………… | 24 |
| 1-тиркеме Каттоо үчүн арыздын үлгүсү ………………………………………………. | 25 |
| 2-тиркеме КЭУларды каттоо үчүн уюштуруучулук жана башка документтердин болжолдуу үлгүлөрү ……………..……………………………………………………… | 28 |
| Коомдук бирикменин уставы ………..…………………………………………… | 28 |
| Коомдук бирикмени уюштуруучулардын тизмеси ……………..………................ | 35 |
| Коомдук бирикменин жетекчи органынын мүчөлөрүнүн тизмеси ……..…….. | 36 |
| Коомдук бирикменин уюштуруу чогулушунун протоколу ……………................ | 37 |
| Фонддун уставы…………………………………………………..……………... | 39 |
| Фондду түзүү жөнүндө чечим ………………………………………………… | 46 |
| Фондду уюштуруучулардын тизмеси…. ..…………………………………….. | 47 |
| Фонддун жетекчи органынын мүчөлөрүнүн тизмеси……………………………. | 48 |
| Мекеменин уставы…………………………………………………………………. | 49 |
| Мекемени түзүү жөнүндө чечим ………………………………………………… | 55 |
| Мекемени уюштуруучулардын тизмеси …………..………………………….. | 56 |
| Мекеменин жетекчи органынын мүчөлөрүнүн тизмеси .………………………… | 57 |
| Юридикалык жактардын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) уставы……… | 58 |
| Юридикалык жактардын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүү жөнүндө уюштуруу келишими …….................................................................................. | 68 |
| Юридикалык жактардын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүү жөнүндө чогулуштун протоколу………………………………………………………….. | 78 |
| Юридикалык жактардын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) уюштуруучуларынын тизмеси…………………………………………………. | 80 |
| Юридикалык жактардын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) жетекчи органынын мүчөлөрүнүн тизмеси …………………………………………….. | 81 |
| 3-тиркеме Өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигин жөнгө салуучу мыйзамдарды иштеп чыгуу жана колдонуу боюнча Нускамадан үзүндүлөр …………………………….. | 82 |
| 4-тиркеме КЭУну түзүүнүн тартиби (схема)………………………………………....... | 86 |
| 5-тиркеме КЭУну түзүүнүн наркы (схема)……………………………......................... | 87 |

## КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАР ЭМНЕ ҮЧҮН ТҮЗҮЛӨТ?

Мамлекет жарандарга маанилүү социалдык жана экономикалык кызматтарды көрсөтөт, алардын укуктарын коргоону кепилдейт. Бирок, мамлекеттик органдар, каржылык, адамдык, уюштуруучулук жана башка ресурстардын чектелгендигинен улам коомдогу бардык проблемаларды: социалдык, экологиялык, маданий, билим берүүчүлүк ж.б. проблемаларды өз убагында аныктоого жана чечүүгө жөндөмдүү эмес. Буга байланыштуу жарандар жана юридикалык жактар мамлекеттик органдар тарабынан чечилбеген тигил же бул маселелерди аныктап, болуп жаткандарга көңүл кош байкоо жүргүзүп тура албайт. Алар өзүлөрүнүн бир пикирлештери менен (кээде жалгыз өзү) коммерциялык эмес уюмдарды түзүшөт жана ыктыярдуу түрдө өз демилгеси, убактысы, күчү жана каражатынын эсебинен бул проблеманы чечүүгө (мисалы: ата-эненин кароосуз калган балдарга жардам берүү, жаратылышты коргоо, калк арасында билимди жайылтуу ж.б. менен) киришишет.

Коммерциялык эмес уюмдар демократиялык коомдун ажырагыс элементи болуп саналат. Кыргызстанда «коммерциялык эмес уюм» түшүнүгү алгачкы жолу 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде колдонулган. Ал эми 1999-жылы «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган.

«Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык: **коммерциялык эмес уюм** – бул кызыкчылыктардын жалпылыгынын негизинде руханий же башка материалдык эмес керектөөлөрдү өз мүчөлөрүнүн жана (же) бүткүл коомдун кызыкчылыгында жеке жана (же) юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн, алар үчүн пайда табуу иштин негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлбөгөн ыктыярдуу өз алдынча башкарылуучу уюм.

## УЮШТУРУУЧУЛУК – УКУКТУК ФОРМАЛАР.

Коммерциялык эмес уюмдарды (КЭУларды) түзүүдөн мурда тийиштүү уюштуруучулук-укуктук форманы тандоо зарыл.

Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде же башка мыйзамдарында каралган уюштуруучулук-укуктук формалардагы КЭУларды гана түзүүгө болот.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бүгүнкү күндө КЭУлардын төмөнкүдөй уюштуруучулук-укуктук түрлөрү бекитилген:

1) Коомдук бирикме;
2) Фонд;
3) Мекеме;
4) Юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациясы);
5) Кооператив (коммерциялык эмес);
6) Турак жай менчик ээлеринин шериктештиги (кондоминимум);
7) Сууну пайдалануучулардын ассоциациясы;
8) Жамаат (жамааттык уюм);
9) Фондулук биржа;
10) Кредит бирлиги
11) Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын өзүн-өзү жөнгө салуучу уюму;
12) Мамлекеттик эмес пенсиялык фонд;
13) Кесиптик бирлик;

14) Жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси;
15) Саясый партия;
16) Диний уюм.

Бул колдонмодо КЭУнун уюштуруу-укуктук түрүнүн төрт гана түрү берилет: коомдук бирикме, фонд, мекеме жана юридикалык жактардын бирикмелери (ассоциациялары), аларды түзүүнүн укуктук негиздери жана ишмердиги «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген.

КЭУнун түрүн тандоо КЭУнун кайсы максатка жетүүгө багытталганына жана бул максаттарга кандай ыкмалар менен жетишине жараша болот.

**Коомдук бирикме** - кызыкчылыктардын жалпылыгынын негизинде руханий же башка материалдык эмес керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн түзүлгөн жарандардын ыктыярдуу бирикмеси. Коомдук бирикме - бул мүчөлүк уюм. Башкаруунун жогорку органы болуп мүчөлөрдүн жалпы чогулушу саналат. Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу анын аткаруу органын (башкармалык, дирекция ж.б.) түзөт. Коомдук бирикменин өзгөчөлүгү болуп аны түзүүнүн максаттары негизинен бул уюмдун мүчөлөрүнүн активдүү ишмердиги аркылуу жүзөгө ашкандыгы саналат. Коомдук бирикмелердин ишмердигинин чөйрөсү өтө кеңири: бул курчап турган чөйрөнү коргоо, майыптарды социалдык колдоо, билим берүүнү өнүктүрүү, аймактык маселелерди (жамааттык уюмдар) чечүү, маданиятты жана искусствону өнүктүрүү ж.б. болушу мүмкүн.

**Фонд** - ыктыярдуу мүлктүк салымдардын негизинде жана социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүү же башка коомдук пайдалуу максаттарды көздөгөн жеке жана (же) юридикалык жактар тарабынан уюштурулган мүчөлүгү жок уюм. Фонд ошондой эле мураска калтыруунун негизинде түзүлүшү мүмкүн. Фондду коомдук бирикмеге салыштыргандагы өзгөчөлүгү фонддо мүчөлүк жоктугунда, аны түзүүнүн негизи ыктыярдуу мүлктүк (анын ичинде акчалай) салымдар, аларды түзүүчүлөр фондго белгилүү бир максатка колдонуу үчүн беришкендигинде. Негизинен фонд өз максаттарына ага жетүүгө багытталган иш чараларды каржылоонун эсебинен жетишет.

**Мекеме** - башкаруучулук, социалдык-маданий, билим берүүчүлүк же коммерциялык эмес мүнөздөгү башка милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн менчик ээси тарабынан түзүлгөн жана толугу менен же жарым-жартылай ошол менчик ээси тарабынан каржылануучу уюм. Мекеме мүчөлүк эмес уюм жана ал тигил же бул коомдук пайдалуу максаттарды ишке ашыруу үчүн түзүлөт. Мисалы, билим берүүчү мекемелер (мектептер, университеттер) калкка билим берүүчүлүк кызматты көрсөтөт, медициналык мекемелер (поликлиникалар, ооруканалар) саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтөт ж.б.

**Юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациясы)** – мүчө-уюмдардын ишин координациялоо, ошондой эле алардын жалпы кызыкчылыктарын коргоо жана өкүлчүлүк кылуу максатында түзүлгөн уюм.

КЭУлардын уюштуруу-укуктук түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик-укуктук актыларынан билүүгө болот:

1) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси 1996-жыл, 8-май, №15;
2) «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1999-жылдын 15-октябры, N 111;
3) «Турак жай ээлеринин шериктештиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын

Мыйзамы, 1997-жылдын 28-октябры, №77;

4) «Сууну пайдалануучулардын бирикмелери (ассоциациялары) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2002-жылдын 15-марты, N 38;
5) «Кооперативдер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2004-жылдын 11-июну, N 70;
6) «Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2005-жылдын 21-февралы, N 36;
7) «Кредиттик бирликтер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1999-жылдын 28-октябры, N 117;
8) «Иш берүүчүлөрдүн бирикмелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2004-жылдын 22-майы, N 66;
9) «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1998-жылдын 21-июлу, N 95;
10) «Кесиптик бирликтер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1998-жылдын 16-октябры, N 130;
11) «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2008-жылдын 31-декабры, N 282;
12) «Саясый партиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 1999-жылдын 12-июну, N 50.

## КАТТАЛБАГАН КЭУнун УКУКТУК СТАТУСУ

Кыргыз Республикасында КЭУлар юридикалык жакты уюштуруу менен же уюштурбастан да түзүлүшү мүмкүн. Бул тууралуу «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде айтылган. Бул деген Кыргыз Республикасынын мыйзамдары катталган КЭУлар менен бир катарда юридикалык жак катары катталбаган КЭУларды түзүүгө жол коет дегенди билдирет.

Бирок, белгилүү болгондой, Кыргызстанда КЭУлардын эң болбогондо 16 уюштуруучулук-укуктук формасы мыйзам тарабынан аныкталган, ал эми «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы алардын ичинен төртөөсүнүн гана: коомдук бирикмелердин, фондулардын, мекемелердин жана юридикалык жактардын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) ишмердигин жөнгө салат. КЭУлардын калган түрлөрүнүн ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын катталбаган КЭУларды түзүү мүмкүнчүлүгүн карабаган башка мыйзамдары тарабынан жөнгө салынат. Катталбаган КЭУлар - бул мекеме, коомдук бирикме же фонд б.а. юридикалык жактын тигил же бул уюштуруучулук-укуктук формасы эмес, бул юридикалык жактар жөнүндөгү жоболор менен эле чектелбестен жарандык-укуктук мамилелердин комплекси, алар юридикалык жактардын уюштуруучулук-укуктук түрүнүн айрым мүнөздөмөлөрүн колдонуу менен жарандык укуктун жоболорунун негизинде түзүлөрүн эске алуу маанилүү. «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы катталбаган КЭУларды түзүү жана иш жүргүзүү тартибин жана катталбаган КЭУлардын укуктук статусун аныктабайт. Мындай жагдайда катталбаган КЭУлар түзүүчүлөрдүн демилгелери боюнча оозеки же жазуу түрүндө келишим түзүү жолу менен уюштурулушу мүмкүн деп болжолдоого болот, ал эми катталбаган КЭУну түзүү тартиби, ишмердик жүргүзүү тартиби жана укуктук статусун жарандык мыйзамдардын жалпы ченемдеринин негизинде аныктоого мүмкүн.

Катталбаган КЭУнун ишинин уюштурурулушу аны түзүү тууралуу келишим кандай формада (жазуу же оозеки) түзүлгөнүнө түздөн-түз көз каранды болот.

Катталбаган КЭУну түзүү жөнүндөгү келишим оозеки түрүндө түзүлгөн болсо, анда уюм катталбаган КЭУну түзүү тууралуу жазуу жүзүндө келишим түзгөн уюмга салыштырганда азыраак туруктуурак болот. Мындай КЭУлардын мүчөлөрүнүн ортосунда талаш-тартыш чыкканда, аны чечүү кыйынга турат, анткени бул талашты чечүү үчүн келишимдин тараптарынын укуктары жана милдеттери жазылган документ жок. Мүчөлөрдүн ортосунда талаш- тартыш жагдай келип чыккан учурда мындай уюм тез эле таркап кетет деген божомол бар.

Эгер катталбаган КЭУну түзүү жөнүндөгү келишим жазуу жүзүндө түзүлгөн болсо, анда мындай уюмдун статусу бул келишимде эмнелер жазылганына, кандай шарттар каралганына көз каранды болот. Кыргызстанда, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү сыяктуу эле жарандык мыйзамдарда «келишимдин эркиндиги» принциби (КР ГК, 382-б) бекемделген, тараптар мыйзамдарда каралган да, каралбаган да келишимди түзө алышат, тараптар келишимдин шарттарын өзүлөрү тандап алууга укуктуу. Мында баарысы демилгечилердин катталбаган КЭУну түзүү мүдөөлөрүнө байланыштуу болот. Катталбаган КЭУларды түзүүнүн көптөгөн варианттары бар: башкаруу органдарынын түзүмү боюнча, КЭУга алардын мүчөлөрүнүн өз ара мамилесине жараша, жалпы мүлктү башкаруу тартиби боюнча ж.б.

Катталбаган КЭУнун укуктук статусу катталган КЭУнун укуктук статусунан бир топ айырмаланат:

1) катталбаган КЭУлар катталган КЭУлар ээ болгон төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ эмес:
   - менчигинде, чарба жүргүзүүсүндө же ыкчам башкаруусунда обочолонгон мүлкү болушу укугуна;
   - сатып алуу жана мүлктүк жана жекече мүлктүк эмес укуктарга жана милдеттерге ээ болуу укуктарын жүзөгө ашырууга (мисалы, уюмдун атынан келишим түзүүгө жана патент каттатууга);
   - уюмдун мөөрүнө ээ болуу, банкта эсеп-кысап жана башка эсептерди ачуу укугуна;
   - сотто өзүнүн атынан доогер жана жоопкер катары чыгуу укугуна;
2) катталбаган КЭУнун мүлкү менчик (үлүштүк, биргелешкен) болуп саналат (ал уюмдун, уюштуруучулардын мүчөлөрүнүн (катышуучуларынын) ортосунда түзүлгөн келишимдин шарттарына жараша болот);
3) катталбаган КЭУнун банктык эсеби бир же бир нече адамдардын атынан уюмдун уюштуруучулары, мүчөлөрү (катышуучулары) кол койгон (КЭУну түзүү боюнча келишимдин шарттарына жараша) алардын тапшыруу келишими боюнча ачылышы мүмкүн;
4) катталбаган КЭУ үчүнчү адамдар менен уюштуруучулардын, мүчөлөрдүн (катышуучулардын) колу коюлган тапшыруу келишими (же ишеним каттын негизинде) боюнча мындай бүтүмдү жасоого ыйгарым укуктуу адамдар аркылуу бүтүмгө кириши мүмкүн.
5) катталбаган КЭУ уюштуруучу документтерге (устав, уюштуруу келишими ж.б.) ээ болушу мүмкүн, бирок милдеттүү эмес.
6) катталбаган КЭУ өзүнүн аталышына ээ болушу мүмкүн, бирок аталышына ээ болууга милдеттүү эмес (бирок аталыш башка тараптардын укуктарын бузбоого тийиш, ошондой эле аталыш мыйзам менен корголбойт жана башка уюмдар тарабынан колдонулушу мүмкүн);
7) катталбаган КЭУга жана анын донорлоруна мыйзам тарабынан белгиленген салыктык жеңилдиктер берилбейт;

8) катталбаган КЭУ өзүнүн атынан ишкердик ишмердүүлүк менен алектенүүгө укугу жок (бирок КЭУну түзүүчү, же анда катышкан адамдар ишкердик ишмердикти жөнөкөй шериктештик же чогуу ишмердиктин негизинде жүргүзө алышат);
9) атайын лицензиялоону талап кылган ишмердикти жүргүзүү үчүн лицензия берүүнү катталбаган КЭУга берүү мыйзамдарда каралган эмес.

## КЭУну КАТТОО КЕРЕКПИ?

КЭУну түзүүгө ниеттенип жатышкан жарандар көбүнчөсүн «Кандай КЭУ жакшы: юридикалык жак катары катталганыбы же же катталбаганыбы?»-деп өзүлөрүнө суроо беришет. Бул суроого кесе жооп берүү кыйын. Ар кандай КЭУлар жана жагдайлар болот: КЭУлардын айрымдары үчүн мамлекеттик каттоосуз эле иштегени ыңгайлуу, ал эми экинчи бир КЭУ мамлекеттик каттоосуз таптакыр иштей албайт.

Төмөндө келтирилген мисалдарды окуп көрүп, катталган жана катталбаган КЭУнун ортосундагы айырмачылыкты көрүүгө болот

Мисал: Ар кайсы кесиптеги жаштар - бир айылдын тургундары улгайган жалгыз бой адамдардын оор турмуш абалын көрүп туруп, аларга жардам көрсөтүүнү чечишти. Алар жардамга муктаж улгайган адамдардын тизмелерин түзүшүп, зарыл болгон жардамдын түрлөрүн аныкташты, өз ара милдеттерди бөлүшүп алышып, өз ишмердигин жүргүзүп башташты: улгайган адамдарга үйдөгү жумуштарды аткарууга, алардын ордуна базарга азык-түлүккө барууга, алардын огородундагы жумуштарды аткарышып, отунун жарып ж.б. иштерге кол кабыш кылышты.

Белгилеп коюучу нерсе, мында чогуу иштөө менен жарандар уюмду (КЭУну, коомдук бирикмени) түзүштү, алар пландаштырышып, өзүлөрүнүн чогуу ишмердигин макулдашып жүргүзүштү, алардын ишмердиги максатка багытталган мүнөздө болду.

Ал учурда булардын уюмунун ишмердигин жүргүзүү үчүн юридикалык жактын статусунун кереги жок эле, алар ишмердигин жүргүзүү үчүн эч кандай тоскоолдук жок эле, ошондуктан алар өзүлөрүнүн уюмун юридикалык жак катары катташкан эмес.

Бирок бир топ убакыт өткөндөн кийин эки окуя болуп өттү, алар жагдайды таптакыр өзгөрттү.

*Биринчи окуя.* Гүлдөп өнүгүп жаткан бир жеке менчик компания жаш адамдардын коомдук-пайдалуу иши тууралуу билип, бул ишке өзүнүн салымын кошуп, алардын ишмердигин жеңилдетүү үчүн автоунаа тартуулоону чечти. Бул жерде «Автомобилди кимге тариздөө керек?» деген суроо келип чыкты. Автомобиль сөзсүз жаштардын уюмунун менчиги болушу керек, бирок уюм юридикалык жак катары катталбайынча, мүлктүк укуктарга ээ болбойт. Демек, катталбаган уюмду автомобилдин менчик ээси катары тариздөөгө мүмкүн эмес.

*Экинчи окуя.* Донордук бир уюм жардамга муктаж улгайган жалгыз бой адамдардын турак жайын кыш мезгилинде жылытуу үчүн жаштардын уюмуна отун (көмүр) алууга гранттык каражаттарды берүү жөнүндө макулдашуу түзүүнү сунуштады. Бул программанын шарттары боюнча жазуу жүзүндөгү гранттык макулдашууга кол коюп, ага уюмдун мөөрүн басып, макулдашууда уюмдун банктык эсебинин номери көрсөтүлүшү керек болчу. Ал эми уюм, юридикалык жак катары катталбагандыктан, ал келишим (макулдашуу) түзүүгө укугу жок, мөөрү жана банктык эсеби да жок эле.

Ошентип, жаштардын алдында «Өз уюмун юридикалык жак катары каттатуу керекпи же каттатпоо керекпи?»- деген маселе турду. КЭУну юридикалык жак катары каттатуунун өзүнүн артыкчылыктары да, кемчиликтери да бар. Анын артыкчылыктары

жогоруда баяндалып өттү: КЭУ юридикалык жактын статусуна жана тийиштүү укуктарга ээ болот. Ал эми минустары төмөнкүлөрдөн турат:

биринчиден, юстиция органдарында каттоодо, ошондой эле уюштуруу документтеринин пакетин даярдоодо, түзүүчүлөрдүн колдорун юридикалык күбөлөндүрүүдө, мөөрдү даярдоодо, банктык эсепти ачууда ж.б. белгилүү чыгымдар болот;

экинчиден, каттоо учурунда КЭУнун уюштуруучулук документтерин түзүүдө, юстиция органдарына баруууда, банктык эсептерди ачууда ж.б. убакытты жумшоо зарыл;

үчүнчүдөн, каттоодон кийин салык органдарына ай сайын отчет берип туруу зарыл, тийиштүү түрдө – бухгалтер зарыл, ага айлык акы төлөш керек, салык төлөп, Социалдык фондуга камсыздандыруу төлөмүн төлөө зарыл.

Каттоонун бардык плюстары менен минустарын таразалап көрүп, жаштар өзүлөрүнүн уюмун баары бир каттоону чечишти, анткени юридикалык жак катары каттатуу ишмердик чөйрөсүн кеңейтип, коюлган максатка жетүүнүн натыйжалуу методдорун колдонууга шарт түзөт.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келгенде төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот, КЭУнун менчигинде бир топ мүлкү болсо, киреше алып чарбалык ишмердик жүргүзсө, чет элдик грант же мамлекеттик каржылоо алгысы келсе, ошондой эле салыктык жеңилдиктерди же башка артыкчылыктарды алууну кааласа, анда КЭУну каттатуу вариантын карап көрүү максатка ылайыктуу.

## КЭУну КАТТОО ПРОЦЕДУРАСЫ

### Уюштуруучулук-укуктук форманы тандоо

КЭУну каттатуудан мурда тийиштүү укуктук-уюштуруучулук түрүн тандоо зарыл.

Кыргыз Республикасында КЭУлардын Граждандык кодексте же башка мыйзамдарда каралган уюштуруучулук-укуктук түрлөрүн гана түзүүгө болот.

Жогоруда белгиленгендей Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бүгүнкү күндө КЭУлардын эң кеминде 15 уюштуруучулук-укуктук түрлөрү бекитилген. КЭУнун тигил же бул уюштуруучулук формасын тандоо кандай максатты көздөп түзүлгөнү жана бул максаттарга кандай ыкмалар менен жетишээрине жараша болот. КЭУлардын уюштуруучулук-укуктук түрлөрүнүн көптөгөн санынын ичинен пландаштырылып жаткан ишмердикти ишке ашыруу үчүн эң ыңгайлуусун тандап алуу өтө маанилүү.

КЭУнун тийиштүү уюштуруучулук-укуктук түрүн тандап алгандан кийин аны юридикалык жак катары каттоого чечим кабыл алынган соң, кийинки баскыч болуп каттоо үчүн зарыл болгон документтерди даярдоо эсептелет.

КЭУну юридикалык жак катары каттатуу үчүн кандай документтерди даярдоо зарылдыгын билиш үчүн юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын окуп үйрөнүү керек.

Юридикалык жактарды, анын ичинде КЭУларды мамлекеттик каттоонун тартиби 2009-жылдын 20-февралындагы N 57 «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында (мындан ары «Каттоо жөнүндө мыйзам) бекитилген.

<u>КЭУну каттоо үчүн зарыл документтер</u>

КЭУларды каттоо үчүн каттоочу органга төмөнкү документтерди тапшыруу зарыл:

- каттоочу орган бекиткен форма боюнча каттоо арызы[1];
- КЭУну түзүү, уставды бекитүү жана КЭУнун башкаруу органдарын түзүү жөнүндө чечими[2];
- КЭУнун жетекчиси тарабынан кол коюлган уставды эки нускасы[3];
- КЭУнун жетекчи органдарынын мүчөлөрүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы, шайланган кызмат орду көрсөтүлгөн тизмеси;
- КЭУну түзүүчү уюштуруучулардын фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы жана даректери көрсөтүлгөн тизмеси.

КЭУну уюштуруучулар жеке адамдар болсо, каттоочу органга алардын ар бири паспортунун же, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүн күбөлөндүргөн (коомдук бирикмелерди түзүүчүлөрдөн башкасы) документ деп саналган башка документтин көчүрмөсүн кошумча түрдө өткөрүшөт. Ал эми түзүүчүлөрдүн тизмесинде уюштуруучулардын фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы жана дареги көрсөтүлөт. Тизмеге уюштуруучулар кол коюшат, коюлган колу нотариалдык күбөлөндүрүлүшү керек

КЭУнун уюштуруучулары болуп юридикалык жактар саналганда каттоочу органга мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн кошумча түрдө өткөрүшөт, ал эми уюштуруучулардын тизмесинде ар бир юридикалык жактын аталышы, катталган (кайра катталган) датасы көрсөтүлөт. Юридикалык жактын жетекчисинин колу жогоруда көрсөтүлгөн тизмеде юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет, же нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

КЭУнун уюштуруучусу катары жалгыз адам чыкса, жогоруда көрсөтүлгөн чечимге ушул уюштуруучунун колу коюлат, анын колу нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

КЭУнун уюштуруучусу катары бир юридикалык жак чыкса, жогоруда көрсөтүлгөн чечимге уюштуруучунун - юридикалык жактын жетекчиси колун коет жана анын колу юридикалык жактын мөөрү менен бекемделет, же нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

КЭУну түзүү, уставын бекитүү жана КЭУнун башкаруу органдарын түзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгенден башка учурларда чогулуштун төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлат, алардын колдору нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүшү керек.

Фондду түзгөн учурда, бардык түзүүчүлөр фондду түзүү жөнүндөгү чечимге кол коюшу жана өзүлөрүнүн колдорун нотариалдык түрдө күбөлөндүрүшү керек.

---

[1] Арыздын формасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы № 31 «Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун маселелери жөнүндө» Токтому менен бекитилген.

[2] Чечим деп (бул жерде жана мындан ары текстте) «чечим» деп аталган документти эле түшүнбөө керек, КЭУну түзүү жөнүндөгү чечим «чечим» деп аталган документте эле эмес, башка документтерде да болушу мүмкүн. Мисалы уюштуруу чогулушунун протоколунда.

[3] КЭУнун жетекчиси болуп аткаруучу органды башкарган кызмат адамы эсептелет. Мисалы, президент, башкармалыктын башчысы, директор, аткаруучу директор ж.б.

Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчиси катары чыгуучу жеке адам каттоочу органга кошумча түрдө паспортунун көчүрмөсүн же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аны күбөлөндүрүүчү документ деп таанылган башка документтин көчүрмөсүн өткөрөт.

Юридикалык жактардын бирикмелерин (ассоциация, бирлик) мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо), каттоо жөнүндөгү арызга аны уюштуруучулардын өкүлдөрү кол койгон уюштуруу келишими эки нускада тиркелет. Мында юридикалык жактардын өкүлдөрүнүн колдору юридикалык жактын мөөрү менен бекемделет же нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

КЭУнун юридикалык дареги анын башкаруу органы жайгашкан жери боюнча аныкталат. Уюмдун юридикалык дареги, ошондой эле жеке адамдын – башкаруу органынын аткаруучу жетекчисинин жашаган дареги боюнча да жайгашышы мүмкүн.

КЭУ өзүнүн символдору катары желек, эмблема, вымпел жана башка символикага ээ болушу мүмкүн. Уюмдун символдору Кыргыз Республикасынын, чет мамлекеттердин мамлекеттик символикасы, ошондой эле мурда катталган юридикалык жактардын символикасы менен төп келбеш керек.

Каттоого берилүүчү документтердин тизмеси өзгөчө болуп саналат жана каттоочу органдар кошумча документтерди талап кылууга укуктары жок.

## КЭУнун филиалын (өкүлчүлүгүн) каттоо үчүн зарыл документтер.

Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкү документтерди тапшырат;

- каттоочу орган тарабынан бекитилген үлгүдөгү каттоо жөнүндөгү арызын;
- филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө юридикалык жактын органынын чечимин;

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечим төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик жана расмий тилдердеги аталышын;
- филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жерин;
- филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисин дайындоо жөнүндө юридикалык жактын органынын чечимин;
- түзүлүп жаткан филиалдын (өкүлчүлүктүн) толук аталышы, юридикалык дареги, юридикалык жактын катталуучу маалыматтарын.

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндөгү чечимде анда көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик каттоого берилген документтердеги маалыматтар туура жана мыйзамда белгиленген тартипте филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндөгү маселелер тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылганы тастыкталат.

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечимге юридикалык жактын органы тарабынан кол коюлат жана эгер бар болсо, юридикалык жактын мөөрү менен бекемделет.

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүп жаткан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча катталган юридикалык жак кошумча түрдө мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн көчүрмөсүн берет.

Филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчиси катары болуучу жеке адам каттоочу органга паспортунун көчүрмөсүн же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аны күбөлөндүрүүчү документ деп таанылган башка документтин көчүрмөсүн өткөрөт.

## Уюштуруучу документтердин мазмунуна коюлуучу талаптар

1999-жылдын 15-октябрындагы «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын N 111 Мыйзамынын (мындан ары «КЭУ жөнүндө мыйзам») 10-беренесине ылайык КЭУнун уставында төмөнкүлөр аныкталышы керек:

- уюмдун аталышы жана кыскартылган аталышы, юридикалык дареги;
- ишинин жүйөсү жана максаты, ишин башкаруунун тартиби;
- башкаруу жана көзөмөлдөө органдары, текшерүү органдары, алардын компетенциясы, кызмат адамдарын шайлоонун, чакыртып алуунун тартиби, ошондой эле кызмат адамдарынын жоопкерчилиги;
- укуктары жана милдеттери, уюмга мүчөлүккө кабыл алуунун жана андан чыгуунун (коомдук бирикме үчүн) тартиби;
- уюмдун уюштуруу документтерине өзгөртүүлөр киргизүүнүн тартиби, кайра уюштуруунун жана жоюунун тартиби;
- алар жоюлган учурда мүлкүн бөлүштүрүүнүн тартиби;
- фонддор менен мекемелер үчүн - уюмдан жардам алуучу адамдардын чөйрөсү чектелбеген учурларды албаганда, уюмдан жардам алуучу адамдардын чөйрөсү;
- эгерде мындай каралса, уюмдун ишинин мөөнөтү аныкталууга тийиш.

Устав ошондой эле КЭУ жөнүндө мыйзамга каршы келбеген башка жоболорду камтышы мүмкүн. Эгер уставдын жобосу КЭУ жөнүндө мыйзамдын жоболоруна каршы келсе, анда КЭУ жөнүндө мыйзамдын жоболору колдонулат. Уюмдун уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор аны башкаруунун жогорку органынын чечими боюнча киргизилет.

КЭУ жөнүндө мыйзамдын 25-беренесине ылайык, фондду түзүү жөнүндө чечим төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

- фонддун аталышын, юридикалык дарегин;
- уюштуруучулардын - жеке жактардын фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, дареги, үй жана жумушчу телефондору көрсөтүлгөн тизмени, ошондой эле уюштуруучулардын-юридикалык жактардын аталышы, юридикалык дареги, орду, мамлекеттик каттоонун датасы менен номери жана байланыш телефондору көрсөтүлгөн тизмени;
- уюштуруучулар фондго өткөрүп берүүчү мүлктүн акчалай жана (же) башка түрдөгү жалпы наркын жана аны өткөрүп берүүнүн тартибин;
- фонддун уставын бекитүү жөнүндө;
- фонддун Башкармалыгынын жана Байкоо кеңешинин мүчөлөрүнүн аттарын жана даректерин.

КЭУ жөнүндө мыйзамдын 32-беренесине ылайык, мекемени түзүү жөнүндө чечим төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

- мекеменин аталышын, юридикалык дарегин;
- фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, дарегин, үйүнүн жана жумушчу телефонун көрсөтүү менен менчик ээлериинин - жеке жактардын тизмесин, ошондой эле аталышын, юридикалык дарегин, ордун, мамлекеттик каттоонун датасы менен номерин жана байланыш телефондорун көрсөтүү менен уюштуруучулардын - юридикалык жактардын тизмесин;
- менчик ээси (менчик ээлери) мекемеге өткөрүп берүүчү мүлктүн акчалай жана (же) башка түрдөгү жалпы наркын жана аны өткөрүп берүүнүн тартибин;
- мекеменин уставын бекитүү жөнүндө;
- мекеменин Башкармалыгынын жана мекеменин Байкоочу кеңешинин

мүчөлөрүнүн аттарын жана даректерин.

<u>КЭУну башкаруунун ички түзүмү</u>

КЭУнун Уставы уюмду башкаруунун органдарын аныктоого тийиш.

*<u>Коомдук бирикме</u>*

Коомдук бирикме үчүн башкаруунун жогорку органы болуп милдеттүү түрдө мүчөлөрдүн жалпы чогулушу эсептелет, бирок коомдук бирикмелер өзүлөрүнүн каалоосу боюнча башкаруунун башка органдарын да түзүшү мүмкүн.

КЭУ жөнүндө мыйзамдын 20-беренесине ылайык, коомдук бирикменин жалпы чогулушунун өзгөчө компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

- уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- коомдук бирикменин ишинин артыкчылык берилген багытын аныктоо, анын мүлкүн пайдалануунун тартиби;
- коомдук бирикмеге мүчөлүккө кабыл алуу жана андан чыгаруу (эгерде уставда башкача каралбаса);
- башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби;
- иш жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
- филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү түзүү жөнүндө чечим;
- ишке башка юридикалык жактардын катышуусу;
- кайра уюштуруу жана жоюу;
- устав тарабынан коомдук бирикменин башка органдарынын компетенциясына таандык кылынгандарды кошпогондо башка маселелер.

Коомдук бирикме мүчөлөрдү жазуу жүзүндө сурамжылоо менен жалпы чогулушун өткөрүп, чечим кабыл алышы мүмкүн.

*<u>Фонд</u>*

Фонд милдеттү түрдө башкаруунун эки органына ээ болот: башкармалыгы (аткаруу органы) жана Байкоочу кеңеш (көзөмөл жүргүзүүчү жогорку орган). Мындан тышкары, фонд өз каалоосу боюнча башкаруунун кошумча органдарын түзүшү мүмкүн. Көңүл буруучу нерсе, КЭУ жөнүндө мыйзам, КЭУнун башка уюштуруучулук-укуктук түрлөрүнө салыштырмалуу фондду башкаруунун ички түзүмүн (компетенциясын, органдарды түзүү тартибин) кеңири жөнгө салат. Салт боюнча фонд максаттуу багытта гана колдонушу үчүн ага уюштуруучулар тарабынан бөлүнгөн мүлк менен байланыштуу болот. Мында фондду башкарууга уюштуруучунун катышуусу милдеттүү болуп саналбайт, фондду мурастоо боюнча түзгөн учурда катышууга мүмкүн да эмес. Мыйзамдын милдети, мүлктүн бүтүндүгүн камсыздап, аны багыттуулугуна ылайык колдонууну камсыздай турган механизмди түзүү болуп саналат. Бул чечимдерди кабыл алууда ички көзөмөлдүн туруктуу коллегиалдык органдарын түзүү жолу аркылуу жетишилет.

Фонддун башкармалыгы үчүнчү жактар менен мамиледе фонддун атынан чыгат жана укукка жөндөмдүү бир же бир нече адамдардан турат. Фондду башкаруу процессинде Башкармалык фонддун Байкоочулар кеңешинин мыйзамдуу тескемесин аткарууга тийиш. Фонддун башкармалыгы фонддун программалык жана каржылык

ишмердиги боюнча жазуу жүзүндөгү отчетту фонддун Байкоочулар кеңешинин кароосуна эгер фонд өндүрүштүк же башка чарбалык, ишмердикти жүргүзсө, эң кеминде ар алты айда, ал эми фонд мындай ишмердикти жүргүзбөсө анда жыл сайын коюшу керек. Фонддун башкармалыгы эгер уставда башкача каралбаса, анда фонддун Байкоочулар кеңешинин мүчөлөрүнө алардын талабы боюнча ар кандай маалыматты, уюштуруучуларга алардын талабы боюнча фондду башкарууга байланышкан маалыматтарды жана анын ишмердиги боюнча отчетту берүүгө тийиш. Фонддун Башкармалыгы фонддун материалдык жана каржылык абалына келтирилип жаткан ар кандай коркунуч тууралуу же мындай коркунучту туудурушу мүмкүн болгон башка жагдайлар тууралуу фонддун Байкоочулар кеңешин токтоосуз түрдө кабарлашы керек.

Фонддун Башкармалыгынын Ыйгарым укуктары фонддун уставында аныкталышы керек. Эгер Фонддун Башкармалыгынын отурумунда анын мүчөлөрүнүн жарымысынан аз эмеси олтурса, анда кворумга ээ болот.

Фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрү фонддун Байкоочулар кеңешинин чечими менен дайындалышат. Фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн курамына өзгөртүүлөр (дайындоо жана чакыртып алуу) Байкоочулар кеңешинин чечими боюнча уставда каралган тартипте жүргүзүлөт. Башкармалыктын мүчөлөрү эгер уставда каралбаса же фонддун Байкоочулар кеңешинин чечимисиз өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарын үчүнчү адамдарга өткөрүп бере алышпайт. Эгер фонддун Башкармалыгынын мүчөсү туруктуу негизде же узак мөөнөттө (алты айдан ашуун) өз милдетин аткаруу мүмкүнчүлүгү жок болгондо, Байкоочу кеңеш фонддун уставына ылайык фонддун жаңы мүчөсүн убактылуу дайындай алат. Фонддун Башкармалыгынын убактылуу мүчөсүнүн ыйгарым укуктары фонддун Башкармалыгынын баштапкы мүчөсүнүн өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү пайда болгонго чейин, же фонддун Байкоочу кеңеши фонддун Башкармалыгынын туруктуу мүчөсүн дайындаганга чейин уланат. Эгер уставда башкача каралбаса, Байкоочу кеңеш фонддун Башкармалыгынын мүчөсүн себебине карабастан ар качан чакыртып алышы мүмкүн.

Фонддун Байкоочу кеңеши фонддун ишмердигине, анын башкаруу органдары тарабынан чечимдерди кабыл алынышына жана анын аткарылышынын камсыздалышына, фонддун каражаттарынын жумшалышына, фонд тарабынан мыйзамдын жана уставдын сакталышына көзөмөл жүргүзөт. Фонддун Байкоочу кеңеши өз ишмердигин коомдук башталышта жүргүзөт. Фонддун Байкоочу кеңешинин түзүлүү тартиби жана ишмердиги фондду түзүүчүлөр тарабынан бекитилген уставда аныкталат. Фонддун Байкоочу кеңеши фонддун ишмердигине ички көзөмөлдүктү жүргүзөт. Эгер анын отурумуна мүчөлөрдүн жарымысы катышып олтурса, анда фонддун Байкоочу кеңешинин отуруму кворумга ээ болот.

Фонддун Байкоочу кеңешинин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- фонддун ишмердигине көзөмөл жүргүзүү жана фонддун ишмердигинин багыттарын жана саясатын аныктоо;
- уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү;
- фондду кайра түзүү жөнүндө чечим кабыл алуу;
- фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрүн дайындоо жана чакыртып алуу;
- фонддун Башкармалыгынын уставда белгиленгендегиден жогорку нарктагы бүтүмдөрдү жасоо тууралуу чечимдерин жана уставда аныкталган мүлктүн айрым түрлөрү боюнча бүтүмдөрдү жасоо жөнүндөгү чечимдерин бекитүү;
- кызыкчылыктардын чыр-чатактары болушу мүмкүн болгон бүтүмдөрдү бекитүү;
- фонддун ишмердиги жөнүндө фонддун Башкармалыгы тарабынан даярдалган жылдык отчетту бекитүү;

- коммерциялык ишканаларда катышуу же катышууну токтотуу жөнүндө фонддун Башкармалыгынын чечимдерин бекитүү;
- уставга ылайык башка маселелерди чечүү.

Фонддун ишмердигинин ар кандай маселелерин, анын ичинде жогоруда айтылып өткөн фонддун Байкоочу кеңешинин компетенциясына кирген маселелерди чечүү устав тарабынан фонддун уюштуруучуларынан компетенциясына каратылышы мүмкүн. Эгер уставда башкача каралбаса, уюштуруучу (уюштуруучулар, алар бир пикирде болушса) Байкоочу кеңештин ар кандай чечимине вето коюуга укугу бар.

Фондду жоюу жөнүндө чечимди сот кызыкдар юридикалык жактардын жана жеке адамдардын арызы боюнча кабыл алат.

Фонддун Байкоочу кеңеши фонддун бардык документтерин текшерүүгө жана аудитордук текшерүү жүргүзүүгө, мүлктүн бар экенин текшерүүгө жана фонддун ишмердигинин КЭУ жөнүндөгү мыйзамга жана уставына ылайыктуулугун текшерүүгө укуктуу. Фонддун Байкоочу кеңешинин ар кайсы мүчөсү фонддун Башкармалыгынынан фонддун ишмердиги боюнча маалыматты талап кылууга укуктуу. Фонддун Байкоочу кеңеши фонддун Башкармалыгынан фонддун ишмердиги жөнүндө ар кандай маалыматты, анын ичинде ишмердик жөнүндө отчетту жана баланстык отчетту берүүсүн талап кылууга укуктуу.

Фонддун Байкоочу кеңеши фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрү менен талаш-тартыштарда жана бүтүмдөрдө фонддун атынан чыгат. Фонддун уставы фонддун Байкоочу кеңешине башка да ыйгарым укуктарды бериши мүмкүн.

Фонддун Байкоочу кеңешинин курамында, эгер уставда мүчөлөрдүн саны андан көп каралбаса, анда үч мүчөсү болушу керек. Укукка жөндөмдүү адамдар фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү боло алышат.

Фонддун Башкармалыгы каттоо органдарына фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмесин берет. Фонддун Байкоочу кеңешинин курамында өзгөрүүлөр болгон учурда, фонддун Башкармалыгы каттоочу органдарга бул өзгөрүүлөр жөнүндө жети күндүн ичинде маалымат бериши керек.

Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүн дайындоо жана чакыртып алуу жол-жоболору уставда белгилениши керек.

Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү эмгекке жарамсыз болгондо фонддун Байкоочу кеңешинин ишине катышууга жараксыз болгондо, же фонддун кызыкчылыгына ар кандай формада кыйла зыян келтиргенде, уюштуруучунун (уюштуруучуларынын) же фонддун Байкоочу кеңешинин башка мүчөлөрүнүн же өз демилгеси менен ал фонддун Байкоочу кеңеши тарабынан чакыртып алынышы мүмкүн.

*Мекеме*

Фонддон айырмаланып, мекеменин түзүмү, түзүлүү тартиби жана ишмердиги ошондой эле башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары мыйзам тарабынан аныкталбастан, менчик ээси (менчик ээлери) тарабынан мекеменин уставында аныкталат.

## Чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) каттоонун өзгөчөлүктөрү

Чет өлкөлүк, же эл аралык уюмдардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) мамлекеттик каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкү документтерди өткөрөт:

- каттоочу орган тарабынан бекитилген үлгүдөгү каттоо арызын;
- юридикалык жактын органынын филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндөгү чечимин;
- анын уставы менен ага ыйгарым укук берилген чет өлкөлүк юридикалык жактын органы тарабынан бекитилген филиал (өкүлчүлүк) жөнүндө жобону эки нускада.
- филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечим кабыл алган чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун уюштуруучу документтеринин көчүрмөлөрүн.

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүүчү же башка юридикалык жакты уюштуруучу чет өлкөлүк юридикалык жак мамлекеттик реестрден легалдаштырылган көчүрмөнү, же ал өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча аракеттеги юридикалык жак болуп эсептелээрин күбөлөндүрүүчү документти кошумча түрдө көрсөтөт. Мамлекеттик реестрден көчүрмө бербей турган өлкөлөрдө бул уюм аракеттеги юридикалык жак экендигин күбөлөндүрүүчү документ болуп, мисалы, мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн көчүрмөсү же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалымкаты эсептелет.

Легалдаштыруу Кыргыз Республикасында филиалды (өкүлчүлүктү) түзүп жаткан юридикалык жак жайгашкан мамлекеттердеги Кыргыз Республикасынын консулдук кызматтары тарабынан жүргүзүлөт. Мында, консулдук кызмат легалдаштырылуучу документтерге бул документтер легалдаштырылганы жөнүндө штамп коюп жана жооптуу кызматкер өзүнүн колун коет.

Кыргыз Республикасы тийиштүү эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын катышуучусу болгон катышуучу-өлкөлөрдүн юридикалык жактары үчүн документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт. Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен алынган маалыматтарга ылайык, 2011-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасы бул сыяктуу келишимдерди Литва, Кытай Эл Республикасы жана бардык КМШ өлкөлөрү менен түзгөн. Кыргыз Республикасы 2009-жылдын 16-ноябрындагы №296 Мыйзамга ылайык «Чет өлкөлүк расмий документтердин легалдаштырылышын талап кылууну жокко чыгарган Конвенцияга» (1961-жылдын 5-октябрындагы, Гаага ш.) кошулду. Бул конвенция Кыргызстан үчүн али күчүнө кире элек, ал ратификацияланган грамотаны сактоого тапшыргандан 60 күндөн кийин күчүнө кирет. Бирок, конвенция билдирүү алгандан кийин алты айдын аралыгында Кыргыз Республикасынын конвенцияга кошулушуна каршы болбогон катышуучу-өлкөлөр менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы мамилелерде гана ишке ашат. Ошентип, конвенция алты айлык мөөнөт бүткөндөн алтымыш күндөн кийин Кыргыз Республикасынын кошулушуна каршы болбогон мамлекеттер менен Кыргыз Республикасынын ортосунда күчүнө кирет. Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен алынган маалыматтар боюнча бул конвенция Кыргызстанга карата болжол менен 2011-жылдын июнь айында күчүнө кирет. Эгер Кыргыз Республикасынын конвенцияга кошулушуна каршылык билдирбеген катышуучу-мамлекеттердин юридикалык жактарынын документтерине апостиль коюлса, бул конвенциянын Кыргызстан үчүн күчүнө кирген күнүнөн тартып, легалдаштыруу да талап кылынбашы керек.

Мамлекеттик реестрден же юридикалык жак өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча аракеттеги болуп эсептелээри жөнүндө башка документтин көчүрмөсүн берүүнүн мөөнөтү көрсөтүлгөн докуметтерди берген учурдан тартып 6 айдан ашпоосу керек.

Чет тилде түзүлгөн документтер каттоочу органга мамлекеттик (кыргыз) же расмий (орус) тилдерге которулуп, нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормолору менен каттоочу органга берилет.

## Уюштуруучу документтерди берүүнүн тартиби

Зарыл болгон документтерди түзгөндөн кийин, уюштуруучу же ага ыйгарым укук берилген жак каттоочу органга юридикалык жакты каттоо үчүн зарыл болгон документтердин пакети менен бирге каттоо жөнүндө арызды берет.

КЭУлар юридикалык жактын статусун алышы үчүн Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде же анын аймактык түзүмдөрүндө (облустук башкармалыктарында) мамлекеттик каттоодон өтүшөт. Мында Адилет министрлиги чет өлкөлүк катышуучусу бар юридикалык жакты каттоону жүргүзөт, ал эми юстициянын облустук башкармалыктары Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде катталууга тийиш болгон юридикалык жактардан башка тийиштүү облустун аймагында түзүлүп жаткан юридикалык жактарды каттоону жүргүзөт.

Төмөнкүлөр арыз ээлери боло алышат:

- юридикалык жакты түзүүдө анын уюштуруучусу;
- юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) аткаруучу органынын жетекчиси же филиалды (өкүлчүлүктү) уюштуруучунун жетекчиси;
- ишеним каттын негизинде аракеттенүүчү башка жак.

Каттоочу орган тарабынан арыз берүүчүдөн (уюштуруучу же ал тарабынан ыйгарым укук берилген адам) каттоо жөнүндө арызды кабыл алууда каттоо үчүн зарыл болгон документтердин толук пакети болгондо кабыл алынат. Мында, каттоочу органга арызды жана зарыл документтерди өз колу менен алып баруу керек. Каттоо жөнүндө мыйзамда жогоруда көрсөтүлгөн документтерди каттоочу органга почта аркылуу жөнөтүүгө жол берилбейт.

Каттоо жөнүндө арызды кабыл алуу учурунда каттоочу орган андан КЭУну каттоо үчүн арыз жана башка зарыл документтерди алгандыгы тууралуу арыз ээсине жазуу жүзүндө маалымкатты берет.

Арыз ээси каттоочу органга түзүлүп жаткан юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) аталышын алдын ала текшерип берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу.

Каттоочу арызга арыз ээси кол коет. Каттоочу арыздын формасына жана мазмунуна коюлуучу талаптар каттоочу орган тарабынан бекитилет (арыздын бекитилген формасын[4] 26 -беттеги бул колдонмого тиркемелерден табууга болот).

Юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоодо документтер каттоочу органга мамлекеттик (кыргыз) же расмий (орус) тилде берилет.

Каттоочу орган каттоо учурунда арыз ээси тарабынан берилген документтердин эсебин жана сакталышын камсыздайт.

Каттоо учурунда Мыйзамда каралгандан тышкары кандайдыр бир документтерди же маалыматтарды талап кылууга тыюу салынат.

## Каттоонун мөөнөттөрү

КЭУну, ошондой эле чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо), саясый партиялардан жана алардын филиалдарынан (өкүлчүлүктөрүнөн) башкасы, каттоочу органга зарыл документтердин тизмесин берген күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде жүзөгө ашырылат.

---

[4] Арыздын формасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы № 31 «Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун маселелери жөнүндө» Токтому менен бекитилген.

Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) ишмердигин токтотууну каттоо 7 жумуш күндүн ичинде жүргүзүлөт.

## Каттоо үчүн төлөм

Юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) жана алардын иш-аракетин токтотууну каттоодо, ошондой эле мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн дубликатын алууда төлөм алынат.[5]

Бүгүнкү күндө 2009-жылдын 15-декабрында монополияга каршы органдар менен макулдашылып, Адилет министрлигинин 2009-жылдын 20-октябрындагы Буйругу менен бекитилген төлөмдөрдүн төмөнкү өлчөмдөрү белгиленди:

1) Мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) – 224 сом;
2) Ишмердикти токтотууну каттоодо – 192 сом;
3) Күбөлүктүн дубликатын берүүдө жана мамлекеттик реестрден маалыматты берүүдө - 64 сом.

Арыз ээлери ошондой эле 11 сом өлчөмүндө Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн бланкынын наркын да төлөөгө тийиш.

Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) үчүн төлөм мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү кайра алганга чейин төлөнөт, ишмердикти токтотууну каттаган учурда - каттоочу органга документтерди бергенге чейин алынат. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) үчүн төлөм накталай акча менен төлөнөт жана арыз ээсине тийиштүү квитанция берилет.

## Каттоонун тартиби

Арызды кабыл алгандан тартып каттоочу орган берилген документтердин пакетинин толуктугун, аларды түзүүнүн тууралыгын, ошондой эле алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайыктыгын текшерет.

Эгер, берилген документтерде кандайдыр бир кемчиликтер болсо, каттоочу органдын адиси адатта, телефон аркылуу арыз ээси менен байланышып берилген документтерге тигил, же бул өзгөрүүлөрдү киргизүүнү суранат. Баштапкы учурда мындай талаптар оозеки айтылат. Эгер арыз ээси макул болсо, ал өзгөртүүлөрдү киргизет, ал эми арыз ээси макул болбосо ал өзүнүн макул эместиги жөнүндө жогору турган органга оозеки кайрыла алат. Жогору турган орган тигил же бул чечимди кабыл алат. Эгер арыз ээси каттоочу органдын талаптары мыйзамсыз деген пикирде болсо, анда ага негиздемелерди көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү баш тартуу берилет. Эгер баш тартуу менен арыз ээси макул болбосо, арыз ээси даттануу менен (арыз ээсинин тандоосу боюнча):

1) каттоочу органдын юридикалык жакты каттоо үчүн жооптуу бөлүмүнүн жетекчисине, же;
2) Кыргыз Республикасынын Адилет министринин орун басарына же;
3) каттоочу орган жайгашкан жер боюнча сотко кайрыла алат.

Эгер каттоочу орган берилген документтерден эч кандай кемчиликтерди таппаса, ал Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк берет. Ушул учурдан тартып КЭУ юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өткөн болуп саналат.

---

[5] «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2009-жылдын 20-февралы, № 57, 9-берене.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) каттоочу орган тарабынан «бирдиктүү терезе» принциби боюнча жүргүзүлөт.

«Бирдиктүү терезе» принциби өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Мамлекеттик каттоону (кайра каттоону) каттоочу орган тарабынан бир эле убакта салык органында, статистика органында жана социалдык фонддо каттоого коюу менен ишке ашырууну;
- Каттоочу орган тарабынан каттоо номери, идентификациялык салык номери (мындан ары - ИСН) жана ишканалардын жана уюмдардын жалпы республикалык классификаторунун коду ыйгарылуу менен (мындан ары ИУЖК (ОКПО)) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү берүүнү.

«Бирдиктүү терезе» принциби боюнча мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) кийин салык органдарына, статистика органдарына жана социалдык фондуга кошумча катталуу менен жана эсепке туруу талап кылынбайт.

Төмөнкү учурларда юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоодон баш тартууга жол берилет:

- юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоо үчүн зарыл болгон мыйзамда белгиленген документтер берилбеген учурда;
- мамлекеттик реестрде ушундай аталыштагы катталган (кайра катталган) юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) бар болгон учурда;
- берилген документтерде так эместиктер, же маалыматтардагы шайкеш эместиктер табылганда;
- документтер талаптагыдай эмес каттоочу органга берилгенде;
- КЭУнун жана чет өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) берилген документтери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келбегенде;
- чечимде Каттоо жөнүндө мыйзамда каралган маалыматтар жок болгон учурда;
- Каттоо жөнүндө мыйзамда белгиленген ишмердикти каттоо, токтотуу тартиби бузулган учурда.

Каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим милдеттүү түрдө Каттоо жөнүндө мыйзамдын ченемине шилтеме жасалган негиздемелерди камтышы керек.

Арыз ээси каттоодон баш тартуу үчүн негиз болгон себептерди жойгондон кийин каттоочу органга кайталап кайрыла алат.

Юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү максатка ылайык эмес деген жүйөө боюнча каттоодон баш тартууга жол берилбейт.

## Мөөр жасатуу жана банктык эсепти ачуу

КЭУ мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин уюмдун мөөрүн жасатууга жана банктан эсеп ачууга (эгер мунун зарлдыгы болсо) укуктуу. Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк юридикалык жактын мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдериндеги[6], толук аталышын, ошондой эле мыйзамда каралган башка реквизиттерди, атап айтканда

[6] Эгер юридикалык жактын уюштуруучулары кааласа, мөөрдө жана (же) штампта милдеттүү түрдө жазыла турган юридикалык жактын мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдериндеги толук аталышына юридикалык жактын башка тилдердеги толук аталышын кошумча жаздырса болот. Буга мыйзам тарабынан тыюу салынбайт.

салык төлөөчүнүн идентификациялык номерин жана логотибин камтыган мөөрдү (же штампты) жасатууга негиз болуп саналат.

Каттоо жөнүндө күбөлүк ошондой эле каржы-кредиттик мекемелерде катталган КЭУнун атынан эсептерди ачууга негиз болуп саналат.

## КЭУну КАЙРА КАТТОО

КЭУну кайра каттоо процедурасы каттоо процедурасына окшош.

### КЭУну кайра каттоо үчүн негиздер

Каттоо жөнүндө мыйзамга ылайык КЭУну кайра каттоо үчүн негиздер болуп төмөнкү учурлар эсептелет:

- кайра түзүлүү, бөлүнүү, биригүү формасындагы кайра уюштуруулар;
- аталышындагы өзгөрүүлөр;
- уюштуруучу документтерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же уюштуруучу документтердин жаңы редакцияда бекитилиши (корутунду);
- коомдук фондулардын, мекемелердин уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамындагы өзгөрүүлөр;
- КЭУ жайгашкан жериндеги өзгөрүүлөр (бир облустан башка облуска же Бишкек (Ош) шаарына же тескерисинче), ал эми чет өлкөлүк жактар катышкан КЭУлар кайсыл жерде жайгашканына карабастан Адилет министрлигинде катталат;
- КЭУнун органдары же сот тарабынан КЭУну кайра каттатуу жөнүндө чечим кабыл алынганда.

КЭУ жогоруда саналып өткөн негиздердин эч болбогондо бирөөсү болсо, анда тийиштүү чечим кабыл алынгандан тартып 30 календардык күндүн ичинде мамлекеттик кайра каттоо процедурасынан өтүү үчүн каттоочу органга зарыл болгон документтерди 30 календардык күндүн ичинде берүүгө милдеттүү.

### КЭУну кайра каттоо үчүн зарыл документтер

КЭУну мамлекеттик кайра каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү бериши керек:

- каттоочу орган бекиткен үлгүдөгү каттоо арызын;
- КЭУну кайра каттатуу жөнүндөгү чечимин;
- мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн түп нускасын;
- эгер мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндөгү күбөлүктө ИСН көрсөтүлбөгөн болсо, салык төлөөчүнүн каттоо карточкасын, ал жоголгон (жараксыз болгон) учурда салык органынан кайра катталуучу КЭУнун ИСНи көрсөтүлгөн маалымкатты;
- уюштуруу документтеринин түп нускаларын;
- уюштуруу документтерин жаңы редакцияда, же киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолору менен эки нускада.
- КЭУну кайра каттатуу жөнүндөгү чечим мамлекеттик реестрде болгон маалыматтарга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө маалыматты камтышы керек.

КЭУну мамлекеттик кайра каттатуу жөнүндөгү чечимге КЭУнун ыйгарым укуктуу органдары тарабынан (мекеменин уюштуруучусу, Байкоочу кеңешинин мүчөлөрү, же фондду уюштуруучулары (анын уставына ылайык), коомдук бирикменин жана юридикалык жактардын бирикмесинин чогулушунун төрагасы жана катчысы) кол коюлат жана КЭУнун мөөрү менен бекемделет. Мөөр жок болгон учурда көрсөтүлгөн адамдардын колдору нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

Коомдук фонддун, мекеменин курамына юридикалык жана (же) жеке адам болгон жаңы катышуучуну кошкон учурда Каттоо жөнүндө мыйзамдын 10-беренесинин 4-6-бөлүктөрүндө каралган документтер кошумча түрдө берилет:

«4. Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүүчү же башка юридикалык жакты уюштуруучу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча каттоого турган юридикалык жак мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн кошумча көрсөтөт.

5. Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүүчү же башка юридикалык жакты уюштурууучу чет өлкөлүк юридикалык жак мамлекеттик реестрден легалдаштырылган көчүрмөнү, же ал өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча аракеттеги юридикалык жак болуп эсептелээрин күбөлөндүрүүчү документти кошумча түрдө көрсөтөт.

Кыргыз Республикасы тийиштүү эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын катышуучусу болгон катышуучу-өлкөлөрдүн юридикалык жактары үчүн документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт.

Мамлекеттик реестрден же юридикалык жак өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча аракеттеги болуп эсептелээри жөнүндө башка документтин көчүрмөсүн берүүнүн мөөнөтү көрсөтүлгөн докуметтерди берген учурдан тартып 6 айдан ашпоосу керек.

6. Юридикалык жактын уюштурууучусу (катышуучусу) катары чыгуучу жеке адам каттоочу органга кошумча түрдө паспортунун көчүрмөсүн же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аны күбөлөндүрүүчү документ деп таанылган башка документтин көчүрмөсүн өткөрөт (коомдук бирикмелердин, турак-жай менчик ээлеринин шериктештиктеринин, диний уюмдардын, саясый партиялардын, кесиптик бирлик уюмдарынын уюштурууучуларынан башкасы)».

Кайра уюштуруунун (жоюу) натыйжасында өзүнүн ишмердигин токтотуучу КЭУ каттоочу органга мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн түп нускасын, мөөрдү жана штампты өткөргөндүгү жөнүндө ички иштер органдарынан маалымкатты, ошондой эле эсепти (эсептерди, жапкандыгы жөнүндө банктын маалымкатын бериши керек. Мөөр, штамп, эсеп (эсептер) жок болгон учурда каттоочу органга алардын жоктугу жөнүндө жетекчинин колу коюлган кайра түзүлүүчү (жоюлуучу) КЭУнун кепилдик каты берилет.

КЭУнун, филиалдын (өкүлчүлүктүн) аталышынын өзгөрүшүнө байланыштуу мамлекеттик кайра каттатууда каттоочу органга мурдагы аталышы жазылган мөөрлөрдү жана (же) штамптарды өткөргөндүгү жөнүндө ички иштер органдарынан маалымкатты өткөрүүгө милдеттүү.

КЭУну кайра түзүүдө каттоочу органга өткөрүп берүү актысы же бөлүштүрүү балансы берилет, ал анын бардык кредиторлоруна жана карыздарларына карата кайра түзүлгөн КЭУнун бардык милдеттенмелери, анын ичинде тараптардын талаш болгон милдеттенмелери боюнча укук улантуучулугу жөнүндө жобону камтышы керек.

КЭУну мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) арыз ээси кошумча түрдө каттоочу органга каттоочу орган тарабынан белгиленген массалык маалымат каражаттардын биринде анын кредиторлору тарабынан доомattарды берүү мөөнөтү кошо көрсөтүлүү менен. соңку 2 айдын ичинде жарык көргөн кулактандырууну кошо тапшырат.

Чет тилде даярдалган документтер каттоочу органга мамлекеттик (кыргыз) же расмий (орус) тилге которулуу менен нотариалдык күбөлөндүрүлүп өткөрүлөт.

Мамлекеттик кайра каттоодо, КЭУнун жана чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) уюштуруучу документтери жоголгон (жараксыз болгон) учурларда каттоочу органга каттоочу орган тарабынан белгиленген жалпыга маалымдоо каражаттарынын бирине жарыяланган жоголгондугу (жараксыз болгону) жөнүндө кулактандыруу берилет.[7]

Мамлекеттик кайра каттоодо КЭУнун, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрү, мөөрлөрү жана (же) штамптары жоголгон (жараксыз болгон) учурда каттоочу органга каттоочу орган тарабынан белгиленген жалпыга маалымдоо каражаттарынын бирине жарыяланган жоголгондугу (жараксыз болгону) жөнүндө кулактандыруу берилет.[8]

КЭУну мамлекеттик кайра каттоодо арызга чет өлкөлүктүн катышуусу бар же жоктугун көрсөткөн документ кайра катталуучу КЭУнун жетекчисинин кол коюусу менен өткөрүлөт.

Юридикалык жактардын бирикмесин (ассоциация, бирлик) кайра каттоодо каттоочу арызга анын бардык уюштуруучулары кол койгон уюштуруучу келишими 2 нускада тиркелет. Мында, юридикалык жактардын өкүлдөрүнүн колдору юридикалык жактын мөөрү менен же нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

## ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ КАТТООЧУ ОРГАНГА МААЛЫМДОО

КЭУ, филиал (өкүлчүлүк) чечим кабыл алынган учурдан тартып 30 календардык күндүн ичинде каттоочу органга өзгөрүүлөр жөнүндө маалымдашы керек:

- жетектөөчү органдын курамы, жетекчиси;
- жайгашкан жери (юридикалык дареги);
- телефон номери, факс жана электрондук дареги;
- коомдук фондду, мекемени, мамлекеттик эмес пенсиялык фондду уюштуруучу (катышуучу) – жеке адамдын паспорттук маалыматтары, же өздүгүн күбөлөндүрүүчү башка документтин маалыматтары;
- коомдук фондду, мекемени, мамлекеттик эмес пенсиялык фондду уюштуруучу (катышуучу) юридикалык жактын катталуучу маалыматтары;
- жетекчинин паспорттук маалыматтары же өздүгүн күбөлөндүргөн документтердин маалыматтары өзгөргөндүгү жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

КЭУну, филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоого алып келбөөчү маалыматтар өзгөргөн учурда КЭУнун, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчиси кол койгон маалымат каттоочу органга берилет.

КЭУнун, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчилери алмашкан учурда маалымдоого жаңы жетекчини шайлоо (дайындоо) жөнүндөгү чечим жана анын паспорту же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ылайык өздүгүн күбөлөндүрүүчү документ катары эсептелген башка документ тиркелет.

КЭУнун, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жери өзгөргөн учурда маалымдоого КЭУнун филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жерин өзгөртүү жөнүндөгү чечим тиркелет.

---

[7] КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 «Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун маселелери жөнүндө» Токтомуна ылайык кулактандыруулар «Слово Кыргызстана» же «Эркин Тоо» гезиттеринде жарыяланышы керек.

[8] КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 «Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун маселелери жөнүндө» Токтомуна ылайык кулактандыруулар «Слово Кыргызстана» же «Эркин Тоо» гезиттеринде жарыяланышы керек.

Маалыматтар өзгөргөн учурда маалымдоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген тийиштүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет.

Каттоочу орган маалымдоону алып, мамлекеттик реестрге тийиштүү маалыматтарды киргизет жана бул тууралуу салык органдарына, статистика органдарына, жана Социалдык фондуга билдирет.

## КЭУнун ИШМЕРДИГИН ТОКТОТУУ

КЭУну жоюу жөнүндө чечим кабыл алган КЭУнун органы же сот бул тууралуу каттоочу органга 3 жумуш күндүн ичинде КЭУну жоюу жөнүндөгү чечимдин көчүрмөсүн жана жоюучу комиссияны (жоюучуну) шайлоо (дайындоо) жөнүндөгү чечимдин көчүрмөсүн тиркөө менен жазуу түрүндө билдирүүсү керек.

Каттоочу орган КЭУну жоюу жөнүндө маалымдоону алып мамлекеттик реестрге КЭУ жоюулуу процессинде экендиги жөнүндө жазуу жүргүзүп, бул тууралуу салык органдарына, статистика органдарына жана Социалдык фондуга билдирет.

КЭУнун ишмердигин токтотууну каттоо учурунда арыз ээси каттоочу органга:

- каттоочу орган тарабынан бекитилген үлгүдө каттоочу арызды;
- КЭУнун органынын, же соттун КЭУну жоюу жана жоюучу комиссияны (жоюучуну) шайлоо (дайындоо) жөнүндөгү чечимди;
- КЭУну мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн түп нускасын;
- уставдын түп нускасын;
- камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча карызынын жоктугу тууралуу Социалдык фонд органынан маалымкатты;
- салык боюнча карызы жоктугу жөнүндө салык органынан маалымкатты;
- КЭУнун эсебин (эсептерин) жапкандыгы жөнүндө банктан (банктардан) маалымкатты;
- мөөрдү жана штампты (бар болгон учурда) өткөргөндүгү жөнүндө ички иштер органдарынан маалымкатты;
- жоюу балансын бекитүү жөнүндө чечимди;
- жоюу балансын анын салык органы тарабынан кабыл алынгандыгы жөнүндөгү белгиси менен;
- жоюлуучу КЭУнун архивдик документтеринин сакталган жери жөнүндө мамлекеттик архивдик фондунун корутундусун;
- каттоочу жыйымдын төлөнгөндүгү жөнүндө квитанцияны;
- Каттоо жөнүндө мыйзам тарабынан аныкталган башка документтерди өткөрүшү керек.

Ишмердикти токтотууну мамлекеттик каттоодо КЭУнун жана чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдун филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) уюштуруучу документтери жоголгон (жараксыз болгон) учурда каттоочу органга каттоочу орган тарабынан белгиленген жалпыга маалымдоо каражаттарынын бирине жарыяланган жоголгондугу (жараксыз болгону) жөнүндө кулактандыруу берилет.[9]

Ишмердикти токтотууну мамлекеттик каттоодо КЭУнун, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүгү, мөөрлөрү жана (же) штампы жоголгон (жараксыз болгон) учурда каттоочу органга каттоочу орган тарабынан

[9] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 «Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун маселелери жөнүндө» Токтомуна ылайык кулактандыруулар «Слово Кыргызстана» же «Эркин Тоо» гезиттеринде жарыяланышы керек.

белгиленген жалпыга маалымдоо каражаттарынын бирине жарыяланган жоголгондугу (жараксыз болгону) жөнүндө кулактандыруу берилет.[10]

КЭУнун органы КЭУнун милдеттенмелери анын ичинде үчүнчү жактардын алдында кепилдиктери жок болгон учурда гана жоюучу балансты бекитүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

Жоюучу балансты бекитүү жөнүндө чечимге чогулуштун төрагасы жана катчысы кол коет жана КЭУнун мөөрү менен бекитилет. Мөөр жок болсо, көрсөтүлгөн адамдардын колу нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлөт.

Жоюлган КЭУнун кредитордук карызы соңунда аныкталган учурда КЭУнун уюштурууучулары (катышуучулары) кредитордун талабы КЭУнун ишмердигин токтотууну каттаган учурдан тартып эки жылдын ичинде билдирилсе, кредиторлордун алдында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук жоопкерчилик тартышат.

Ишмердикти токтотууну каттоочу органга каттоого берүүдөн мурда КЭУ өзүнүн бардык филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн жана жалпыга маалымдоо каражаттарын белгиленген тартипте жоюуга милдеттүү.

Арыз кабыл алынган күндөн тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө (7 жумуш күнүнүн ичинде) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ишмердикти токтотууну каттоочу документтердеги маалыматтардын тизмеси бар экенин жана маалыматтарда так эместиктердин же шайкеш эместиктердиин жогун текшерүүгө;
- тийиштүү буйрукту чыгаруу жана салык органдарына, статистика органдарына жана Социалдык фондуга маалымдоого;
- ишмердикти токтотууну каттоо жөнүндө буйруктун көчүрмөсүн берүүгө;
- берилген каттоочу документтердин бирден нускасы бар КЭУнун каттоочу ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө.

КЭУнун ишмердигин токтотууну каттоо датасы болуп, каттоочу орган тарабынан тиешелүү буйрук чыгарылган дата эсептелет.

## Мажбурлап жоюу

КЭУ салык органдарына жана (же) Социалдык фонд органдарына ай сайынкы отчетторун эки жыл бою катары менен бербеген учурда салык органы жана (же) Социалдык фонд органы КЭУну мажбурлап жоюу тууралуу арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

Кудуретсиздик болгон учурда юридикалык жактарды, анын ичинде КЭУларды жоюу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана кудуретсиздик (банкроттук) жөнүндөгү атайын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

[10] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 «Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун маселелери жөнүндө» Токтомуна ылайык кулактандыруулар «Слово Кыргызстана» же «Эркин Тоо» гезиттеринде жарыяланышы керек.

# 1-ТИРКЕМЕ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2011-жылдын 28-январындагы №31 Токтому менен
бекитилген

форма

# КАТТОО АРЫЗЫ

I бөлүм (нокот менен белгиленсин):

Каттоо ☐ кайра каттоо ☐ ишмердикти токтотууну каттоо ☐

Юридикалык жак ☐ филиал ☐ өкүлчүлүк ☐

Юридикалык жак (коммерциялык уюм)
типтүү уставдын
негизинде иш жүргүзөт
ооба ☐ жок ☐

II бөлүм:

Арыз ээсинин маалыматтары:

Фамилиясы

Аты

Атасынын аты

Паспорт N

берилген дата

Жайгашкан жери жана контакттык маалыматтар:

Өлкө

Облус

Шаар (айыл)

Район

Кичи-район

Көчөсү

Үй кв.

тел.:

e-mail @

III бөлүм

a) Катталуучу (кайра катталуучу) юридикалык жак, филиал жана өкүлчүлүк жөнүндө маалыматтар

Толук аталышы расмий же мамлекеттик тилдерде:

Жайгашкан жери:

Облус

Шаар (айыл)

Район

Кичи-район

Көчөсү

Үй кв.

Тел.:

E-mail @

b) кайра каттаткан учурда (ишмердикти токтотууну каттоо)

каттоочу номери - -

ИУЖК (ОКПО) коду

ИСН

c) Ишмердиктин негизги түрү

d) Чет өлкөнүн катышуусу барбы (нокот менен белгиленсин) ооба ☐ жок ☐

e) уюштуруучулардын (катышуучулардын, мүчөлөрдүн) саны

Уюштуруучулардын (катышуучулардын, мүчөлөрдүн) - жеке адамдардын жалпы саны ☐☐☐☐☐☐☐

Уюштуруучулардын (катышуучулардын, мүчөлөрдүн) - юридикалык жактардын жалпы саны ☐☐☐☐☐☐☐

f) Менчиктин түрү (нокот менен белгиленсин)

жеке менчик ☐ мамлекеттик ☐ муниципалдык ☐ аралаш ☐ башка ☐

g) Юридикалык жакты түзүүнүн ыкмасы (нокот менен белгиленсин)

каттоо ☐ кайра түзүү ☐

h) Юридикалык жакты кайра түзүүнүн түрү (нокот менен белгиленсин)

Бөлүп чыгаруу ☐ бириктирүү ☐ өзгөртүп түзүү ☐ кошуу ☐ бөлүү ☐

i) Уставдык капиталдын өлчөмү

☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐ сом

j) Жетекчинин ФААА

Фамилиясы ☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐

Аты ☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐

Атасынын аты ☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐☐

Дата ☐☐ ☐☐ ☐☐☐☐ (кк/аа/жж)

Арыз берүүчүнүн колу________________________________________________

**2-ТИРКЕМЕ**

# КЭУну КАТТОО ҮЧҮН УЮШТУРУУЧУ ЖАНА БАШКА ДОКУМЕНТТЕРДИН БОЛЖОЛДУУ ҮЛГҮЛӨРҮ

Уюштуруучулардын чогулушунунда
**«Бекитилген»**
«_____»_____________ 201_-ж.
№1 Протокол

**“X”**

**КООМДУК БИРИКМЕСИНИН**

# УСТАВЫ

**Бишкек 201_ж.**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1«Х» коомдук бирикмеси (мындан ары «КБ») Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына ылайык түзүлгөн.

1.2.КБ жергиликтүү, жарандардын рухий, материалдык, социалдык керектөөлөрүн канааттандыруу жана укуктарын коргоо үчүн кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде бириккен ыктыярдуу бирикмеси эсептелет,

1.3. КБнын толук аталышы:

- орус тилинде: Общественное объединение «Х»;
- кыргыз тилинде: «Х» коомдук бирикмеси;
- англис тилинде: Public Association «Х».

1.4. Кыскартылган аталышы: «У».

1.5. КБнын жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, _________________,
__________көчөсү, үй № ______, кв.___________.

## II. ЮРИДИКАЛЫК СТАТУС

2.1. КБ аны мамлекеттик каттоодон кийин юридикалык жак статусуна ээ болот: белгиленген тартипте катталган өзүнүн мөөрү, штампы, эмблемасы, логотиби, өз алдынча балансы, эсеп-кысабы, анын ичинде чет элдик валютада, банктык жана башка кредиттик мекемелерде жана башка эсептери болушу мүмкүн, мүлктүк жана башка мүлктүк эмес укуктарга, милдеттерге ээ болот, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

2.2. КБ өзүнүн милдеттенмелери боюнча анын менчигинде болгон акча каражаттары жана мүлкү боюнча жоопкерчилик тартат. КБнын мүчөлөрү КБнын милдеттенмелери үчүн жооп беришпейт жана КБ өзүнүн мүчөлөрүнүн милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

2.3. КБ өз ишмердигин анын мүчөлөрүнүн ыктыярдуулук жана тең укуктук, мыйзамдуулук, маалымдуулук, өзүн өзү каржылоо жана өз алдынча башкаруу принциптеринде жүргүзгөн, коммерциялык эмес уюм болуп саналат.

2.4. КБ чарбалык, анын ичинде өндүрүштүк ишмердүүлүк менен да алектене алат, мында табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын жана башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлбөйт. Мындай ишмердик өз ичине товар өндүрүү жана сатуу, жумуштарды аткаруу, акы алуу менен кызмат көрсөтүү жана ишкердиктин башка түрлөрүн камтый алышат. Ишкердик ишмердүүлүктөн алынган пайда КБ түзүүдөгү максатка жетүүгө багытталат.

2.5. КБ эл аралык коомдук бирикмелерге кирүүгө, түздөн-түз эл аралык байланышты колдоого жана тийиштүү макулдашууларды түзүүгө укуктуу.

2.6. КБ өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын жана башка мыйзамдык актылардын жана ушул Уставдын алкактарында жүргүзөт.

## III. ТҮЗҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА ИШМЕРДИКТИН ТҮРЛӨРҮ[11]

3.1. КБны түзүүнүн максаты болуп:

---

[11] Бул бөлүмдө түзүүнүн болжолдуу максаты жана ишмердиктин түрлөрү көрсөтүлгөн. Ар бир КБны түзүүнүн өз максаты болот жана ал максатка жетүүдө ишмердиктин түрлөрүн өзүлөрү аныкташат. Ушуга байланыштуу уставды иштеп чыгууда бул бөлүмдө түзүлүүчү КБнын максаттарын дааналап жазып, анын ишмердигинин түрлөрүн аныкташы керек.

1) Кыргызстандагы канаттууларды  сактоо;
2) Кыргызстандагы канаттуулардын өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү;
3) курчап турган чөйрөнү коргоо;
4) биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо саналат.

3.2. Өзүнүн максаттарына жетүү үчүн  КБ ишмердиктин төмөнкү түрлөрүн жүзөгө ашырат.

1) канаттууларга табигый шарттарда байкоо жүргүзүүнү уюштуруу;
2) канаттууларды жана алар жашаган жерлерди кайтаруу;
3) канаттууларды сүйүүчүлөрдү байкоо жүргүзүүгө,  канаттууларды кайтарууга, Кыргызстандагы канаттуулар жөнүндө билимдерди жайылтууга тартуу;
4) илимий-популярдык жана илимий китептерди, усулдук колдонмолорду жана башка басылмаларды жарыялоо;
5) алгыр куштарды кайтаруу, үйрөтүү жана колдонуу боюнча улуттук салттарды сактоо;
6) канаттууларды сүйүүчү эл аралык уюмдар (коомдор) менен байланыштарды түзүү;
7) канаттуулардын сейрек жана жоголуп бараткан түрлөрүн өзгөчө коргоо жана эсепке алуу;
8) канаттуулар жана алар жашаган жерлерге  байланышкан башка аракеттер;
9) курчап турган чөйрөнү коргоо:
    - калк арасында экологиялык билимдерди жайылтуу;
    - жаратылыш ресурстарын тең салмактуу колдонуу;
    - колдо болгон жаратылыш ресурстарын көбөйтүү;
    - уникалдуу жаратылыш аймактары, сейрек өсүмдүктөр, жаныбарлар жана канаттуулар тууралуу буклеттерди, брошюраларды, плакаттарды, открыткаларды  чыгаруу.
10) экотуризм чөйрөсүндө ишмердикти жүзөгө ашыруу;
11) эл аралык байланышты кеңейтүү, тынчтыкты, элдердин ортосундагы достукту чыңдоо, башка мамлекеттердеги ушуга окшогон бирикмелер жана кесипкөй бирикмелер менен  байланыштарды орнотуу жана бекемдөө;
12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган ишмердиктин башка түрлөрү.

## IV. КБга МҮЧӨЛҮК

4.1. КБнын Уставын тааныган, анын ишмердигине катышуучу жана мүчөлүк акыларды ырааттуу төлөп турган Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жоктор КБнын мүчөсү боло алат.
4.2. КБнын мүчөлүгүнө кабыл алуу жекече арыздын негизинде жүзөгө ашырылат.

## V. КБнын МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. КБнын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:
1) ушул Уставга ылайык КБны башкарууга катышууга;
2) КБны башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга;
3) КБ тарабынан жүзөгө ашырылуучу программалык иш чараларга катышууга;

4) КБнын ишмердиги тууралуу зарыл болгон маалыматты алууга;
5) КБны башкаруу органдарынын кароосуна анын ишмердиги боюнча сунуштарды киргизүүгө.
5.2. КБнын мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) ушул Уставды сактоого;
2) КБнын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда аныкталган өлчөмдө жана тартипте мүчөлүк акыларды төлөөгө;
3) КБнын мыйзамдуу кызыкчылыктарына моралдык жана материалдык зыян келтириши мүмкүн болгон (укукка жат) аракеттерди жасабоого.
5.3. КБнын мүчөлүгүнөн чыгаруу аны башкаруунун жогорку органы - КБ мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда төмөнкү учурларда жүргүзүлүшү мүмкүн:
1) ушул Уставдын жоболорун орой бузганда же сактабаганда;
2) мүчөлүк акыларды төлөөдөн системдүү түрдө баш тартканда;
3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартылуучу укук бузуулар жасалганда;
4) өз каалоосу боюнча.
5.4. КБнын жумушчуларына эмгек мамилелери боюнча эмгек жөнүндө мыйзамдын ченемдери, эмгек келишиминин шарттары, ошондой эле социалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдардын ченемдери жайылтылат.

## VI. БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ[12]

6.1. КБны башкаруунун жогорку органы анын бардык мүчөлөрүнөн турган Жалпы чогулуш болуп саналат. Эгерде чечимди кабыл алууда анын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси катышса, ал эми коомдук бирикмеде 100дөн көп мүчөсү болгондо - 25тен кем эмес мүчөсү катышса, жалпы чогулуштун кворуму болот.

6.2 Төмөнкү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу Жалпы чогулуштун гана компетенциясына кирет:

1) уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү;

2) коомдук бирикменин ишинин артыкчылык берилген багытын аныктоо, анын мүлкүн пайдалануунун тартиби;

3) коомдук бирикмеге мүчөлүккө кабыл алуу жана андан чыгаруу;

4) КБнын аткаруу жана көзөмөлдөө органдарына - Башкармалыкка жана Текшерүү комиссиясына мүчөлөрдү шайлоо жана бошотуу;

5) ишмердүүлүк жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;

6) мүчөлүк акылардын өлчөмдөрүн жана төлөө тартибин аныктоо;

7) өкүлчүлүктөрдү жана филиалдарды түзүү жөнүндө чечим;

8) ишке башка юридикалык жактардын катышуусу;

9) КБны кайра уюштуруу жана жоюу.

6.3. КБнын жалпы чогулушу анын ишмердигинин бардык маселелери боюнча чечим кабыл алууга укуктуу.
6.4. КБнын жалпы чогулушу зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес чакырылуучу отурумунда маселелерди чечет. КБнын жалпы чогулушу мүчөлөрдү жазуу жүзүндө сурамжылоо аркылуу да чечимдерди кабыл алышы мүмкүн.
6.5. Жалпы чогулуштун кезексиз отуруму төмөнкү учурларда чакырылышы мүмкүн:

[12] Бул бөлүмдө КБны башкаруунун болжолдуу тартиби келтирилди. КБны түзүүнүн демилгечилери өзүлөрүнүн каалоолору боюнча башкаруунун башка (болжолдуудан айырмаланган) түрүн тандап алса болот.

1) КБнын Башкармалыгынын төрагасынын жеке демилгеси боюнча;
2) Башкармалыктын чечими боюнча;
3) Бирикмеликтин мүчөлөрүнүн демилгеси боюнча (20%дан кем эмес);
4) Бирикменин текшерүү комиссиясынын демилгеси боюнча.

6.6. КБнын жалпы чогулушунун чечими чогулушка катышкан КБ мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

6.7. КБнын жалпы чогулушунун чечими анын бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү.

6.8. КБнын жалпы чогулушунун отурумдарынын ортосундагы аралыкта КБнын ишмердигине жетекчилик жүргүзүүчү аткаруучу орган Башкармалыгы болуп саналат.

6.9. Башкармалык КБнын жалпы чогулушунда анын мүчөлөрүнүн катарынан 3 адамдан турган курамда 2 жылдык мөөнөткө шайланат жана Төрага тарабынан башкарылат.

6.10. КБнын башкармалыгынын отуруму Төрага тарабынан зарылдыгына жараша, бирок эки айда бир жолудан кем эмес чакырылат.

6.11.Башкармалыктын отуруму, эгер анда Башкармалыктын экиден кем эмес мүчөсү катышса, укуктуу болуп саналат.

6.12. КБнын башкармалыгы:

1) КБнын ишмердигинин учурдагы жана келечектеги пландарын иштеп чыгат;

2) Жалпы чогулуштун кароосуна КБнын уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча сунуштарды киргизет;

3) КБнын ишмердигинин ички регламентин иштеп чыгат, андан ары Жалпы чогулуштун бекитүүсүнө коет.

4) кызыкчылыктардын чыр-чатагы болушу мүмкүн болгон бүтүмдөрдү бекитет;

5) өзүнүн ишмердиги жөнүндө Жалпы чогулушта отчет берет.

6.13. Башкармалык чечимдерди ага катышкан Башкармалыктын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

6.14. Башкармалыктын мүчөлөрү эгер алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга каршы келген аракеттерди жасашса, КБнын Жалпы чогулушунун чечими боюнча мөөнөтүнөн мурда чакыртылып алынышы мүмкүн, соңунда Башкармалыктын жаңы мүчөлөрү шайланат.

6.15. Башкармалыктын төрагасы КБнын Жалпы чогулушу тарабынан Башкармалыктын мүчөлөрүнүн ичинен 2 жылдык мөөнөткө шайланат.

6.16. КБнын Башкармалыгынын төрагасы өз ишмердүүлүгүндө КБнын Жалпы чогулушуна баш ийет.

6.17. КБнын Башкармалыгынын төрагасы:

1) Башкармалыктын кароосуна киргизилчү маселелерди аныктайт, Башкармалыктын отурумун чакырат жана аны алып барат;

2) Ишеним катсыз эле КБнын атынан чыгып сүйлөйт, бардык уюмдарда анын атынан чыгат, анын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсеп-кысаптарды жана башка эсептерди ачат;

3) КБнын миссиясын, максаттарын жана өнүгүү стратегиясын иштеп чыгат;

4) КБда бухгалтердик, статистикалык жана башка эсептерди уюштурат;

5) Өзүнүн компетенциясынын чегинде КБ боюнча буйруктарды чыгарат, эмгек мыйзамдарына ылайык контракттарды түзөт, КБга кызматкерлерди кабыл алат жана бошотот, аларга кызматтык маяналарды белгилейт;

6) Кыматкерлердин, анын ичинде КБнын бардык бөлүктөрүнүн жетекчилеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;

7) КБнын түзүмдүк бөлүктөрү жөнүндө жоболорду бекитет;

8) Жалпы чогулуштун чечимдерин турмушка ашырат, КБнын ишмердигинде мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздайт;

9) КБнын эл аралык байланыштар боюнча ишин жетектейт;

10) Эмгек тартибин бузган үчүн КБнын кызматкерлерине тартиптик жазаларды берет;

11) Өзүнүн ишмердиги жөнүндө Жалпы чогулуштун алдында жылына бир жолудан кем эмес отчет берет;

12) КБнын жумушчулары үчүн ички тартиптин эрежелерин бекитет;

13) Кол алдындагы кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө чечим кабыл алат;

14) КБнын Жалпы чогулушунун жана Башкармалыгынын компетенциясына кирбеген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

6.18. Текшерүү комиссиясы – КБнын Башкармалыгынын жана Башкармалыктын Төрагасынын каржылык–чарбалык ишмердигине көзөмөл жүргүзүүчү орган.

6.19. Текшерүү комссиясы КБнын жылдык отчету жана балансы боюнча корутунду түзөт жана аны КБнын Жалпы чогулушунун кароосуна берет.

6.20. Текшерүү комиссиясы КБнын Жалпы чогулушунда КБнын мүчөлөрүнүн ичинен саны 3 адамдан 2 жылдык мөөнөткө шайланат.

6.21. Текшерүү комиссиясынын курамына КБнын аткаруу органдарынын мүчөлөрү (б.а. Башкармалыктын мүчөлөрү жана Башкармалыктын Төрагасы), ошондой эле КБда эмгек келишими боюнча иштеген адамдар кире албайт.

6.22. Башкармалыктын Төрагасы, КБнын кызматтарынын жана бөлүктөрүнүн жетекчилери текшерүү комиссиясынын карамагына ревизияларды жана текшерүүлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдарды жана документтерди берүүгө жана аларды жүргүзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу үчүн милдеттүү.

## VII. МҮЛК ЖАНА КАРЖЫЛЫК КАРАЖАТТАР

7.1. КБнын мүлкүн: КБнын бухгалтердик балансында чагылдырылган негизги фондулар, жүгүртүлүүчү каражаттар, ошондой эле башка каржылык каражаттар түзөт.

7.2. КБнын мүлкү жана каржылык каражаттары төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

1) КБнын мүчөлөрүнүн мүчөлүк акыларынан;

2) Кайтарымсыз жана кайрымдуулук мүчөлүк акылардан, Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет мамлекеттердин жарандарынын жана юридикалык жактарынын чегерүүлөрүнөн;

3) КБнын өндүрүштүк, чарбалык ишмердигинин кирешелеринен;

4) Лекцияларды жана башка иш чараларды өткөрүүдөн келип түшүүлөрдөн;

5) Насыя каражаттардан (кредиттер, анын ичинде чет өлкөлүк да);

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган башка каражаттардан.

7.3. КБнын каражаттары төмөнкүлөргө жумшалат:

1) КБнын уставдык максаттарына жетүү үчүн;

2) КБнын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө үчүн;

3) Кайрымдуулук максаттарына;

4) КБнын ишмердиги үчүн зарыл болгон мүлктөрдү сатып алуу үчүн;

5) КБны социалдык өнүктүрүү үчүн;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген, КБнын ишмердиги үчүн зарыл болгон башка чыгымдарга.

## VIII. ИШМЕРДИКТИ ТОКТОТУУНУН ТАРТИБИ

8.1. КБнын ишмердиги кайра уюштуруу жана жоюу түрүндө токтотулушу мүмкүн.
8.2. КБны кайра уюштуруу Жалпы чогулуштун чечими боюнча жүзөгө ашырылат жана КБга таандык болгон укуктарды  жана милдеттерди укук улантуучуга өткөрүлүүсүнө алып келет.
8.3. КБны жоюу:

- КБнын Жалпы чогулушунун чечими боюнча;
- Соттун чечими боюнча;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

8.4. КБны кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына  ылайык жүргүзүлөт.
8.5. КБны жоюуда ага убактылуу пайдаланууга берилген мүлк ээсине кайтарылып берилет, ал эми акча каражаттары, анын ичинде калган мүлктү сатуудан түшкөн каражаттар да, милдеттүү төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин кредиторлор менен эсептешкенден кийин анын мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлбөйт, ушул Уставда каралган максаттар үчүн жумшалат.
8.6. КБнын бардык документтери (башкаруучулук, каржылык-чарбалык, өздүк курам боюнча ж.б.) анын ишмердиги токтотулгандан кийин белгиленген тартипте укук улантуучу укуктук  уюмга берилет, ал жок болгондо архивге мамлекеттик сактоого өткөрүлөт, КБнын ишмердигинин процессинде пайда болгон документтер «Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду жөнүндө» Мыйзамына ылайык сакталат.

КБнын Башкармалыгынын Төрагасы _________________

**«Х» коомдук бирикмесин уюштуруучу – жарандардын**
**ТИЗМЕСИ[13]**

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Үйүнүн дареги, Телефону | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Кыргыз Республикасы, | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |

«Х» коомдук бирикмесинин

Башкармалыгынын төрагасы

______________________

«____» __________ 201 ____ жыл.

[13] Уюштуруучу жарандардын колдору нотариалдык күбөлөндүрүлүшү керек.

**«Х» коомдук бирикмесинин жетекчи органынын мүчөлөрүнүн ТИЗМЕСИ**

**БАШКАРМАЛЫК**

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайлануучу кызмат орду | Үйүнүн дареги, телефону |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Башкармалыктын төрагасы | |
| 2 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |
| 3 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |

**ТЕКШЕРҮҮ КОМИССИЯСЫ**

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайлануучу кызмат орду | Үйүнүн дареги, телефону |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Текшерүү комиссиясынын төрагасы | |
| 2 | | | Текшерүү комиссиянын мүчөсү | |
| 3 | | | Текшерүү комиссиянын мүчөсү | |

«Х» Коомдук бирикмесинин
Башкармалыгынын төрагасы
______________________________

«____»_________ 201___ жыл

**«Х» КБнын уюштуруу чогулушунун**
**№ 1 ПРОТОКОЛУ**

«_____» ____________ 201 ___ жыл                                        Бишкек ш.

Катышышты:

1) Фамилиясы, аты, атасынын аты, дареги:
2)
3)
4)
5)
6)

Төрагалык кылуучу ________________, катчы _________________.

Бир добуштан төмөнкү күн тартиби бекитилди:

1) «Х» Коомдук бирикмесин түзүү;
2) «Х» Коомдук бирикмесинин Уставын бекитүү;
3) «Х» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгын жана Башкармалыктын төрагасын шайлоо;
4) «Х» коомдук бирикмесинин Текшерүү комиссиясын шайлоо.

Биринчи жана экинчи маселе боюнча __________________ чыгып сүйлөдү, ал «Х» Коомдук бирикмесин түзүүнү сунуштады жана жыйындын күн тартибине «Х» Коомдук бирикмесинин Уставынын долбоорун сунуштады.

Үчүнчү жана төртүнчү маселелер боюнча _____________________ чыгып сүйлөдү. Ал сунуштады:

1) «Х» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгын 3 кишиден, төмөнкү курамда шайлоо:

   ________________ - Башкармалыктын төрагасы,
   ________________ - Башкармалыктын мүчөсү,
   ________________ - Башкармалыктын мүчөсү;

2) «Х» Коомдук бирикмесинин Текшерүү комиссиясын 3 кишиден, төмөнкү курамда шайлоо:

   ______________ - Төрага,
   ______________ - Комиссия мүчөсү,
   ______________ - Комиссия мүчөсү.

**Чогулуш токтом кылат:**

1) «Х» Коомдук бирикмеси түзүлсүн;
2) «Х» Коомдук бирикмесинин Уставы бекитилсин;
3) «Х» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгы 3 кишиден төмөнкү курамда шайлансын:

_______________ - Башкармалыктын Төрагасы,
_______________ - Башкармалыктын мүчөсү,
_______________ - Башкармалыктын мүчөсү;

4) «Х» Коомдук бирикмесинин Текшерүү комиссиясы 3 кишиден төмөнкү курамда шайлансын:

_____________ - Төрагасы,
_____________ - Комиссия мүчөсү,
_____________ - Комиссия мүчөсү.

5) «Х» Коомдук бирикмесин каттатуу ________________________________________________________________ _________________ тапшырылсын.

Ушул протоколдо көрсөтүлгөн, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн документтерде көрсөтүлгөн маалыматтар туура, Коомдук бирикмени түзүү маселеси тийиштүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан макулдашылганын тастыктайбыз.

Чогулуштун төрагасы[14] ______________ _________________

Чогулуштун катчысы ______________ _________________

[14] Чогулуштун төрагасынын жана катчысынын колдору нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүшү керек.

Уюштуруучулардын
«____» ______ 201__ -ж.
чечими менен
**«Бекитилген»**

**«Х ФОНДУ»**

**КООМДУК ФОНДУНУН**

# УСТАВЫ

**БИШКЕК - 201 __-ж.**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Х фонду» Коомдук фонду (мындан ары «Фонд») Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык түзүлгөн.
1.2. Фонд социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүүчүлүк жана башка коомдук-пайдалуу максаттарды көздөгөн, мамлекеттик эмес мүлктүк жана мүлктүк эмес ыктыярдуу мүчөлүк акылардын негизинде юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет.
1.3. Фонддун уюштуруучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын жараны Каримов Анвар Асанович, (дареги: __________________________________________);
- Кыргыз Республикасынын жараны Сидоров Петр Иванович, (дареги: __________________________________________).

## II. АТАЛЫШЫ, ЖАЙГАШКАН ЖЕРИ ЖАНА РАСМИЙ ТИЛИ

2.1. Фонддун толук аталышы:

- орус тилинде: Общественный фонд «Фонд Х»;
- кыргыз тилинде: «Х фонду» коомдук фонду;
- англист илинде: Public Foundation «X Foundation»;

2.2. Кыскача аталыш: «Y фонду».
2.3. Фонддун турган жери: 7200__, Кыргыз Республикасы, ____________________ _____________. Фонд турган жер Фонддун аткаруу органынын чечими менен өзгөрүшү мүмкүн, мындай учурда каттоо органдарына билдирилип коюлушу керек.
2.4. Фонддун ишмердиги Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жана анын чегинен тыш жерлерде жайылтылат.
2.5. Фонддун жумушчу тилдери болуп кыргыз, орус жана англис тилдери саналат.

## III. ЮРИДИКАЛЫК СТАТУСУ

3.1. Фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык юридикалык жак болуп саналат. Белгиленген тартипте каттоодон өткөн учурдан тартып, юридикалык жактын укуктарына жана милдеттерине ээ болот. Юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин Фонд төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

- чет өлкөлөрдүн жана республиканын банк мекемелеринде эсептерин (анын ичинде валюталык) ачууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган ишканаларды, мекемелерди жана башка уюмдарды түзүүгө;
- филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн ачууга;
- өзүнүн максаттары жана милдеттери жөнүндө маалыматтарды эркин таратууга;
- өз менчигине ээ болууга, пайдаланууга жана тескөөгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган каалаган келишимдерди түзүүгө;
- сотто өзүнүн атынан чыгып сүйлөөгө;
- уюштуруучулук-укуктук формаларына ылайык мыйзам тарабынан белгиленген ушул сыяктуу уюмдардын башка укуктарына жана милдеттерине ээ болууга.

3.2. Фонддун өзүнүн аталышы менен кыргыз, орус жана англис тилдериндеги мөөрү, фирмалык белгиси жана символикасы болот.
3.3. Фонд алынган кирешени уюштуруучулар менен кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрбөй туруп, чарбачылык иштери, анын ичинде өндүрүштүк ишмердик менен алектенүү укугуна ээ. Мындай ишмердик өзүнө товарларды өндүрүүнү жана сатууну, акы алуу менен кызматтарды көрсөтүүнү, иштерди аткарууну жана ишкердик ишмердиктин башка түрлөрүн камтышы мүмкүн. Ишкердик ишмердиктен алынган киреше Фондду түзүүдө коюлган максаттарга жетүү үчүн жумшалат.
3.4. Фонд Кредиттик агенттиктерди түзүү укугуна ээ.
3.5. Фонд өзүнүн милдеттенмелери боюнча ага таандык болгон бардык мүлккө жоопкерчиликте болот. Фонддун уюштуруучулары өздөрү түзгөн Фонддун милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт, ал эми Фонд өз уюштуруучуларынын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.
3.6. Фонд эл аралык ассоциацияларга кирүүгө, эл аралык түз байланыштарда болууга, тиешелүү келишимдерди түзүүгө укуктуу.

## IV. ФОНДДУН ФИЛИАЛДАРЫ [15]

4.1. Фонддун Казак Республикасында (Алматы ш.) жана Тажик Республикасында (Дүйшөмбү ш.) өз филиалдары бар.
4.2. Фонддун филиалы болуп, анын турган жеринен сырткары жайгашкан жана анын ишинин бардыгын же бөлүгүн, анын ичинде өкүлчүлүктүн функцияларын жүзөгө ашырган анын обочолонгон бөлүмү эсептелет.
4.3. Фонддун филиалдары юридикалык жак болуп саналышпайт.
4.4. Фонд өзүнүн филиалдарына тиешелүү мүлктөрдү бөлүп берет.
4.5. Фонддун филиалдары аларга бекитилген жоболордун негизинде иш алып барат.
4.6. Филиалдардын жетекчилери Фонд тарабынан дайындалышат жана анын ишеним кагазынын негизинде иштешет.

## V. ТҮЗҮҮ МАКСАТТАРЫ ЖАНА ИШМЕРДИГИНИН ТҮРЛӨРҮ [16]

5.1. Фондду түзүүнүн негизги максаттары:
- Борбордук Азиянын тоолуу аймактарынын туруктуу өнүгүшүнө кол кабыш кылуу жана ошону менен бирге ошол жерде жашап жатышкан калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга салым кошуу;
- тоолуу айылдардагы калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга, тоолуу айылдарды өнүктүрүүгө багытталган тоолуу айылдардагы элдин демилгесине жана ишмердигине каржылык, кеңеш берүүчүлүк, уюштуруучулук жана башка жактан колдоо көрсөтүү.

[15] Бул бөлүм каттоодон өткөн фонддун филиалдары болгон учурларда гана зарыл болот. Эгер каттоодон өткөн фонддун филиалдары болбосо, анда бул бөлүмдү уставдан алып салуу керек да, тиешелүү түрдө бөлүмдөрдүн жана пункттардын номерленишин өзгөртүү керек.

[16] Бул бөлүмдө түзүү максаттары жана ишмердиктин түрлөрү болжолдуу көрсөтүлгөн. Ар бир фонддун өзүнүн түзүү максаттары бар жана өзүнүн максаттарына жетүү үчүн ишмердигинин түрлөрүн өздөрү аныктайт. Буга байланыштуу устав иштелип чыгып жатканда, бул бөлүмдө түзүлүп жаткан фонддун максаттары так көрсөтүлүп, анын ишмердигинин түрлөрүн аныктоо зарыл.

5.2. Өзүнүн максаттарына жетүү үчүн Фонд төмөндөгүдөй ишмердиктин негизги түрлөрүн жүзөгө ашырууга укуктуу:

5.2.1. Тоолуу айылдарды өнүктүрүү долбоорун каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле анын чегинен тыш жерлерде да донордук уюмдарды издөөнү жүзөгө ашыруу;

5.2.2. Тоолуу айылдарды өнүктүрүү долбоорлорун түздөн-түз каржылоодо жана конкурстарды уюштурууда донордук уюмдарга көмөк көрсөтүү.

5.2.3. Тоолуу айылдардын өкүлдөрүнө, анын ичинде жамааттарга алардын конкурстарга ийгиликтүү катышуулары үчүн долбоордук сунуштарды, гранттык билдирмелерди жана башка документтерди иштеп чыгууда жана жол-жоболоштурууда, ошондой эле донордук уюмдарды издөөдө жана алардын ортосундагы кызматташтыкты жөнгө салууда жардам берүү.

5.2.4. Гранттык программаларды иш жүзүнө ашыруу үчүн эрежелерди, критерийлерди жана жол-жоболорду иштеп чыгуу;

5.2.5. Тоолуу жамааттарга өзгөчө көңүл буруу аркылуу тоолуу айылдардын калкынан долбоордук сунуштарды чогултуу;

5.2.6. Долбоорлорду каржылоого ар кандай билдирмелерди презентациялоо максатында буга кызыкдар болгон жарандар менен гранттык жана кредиттик программалардын өкүлдөрү үчүн форумдарды, тегерек столдорду уюштуруу;

5.2.7. Каржыланган долбоорлорго мониторинг жүргүзүү жана баалоо, каржылык отчетту даярдоодо грант берүүнү колдоо;

5.2.8. Фонддун уюштуруучулук жардамы аркылуу донордук уюм аларды түздөн-түз каржылаган учурлар сыяктуу эле, өзүнүн каражаттарынын эсебинен тоолуу айылдардын долбоорлорунун каржыланышы менен байланышкан ишмердиктин башка түрлөрүн.

5.3. Кыргыз Республикасынын аймагында ишке ашырылуу үчүн атайын уруксат (лицензия) алуу талап кылынган ишмердиктин түрлөрүн Фонд белгиленген мыйзам тартибинде тиешелүү лицензияларды алгандан кийин жүзөгө ашырууга укуктуу.

## VI. ФОНДДУН МҮЛКҮ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

6.1. Фонддун мүлкү жана каражаттары төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

1) Уюштуруучулардын жана Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин жарандарынын жана башка юридикалык жактарынын ыктыярдуу мүчөлүк акыларынан жана чегерүүлөрүнөн;
2) Фонддун жана анын түзгөн ишканаларынын жана түзүмдөрүнүн өндүрүштүк, чарбачылык жана башка ишмердигинен түшкөн кирешелерден;
3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган башка ишмердиктин жана түшкөн акчалардын кирешелеринин эсебинен.

6.2. Фонддун Уюштуруучулары тарабынан Фондго берилген мүлкү жана каражаттары Фонддун менчиги болуп калат.

6.3. Фонд өзүнүн имаратына, үйлөрүнө, курулуштарына, турак-жай фонддоруна, жабдууларына, инвентарларына, баалуу кагаздарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган жана республиканын мыйзамдары тарабынан жарандык жүгүртүүдөн алынып салынбаган каалаган башка мүлккө ээ болууга укуктуу.

## VII. ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИ

7.1. Ишке тартылган жумушчулар жана кызматкерлер менен эмгек мамилелери Фонд тарабынан түзүлгөн эмгек келишимдеринин негизинде жүзөгө ашырылат.
7.2. Эмгек келишимдери боюнча ишке тартылган жумушчуларга Фонд Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан кепилденген эң төмөнкү айлык акыны, жумуш убактысынын белгиленген узактыгын, эс алуусун жана ден соолугунун корголушун кепилдейт. Жумуш күнүнүн режими, кызыктырып дем берүү чаралары жана дисциплинардык жоопкерчилиги Ички тартип эрежелери менен жөнгө салынат.

## VIII. БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ [17]

8.1.Фонддун башкаруу органдары:
- Байкоочу Кеңеш;
- Башкармалык.

8.2. Фонддун жогорку башкаруу органы болуп Байкоочу Кеңеши эсептелет. Байкоочу кеңешинин Төрагасы жана биринчи мүчөлөрү Фонддун Уюштуруучулары тарабынан дайындалышат, ошону менен бирге Фонддун ар бир Уюштуруучусу Байкоо Кеңешине экиден мүчө дайындайт. Эгер отурумга анын 50%дан ашык мүчөлөрү катышса, Байкоочу Кеңеш кворумга ээ болот.
8.3. Байкоочу кеңештин мүчөсү кандайдыр бир себептер менен (өз каалоосу боюнча, ден соолугунун абалы боюнча милдеттерин аткарууга мүмкүн болбогондугуна байланыштуу) анын курамынан чыккан учурда Байкоочу кеңештин калган мүчөлөрү өздөрүнүн кезектеги жыйынында чыгып кеткендин ордуна Байкоочу Кеңештин жаңы мүчөсүн шайлоого милдеттүү.
8.4. Байкоочу Кеңештин өзгөчө компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
1) бардык стратегиялык маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу;
2) Фонддун саясатын жана ишмердигинин багыттарын аныктоо жана ишмердигин көзөмөлдөө;
3) Фонддун уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
4) Фонддун ишмердигинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;
5) аткаруу органынын концептуалдык чечимдерин жактыруу;
6) Фонддун Төрагасын жана Башкармалыктын мүчөлөрүн кызматка шайлоо жана кызмат ордунан бошотуу;
7) Фонддун Төрагасын жана Башкармалыктын мүчөлөрүнүн кызмат акыларынын өлчөмүн аныктоо;
8) _______________ сомдон жогору суммадагы келишимди, ошондой эле кызыкчылыктардын чыр-чатагы божомолдонгон келишимди түзүү жөнүндө аткаруу органынын чечимдерин бекитүү;
9) Фонддун ишмердиги жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
10) Фонддун филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн түзүү жана жабуу, алар жөнүндө жоболорду бекитүү;
11) башка юридикалык жактардын ишмердигине катышуу;
12) Фондду кайтадан түзүү жана жоюу.

[17] Бул бөлүмдө Фондду башкаруунун болжолдуу тартиби келтирилген. Фонддун Уюштуруучулары, өздөрүнүн каалоосу боюнча, башкаруунун бөлөк тартибин (болжолдуудан айырмаланган) тандап ала алышат.

8.5. Фонддун Байкоочу Кеңеши маселелерди зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлүүчү отурумдарында чечишет.

8.6. Фонддун Байкоочу Кеңешинин кезексиз отурумдары:

1) Фонддун Башкармалыгынын Төрагасы;
2) Фонддун Байкоочу Кеңешинин каалаган мүчөсүнүн демилгеси боюнча чакырылышы мүмкүн.

8.7. Фонддун Байкоочу Кеңешинин чечими отурумга катышкандардын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат. Фонддун уюштуруучуларынын Байкоочу Кеңештин чечимине вето коюуга («тыюу салууга») укугу жок.

8.8. Фонддун Башкармалыгы анын ишмердигине жетекчилик кылууну жүзөгө ашырган Фонддун аткаруу органы болуп саналат. Фонддун Башкармалыгы үч кишиден: Фонддун Байкоочу Кеңеши тарабынан шайланышкан Төрагадан жана Башкармалыктын эки мүчөсүнөн турат.

8.9. Фонддун Башкармалыгы:

1) Фондду өнүктүрүүнүн миссиясын жана стратегиясын иштеп чыгат жана Байкоочу Кеңешке бекитүү үчүн жана көрсөтөт;
2) Фондду өнүктүрүүнүн учурдагы жана келечектеги пландарын иштеп чыгат;
3) Фонддун Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды Фонддун Байкоочу Кеңешинин кароосуна киргизет;
4) жумушчулардын, анын ичинде Фонддун бардык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;
5) Фонддун түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;
6) Фонддун Байкоочу Кеңешинин алдында өзүнүн ишмердиги жөнүндө отчет берет.

8.10. Эгер Башкармалыктын бардык мүчөлөрү «макул» деген добуштарын беришсе, Башкармалыктын чечими кабыл алынды деп эсептелет.

8.11. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга каршы келген аракеттер жасалган учурда Байкоочу Кеңештин чечими боюнча Башкармалыктын мүчөлөрү мөөнөтүнөн мурда чакыртылышы мүмкүн жана Башкармалыктын кийинки жаңы мүчөлөрү шайланат.

8.12. Фонддун Башкармалыгынын Төрагасы:

1) бардык мекемелерде Фонддун ишеним кагазы жок эле өкүлү боло алат;
2) Фонддун ишмердигинин ички регламентин иштеп чыгат жана соңунда ал Фонддун Байкоочу Кеңешинин отурумунда бекитилет;
3) анын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним кагаздарын берет, банктарда эсеп-кысап жана башка эсептерин ачат;
4) Фонддо бухгалтердик, статистикалык жана бөлөк эсептерди уюштурат;
5) өзүнүн компетенциясынын алкагында Фонд боюнча буйруктарды чыгарат, эмгек мыйзамдарына ылайык келишимдерди түзөт, Фонддун жумушчуларын кызматка алат жана кызматтан бошотот, алардын кызмат акыларын аныктайт.
6) Фонддун Байкоочу Кеңешинин чечимдерин аткарат, Фонддун ишмердигинде мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздайт;
7) эмгек тартибин бузгандыктары үчүн Фонддун жумушчуларына тартиптик жазаларды берет.
8) өзүнүн ишмердиги жөнүндө Байкоочу Кеңештин алдында бир жылда бир жолудан кем эмес отчет берип турат;
9) Фонддун кызматкерлери үчүн ички тартип эрежелерин иштеп чыгат жана бекитет;
10) карамагындагы жумушчуларды сыйлоо жөнүндө чечимдерди кабыл алат;
11) Фонддун Башкармалыгынын жана Байкоочу Кеңешинин компетенциясына кирбеген бөлөк ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

8.13. Фонддун каржылык жана материалдык абалына туудурган кандай коркунуч болбосун же ушундай коркунучту жарата турган башка жагдайлар жөнүндө Фонддун Башкармалыгынын Төрагасы Фонддун Байкоочу Кеңешине токтоосуз билдирүүгө тийиш.

## IX. АУДИТОРДУК ТЕКШЕРҮҮ

9.1. Фонддун Байкоочу Кеңеши жыл сайын жыл жыйынтыгы боюнча өтө турган отчеттук жыйынга бир ай убакыт калганда, анын уставдык ишмердигине ылайык, Фонддун бухгалтердик документациясына, каржылык отчетторуна жана Фонддун башка ишмердиктерине көз каранды эмес аудитордук текшерүүнү дайындайт.

9.2. Башкармалыктын Төрагасы жана Фонддун бөлөк кызмат адамдары дайындалган аудиторлорго көмөк көрсөтүүгө жана аларга аудитордук текшерүү үчүн бардык зарыл документтерди көрсөтүүгө жана аудиторлордо суроолор жаралып калса аларга түшүндүрмө берүүгө милдеттүү.

## X. ИШМЕРДИКТИ ТОКТОТУУ ТАРТИБИ

10.1. Фонддун жоюлушу жөнүндө чечимди кызыкдар болгон тараптардын арызы боюнча сот гана кабыл ала алат.

10.2. Фонд төмөнкү учурларда жоюлушу мүмкүн:

1) эгер фонддун мүлкү анын максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн жетишсиз болсо жана зарыл болгон мүлктү алуунун ыктымалдыгы реалдуу эмес болсо;
2) эгер фонддун максаттарына жетүүгө мүмкүн болбосо, ал эми фонддун максаттарына зарыл өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө мүмкүн болбосо;
3) фонд өзүнүн ишмердигинде уставда каралган максаттардан четтеп кеткен учурда;
4) мыйзамда каралган башка учурларда.

10.3. Жоюлуп жаткан учурда Фондго убактылуу пайдаланууга берилген мүлк ээсине кайтарылып берилет, ал эми анын калган мүлкүн сатуудан түшкөн акчаны кошкондогу акча каражаттары, кредиторлор менен эсептешкенден кийин жана милдеттүү төлөмдөр төлөнгөндөн кийин ушул Уставда көрсөтүлгөн максаттарга багытталат.

10.4. Фонддун бардык документтери (башкаруучулук, каржылык-чарбалык, өздүк курамы боюнча ж.б.) анын ишмердиги токтогондон кийин белгиленген тартипте архивге мамлекеттик сактоого өткөрүлөт. Жоюлуп жатканда, Фонддун ишмердигинин процессинде пайда болгон документтер «Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду жөнүндө» Мыйзамга ылайык сакталып туруу керек.

Фонддун Башкармалыгынын төрагасы ________________________________

**«Х» фондун түзүү жөнүндө**
**ЧЕЧИМ**[18]

«___»_____ 201__-жыл Бишкек ш.

1) Ф.А.А.,
Туулган жылы: «____» ______19 ___ -жыл,
Кыргыз Республикасынын жараны,
паспорт _______________________________,
жашаган жеринин дареги: ______________,
үйүнүн телефону: ___________________.

2) Ф.А.А.,
Туулган жылы: «____» ______19 ___ -жыл,
Кыргыз Республикасынын жараны,
паспорт _______________________________,
жашаган жеринин дареги: ______________,
үйүнүн телефону: ___________________.

**Төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:**

1) _________________ юридикалык дареги менен «Х» Коомдук фонду түзүлсүн;
2) «Х» Коомдук фондунун Уставы бекитилсин;
3) «Х» Коомдук фондуна ______________ жалпы суммасындагы___________ сом төмөнкүдөй тартипте берилсин____________________________________________;
4) «Х» Коомдук Фондунун курамы 3 адамдан турган Байкоочу кеңеши дайындалсын:
   - Төрагасы (Ф.А.А., дареги): ______________________________________________
   - Мүчөсү (Ф.А.А., дареги): ______________________________________________
   - Мүчөсү (Ф.А.А., дареги): ______________________________________________
5) «Х» Коомдук фондунун Башкармалыгы төмөнкүдөй курамда шайлансын:
   – Төрагасы (Ф.А.А., дареги): ______________________________________________
   – Мүчөсү (Ф.А.А., дареги): ______________________________________________
   - Мүчөсү (Ф.А.А., дареги): ______________________________________________
6) «Х» Коомдук фондун каттоодон өткөрүү _____________________________тапшырылсын.

Ушуну менен ушул протоколдо көрсөтүлгөн, ошондой эле мамлекеттик каттоодон өтүү үчүн көрсөтүлгөн документтердеги маалыматтар туура экендигин жана Коомдук фондду түзүү маселеси тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгын тастыктайбыз.

Ф.А.А.______________________________
колу
Ф.А.А.______________________________
колу

[18] Фонддун жеке жактарынын (жарандардын) уюштуруучуларынын колу нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш, ал эми уюштуруучу-уюмдардын жетекчилеринин колу ошол уюмдун мөөрү менен бекитилүүсү мүмкүн.

**«Х» фондунун уюштуруучуларынын**
**ТИЗМЕСИ** [19]

| №№ | Уюштуруучу жарандын Ф.А.А. же уюштуруучу-уюмдун аталышы | Уюштуруучу жарандын туулган жылы же уюштуруучу-уюмдун каттоодон өткөн датасы | Дареги, телефон | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |

«Х» фондунун
Башкармалыгынын төрагасы
______________________

«____» __________ 201 ____-жыл

[19] Уюштуруучу-жарандардын колу нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш, ал эми уюштуруучу-уюмдардын жетекчилеринин колу ошол уюмдун мөөрү менен бекитилүүсү мүмкүн.

**«Х» фондунун жетекчи органдарынын мүчөлөрүнүн**
**ТИЗМЕСИ**

## БАЙКООЧУ КЕҢЕШ

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайланган кызматы | Үй дареги, телефон |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Төрагасы | |
| 2 | | | Мүчөсү | |
| 3 | | | Мүчөсү | |

## БАШКАРМАЛЫК

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайланган кызматы | Үй дареги, телефон |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Башкармалыктын Төрагасы | |
| 2 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |
| 3 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |

«Х» фондунун
Башкармалыгынын төрагасы

«____»_________ 201___-жыл.

«___»______________ 201__ -ж.
Уюштуруучулардын чечими менен
**«Бекитилген»**

**«Х»**

**мекемесинин**

# УСТАВЫ

**Бишкек - 201__**

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Х» мекемеси (мындан ары «Борбор» деп аталат) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасындагы калктын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде түзүлгөн.
1.2. «Борбор» коммерциялык эмес уюм – мекеме формасында түзүлгөн.
1.3. «Борбордун» толук аталышы:

- орус тилинде: Учреждение «Х»;
- кыргыз тилинде: «Х» мекемеси;
- англис тилинде: Institution «Х»;

1.4. Кыскача аталышы: «У».
1.5. «Борбордун» Уюштуруучулары төмөнкүлөр болуп саналат:

а) гр. Иванов Иван Иванович (паспорт № А000 3840, 25.10.1996-жылы берилген, ИИМ 50-03; дареги: 720003, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Совет көчөсү, 27-үй, кв. 6).

б)

1.6. «Борбор» өзүнүн ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын калкынын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Уставды жетекчиликке алат.
1.7. «Борбордун» турган жери: 7200___, Кыргыз Республикасы,_______________, ____________ көчөсү, _____ үй, _____ кв.

# 2. «БОРБОРДУН» ЮРИДИКАЛЫК СТАТУСУ

2.1. «Борбор» анын мамлекеттик каттоодон өткөн учурунан тартып юридикалык жак статусуна ээ болот:

- белгиленген тартипте каттоодон өткөн өзүнүн мөөрү, штампы, эмблемасы, логотиби, өз алдынча балансы, банк жана башка кредиттик мекемелеринде эсеп-кысабы жана башка эсептери, анын ичинде валюталык эсеби болот;
- өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарга жана милдеттерге ээ болот, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

2.2. «Борбор» өзүнүн милдеттенмелери, карамагында болгон акча каражаттары боюнча жооп берет. Алар жетишсиз болгон учурда «Борбордун» милдеттенмелери боюнча субсидиардык жоопкерчилик анын уюштуруучуларынын мойнунда болот.
2.3. «Борбор» алынган кирешени уюштуруучулар менен кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрбөй туруп, чарбачылык иштери, анын ичинде өндүрүштүк ишмердик менен алектенүү укугуна ээ. Мындай ишмердик өзүнө товарларды өндүрүүнү жана сатууну, акы алуу менен кызматтарды көрсөтүүнү, иштерди аткарууну жана ишкердик ишмердиктин башка түрлөрүн камтышы мүмкүн.
2.4. «Борбордун» уюштуруучулары «Борбордун» ишкердик ишмердигинен пайда алуу максатын көздөбөйт. «Борбордун» ишкердик ишмердигинен алынган пайда ушул Уставдын 3.1-пунктунда көрсөтүлгөн «Борборду» түзүү максаттарына багытталат.

## 3. «БОРБОРДУ» ТҮЗҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ИШМЕРДИКТИН ТҮРЛӨРҮ [20]

3.1. «Борборду» түзүүнүн максаттары:

1) ___;
2) ___;
3) фундаменталдык, иликтөөчү жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана өткөрүү;
4) коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү болуп саналат.

3.2. «Борбор» өзүнүн максатына жетүү үчүн төмөнкүдөй ишмердиктин түрлөрүн жүзөгө ашырат:

1) ___;
2) ___;
3) ___;
4) ___;
5) ___;
6) ___;
7) маалыматтык жана маданий – билим берүүчүлүк кампанияларды, акцияларды, фестивалдарды, көргөзмөлөрдү ж.б. өткөрөт;
8) редакциялык – басма ишмердигин жүзөгө ашырат;
9) Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле, анын чегинен тыш жерлерде ассоциацияларды, өкүлчүлүктөрдү, филиалдарды, бирликтерди жана башка бирикмелерди түзөт;
10) өзүнүн уставдык ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн каржылык жана материалдык каражаттардын кошумча булактарын тартат;
11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ишмердиктин башка түрлөрүн жүзөгө ашырат.

3.3. Кыргыз Республикасынын аймагында жүзөгө ашыруу үчүн атайын уруксат (лицензия) алуу талап кылынган ишмердиктин түрлөрүн «Борбор» белгиленген мыйзамдык тартипте тиешелүү лицензияларды алгандан кийин жүзөгө ашырууга укуктуу.

3.4. «Борбордун» ишмердиги адам өмүрү жана саламаттыгы, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгы, жалпы элге түшүнүктүүлүк, демократия жана гуманизм принциптеринен курулат.

## 4. БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ [21]

4.1. «Борбордун» башкаруу органдары болуп:

- Уюштуруучулар жыйыны;
- Башкармалык болуп эсептелет.

4.2.«Борбордун» жогорку башкаруу органы болуп Уюштуруучулар жыйыны эсептелет.

4.3.Уюштуруучулар жыйыны «Борбордун» максаттарын жана милдеттерин ишке ашырууга таандык болгон «Борбордун» ишмердигинин бардык маселелери боюнча чечим кабыл алууга укугу бар.

4.4.Уюштуруучулар жыйынынын өзгөчө компетенцияларына:

1) «Борбордун» Уставына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилиши;

---

[20] Бул бөлүмдө түзүү максаттары жана ишмердиктин түрлөрү болжолдуу көрсөтүлгөн. Ар бир мекеменин өзүнүн түзүү максаттары бар жана өзүнүн максаттарына жетүү үчүн өзүнүн ишмердигинин түрлөрүн аныктайт. Буга байланыштуу устав иштелип чыгып жатканда, бул бөлүмдө түзүлүп жаткан мекеменин максаттары так көрсөтүлүп, анын ишмердигинин түрлөрүн аныктоо зарыл.

[21]Бул бөлүмдө башкаруунун болжолдуу тартиби келтирилген. Мекеменин уюштуруучулары, өздөрүнүн каалоосу боюнча, башкаруунун бөлөк тартибин (болжолдуудан айырмаланган) тандап ала алышат.

2) «Борбордун» өнүктүрүү планынын жана алардын аткарылышы жөнүндө отчеттордун бекитилиши;
3) «Борбордун» Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн кызматка дайындалышы жана кызматтан бошотулушу;
4) «Борбордун» жылдык отчетторунун жана бухгалтердик баланстарынын бекитилиши;
5) «Борбордун» филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн, ишканаларын, мекемелерин, уюмдарын түзүү же жоюу жөнүндө чечимдердин кабыл алынышы;
6) «Борбордун» кайтадан түзүлүшү же жоюлушу жөнүндө чечимдердин кабыл алынышы кирет.

4.5. Эгер уюштуруучулардын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса, Уюштуруучулар жыйыны укуктуу болот.

4.6. «Борбордун» өткөн жылдагы ишмердигинин жыйынтыгын чыгаруу үчүн ар жылдын 1-апрелине чейин Уюштуруучулар жыйынынын кезексиз отурумдары өткөрүлүп турат.

4.7. Уюштуруучулар жыйынынын кезексиз отурумдары уюштуруучулардын кимиси болбосун бирөөсүнүн талабы боюнча кайсы убакта болбосун чакырылышы мүмкүн.

4.8. «Борбордун» ар бир уюштуруучусу Уюштуруучулар жыйынында бир добушка ээ.

4.9. Уюштуруучулар жыйынынын чечимдери уюштуруучулардын жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

4.10. Уюштуруучулар жыйынынын чакырылышы жөнүндө уюштуруучулар Башкармалыктын Төрагасы тарабынан 10 күн мурун жазуу түрүндө эскертилет.

4.11. Уюштуруучулар жыйынынын чечимдери протоколдор менен жол-жоболоштурулат. Уюштуруучулар жыйынынын отурумдарында Башкармалыктын Төрагасы же Уюштуруучулар жыйынынын тандоосу боюнча уюштуруучулардын бирөөсү төрагалык кылат.

4.12. Уюштуруучулар жыйынынын отурумдарын өткөрүүгө даярдыктын көрүлүшү, ошондой эле протоколдордун жүргүзүлүшү жана сакталышы Башкармалыктын Төрагасы тарабынан камсыздалат.

4.13. Уюштуруучулар жыйыны кабыл алган чечимдер бардык уюштуруучулар үчүн, анда катышкандары жана катышпагандары үчүн да милдеттүү болот.

4.14. «Борбордун» ишмердигинин түздөн-түз уюштуруучусу болгон «Борбордун» Башкармалыгы аткаруу органы болуп эсептелет.

4.15. «Борбордун» Башкармалыгы 3 адамдан туруп, курамында Башкармалыктын Төрагасы менен анын эки орун басары болот.

4.16. «Борбордун» Башкармалыгы Уюштуруучулар жыйыны тарабынан эки жылдык мөөнөткө шайланат.

4.17. Башкармалыктын чечимдери коллегиялык түрдө кабыл алынат жана буйруктар жана башка локалдык актылар менен жол-жоболоштурулат.

4.18. Башкармалык кызыкчылыктардын чыр-чатактары божомолдонгон келишимдерди бекитет.

4.19. «Борбордун» Башкармалыгынын Төрагасы:
1) «Борбордун» атынан ишеним кагазы жок иштейт, анын бардык мекемелерде өкүлү болот, анын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним кагаздарын берет, «Борбордун» атынан бардык документтерге кол коет, банктарда эсеп-кысап жана башка эсептерин ачат.
2) эмгек мыйзамдарына ылайык келишимдерди түзөт, «Борбордун» жумушчуларын кызматка алат жана бошотот, алардын кызмат акыларын жана кошумча төлөнүүчү акыларын аныктайт.
3) «Борбордун» жумушчуларынын кызматтык милдеттерин аныктайт.
4) «Борбордун» түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет.
5) «Борбордо» бухгалтердик, статистикалык жана башка эсептерди уюштурат;
6) өзүнүн компетенциясынын алкагында «Борбор» боюнча буйруктарды чыгарат;
7) Уюштуруучулар жыйынынын чечимдерин ишке ашырат, «Борбордун» ишмердигинде мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздайт;

8) «Борбордун» штаттык расписаниесин жана «Борбордун» чыгымдарынын сметасын бекитет;
9) «Борбордун» эл аралык байланыштары боюнча иштерин жетектейт;
10) эмгек тартибин бузгандыктары үчүн «Борбордун» жумушчуларына тартиптик жазаларды берет;
11) «Борбордун» Ички тартип эрежелерин бекитет;
12) материалдардын жана илимий эмгектердин басылып чыгышын камсыздайт;
13) «Борбордун» атынан доо арыздарын берүү жөнүндө чечим кабыл алат;
14) Уюштуруучулар жыйынынын компетенциясына кирбеген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 5. «БОРБОР» МЕНЕН УЮШТУРУУЧУЛАР ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР

5.1. «Борбордун» ар бир уюштуруучусунун төмөнкүдөй укуктары бар:
- ушул Уставда көрсөтүлгөн тартипте «Борборду» башкарууга катышууга;
- «Борбордун» ишмердигине жана анын мүлктөрүнүн абалына тиешелүү болгон маалыматтарды алууга;
- «Борбордун» ишмердигине тиешелүү болгон маселелер боюнча Уюштуруучулар жыйынынын кароосуна сунуштарды киргизүүгө;
- бул жөнүндө эки ай мурун жазуу түрүндө «Борбордун» Башкармалыгынын Төрагасы аркылуу Уюштуруучулар жыйынына эскертүү менен уюштуруучулардын катарынан чыгууга;

5.2. Ар бир уюштуруучу төмөнкүлөргө милдеттүү:
- анын милдеттерин жана иштерин жүзөгө ашырууга «Борборго» көмөк көрсөтүүгө;
- «Борборду» башкарууга катышууга.

5.3. Чыгып жаткан уюштуруучу тарабынан «Борборго» убактылуу колдонуп турууга берилген мүлк, бир айдын ичинде ага кайтарылып берилет, ал эми калган мүлк кайтарылып берилбейт.

5.4. Уюштуруучулардын «Борбордун» ишмердигине катышуу тартиби Уюштуруучулар жыйыны тарабынан аныкталат.

## 6. «БОРБОРДУН» МҮЛКҮ

6.1. «Борбордун» мүлкү негизги фонддон жана жүгүртүлүүчү каражаттардан, ошондой эле «Борбордун» өз алдынча балансында наркы көрсөтүлгөн бөлөк буюмдардан турат.

6.2. «Борбордун» каржылык ресурстарын жана мүлкүн түзүүнүн булактары болуп төмөнкүлөр саналат:
1) Уюштуруучулардын салымы;
2) уставдык ишмердиктин ар кандай түрлөрүн жүзөгө ашыруудан алынган каражаттар;
3) юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн ыктыярдуу берген кайыр-садагалары жана максаттуу мүчөлүк акылары;
4) бөлөк мыйзамдуу булактар.

6.3. Уюштуруучулар тарабынан «Борборго» убактылуу пайдаланууга берилген менчик объектилер анын оперативдүү башкаруусунда болот.

6.4. Өзүнүн ишмердигинин жүрүшүндө өндүрүлгөн жана сатылып алынган калган мүлктөрүнө «Борбор» менчикке болгон укугунун негизинде ээлик кылат, пайдаланат жана тескейт.

6.5. «Борбор» анын оперативдүү башкаруусуна берилген мүлктөрдүн сакталышы жана натыйжалуу пайдаланылышы үчүн уюштуруучулардын алдында жоопкерчиликте болот.

## 7. «БОРБОРДУН» ИШМЕРДИГИН ТОКТОТУУ ТАРТИБИ

7.1. «Борбордун» ишмердиги анын кайтадан түзүлүшүнүн же жоюлушунун натыйжасында токтошу мүмкүн.

7.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык «Борбор» уюштуруучулардын чечими боюнча бөлөк юридикалык жак болуп кайтадан түзүлүшү мүмкүн.

7.3. «Борбордун» жоюлушу төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

1) уюштуруучулардын чечими боюнча;
2) соттун чечими менен;
3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча.

7.4. «Борбордун» кайтадан түзүлүшү жана жоюлушу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

7.5. «Борбор» жоюулуп жатканда, мамлекеттик бюджеттин жана башка кредиторлордун алдындагы милдеттенмелерди аткаруудан жана «Борбордун» жумушчуларынын эмгек акылары төлөнгөндөн кийин калган «Борбордун» мүлкү уюштуруучулар жыйынынын чечими боюнча «Борборду» түзүү максаттарына жөнөтүлөт.

7.6. «Борбор» жоюлуп жатканда, каттоо органына жоюу балансы көрсөтүлөт, анын негизинде мамлекеттик реестрге «Борбордун» жоюлушу тууралуу тиешелүү жазуу киргизилет.

7.7. Юридикалык жактардын мамлекеттик реестрине бул жөнүндө жазуу киргизилген учурдан тартып, жоюу аягына чыкты, ал эми «Борбор» өз ишмердигин токтотту деп эсептелинет.

7.8. «Борбордун» бардык документтери (башкаруучулук, каржылык-чарбалык, өздүк курамы боюнча ж.б.) анын ишмердиги токтогондон кийин белгиленген тартипте укук мураскору болгон уюмга берилет, ал жок болсо «Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык архивге мамлекеттик сактоого өткөрүлөт.

«Борбордун» Башкармалыгынын төрагасы _________________________

**«Х» мекемесин түзүү жөнүндө**
**ЧЕЧИМ**[22]

«___»_____ 201__-жыл                                   Бишкек ш.

1) Ф.А.А.,
Туулган жылы: «____» ______19 ___ -жыл,
Кыргыз Республикасынын жараны,
паспорт _______________________________,
жашаган жеринин дареги: ______________,
үйүнүн телефону: ____________________,
иштеген жеринин телефону: _____________________.

2) 1) Ф.А.А.,
Туулган жылы: «____» ______19 ___ -жыл,
Кыргыз Республикасынын жараны,
паспорт _______________________________,
жашаган жеринин дареги: ______________,
үйүнүн телефону: ____________________,
иштеген жеринин телефону: _____________________.

**Төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:**

1) _________________ юридикалык дареги менен «Х» мекемеси түзүлсүн;
2) «Х» мекемесинин Уставы бекитилсин;
3) «Х» мекемесине ______________ жалпы суммасы___________ сом төмөнкүдөй тартипте берилсин____________________________________________;
4) «Х» мекемесинин Башкармалыгы 3 адамдан төмөнкүдөй курамда шайлансын:
   _________________ - Башкармалыктын Төрагасы,
   _________________ - Башкармалыктын мүчөсү,
   _________________ - Башкармалыктын мүчөсү;

5) «Х» мекемесин каттоодон өткөрүү ____________________________тапшырылсын.

Ушуну менен бул протоколдо көрсөтүлгөн, ошондой эле мамлекеттик каттоодон өтүү үчүн көрсөтүлгөн документтердеги маалыматтар туура экендигин жана Мекемени түзүү маселеси тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгын тастыктайбыз.

Ф.А.А.______________________________
колу
Ф.А.А.______________________________
колу

[22] Уюштуруучу-жарандын колу нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш, ал эми уюштуруучу-уюмдардын жетекчилеринин колу ошол уюмдун мөөрү менен бекитилүүсү мүмкүн.

**«Х» мекемесинин уюштуруучуларынын**
**ТИЗМЕСИ[23]**

| №№ | Уюштуруучу жарандын Ф.А.А. же уюштуруучу-уюмдун аталышы | Уюштуруучу - жарандын туулган жылы же уюштуруучу-уюмдун каттоодон өткөн датасы | Дареги, Телефон | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |

«Х» мекемесинин
Башкармалыгынын төрагасы
_______________________

«____» __________ 201 ____-жыл

[23]Уюштуруучу-жарандын колу нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш, ал эми уюштуруучу-уюмдардын жетекчилеринин колу ошол уюмдун мөөрү менен бекитилүүсү мүмкүн.

**«Х» мекемесинин жетекчи органдарынын мүчөлөрүнүн**
**ТИЗМЕСИ**

**<u>БАШКАРМАЛЫК</u>**

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайланган кызматы | Үй дареги, телефон |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Башкармалыктын төрагасы | |
| 2 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |
| 3 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |

«Х» мекемесинин
Башкармалыгынын төрагасы
______________________________

«____»_________ 201___-жыл

Уюштуруучулар жыйыны тарабынан
**«Бекитилген»**
№1 протокол
«____» ________ 201__ -жыл

**«Х»**

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРЫНЫН БИРИКМЕСИНИН (АССОЦИАЦИЯСЫНЫН) УСТАВЫ

**Бишкек 201__**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «X» юридикалык жактарынын бирикмеси (ассоциациясы) (мындан ары текст боюнча «Альянс») Борбордук Азиядагы коомдук бирикмелердин ыктыярдуу бирикмеси болуп саналат.

1.2. Альянстын толук аталышы:

- орус тилинде: Объединение (ассоциация) юридических лиц «X»;
- кыргыз тилинде: «X» юридикалык жактарынын бирикмеси (ассоциациясы);
- англис тилинде: Association of Legal Entities «X»;

1.3. Кыскача аталышы: «У».

1.4. «Альянс» катталган мамлекеттин, башкача айтканда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, өзүнүн ишмердигин жүзөгө ашырат.

1.5. «Альянстын» жайгашкан жери: 7200____, Кыргыз Республикасы, ____________, _____________ көчөсү, ______ үй.

1.6. «Альянстын» ишмердигинин мөөнөтү: чектелген эмес.

1.7. «Альянстын» уюштуруучулары:

А) Кыргыз Республикасынан:

1) «Y» Коомдук бирикмеси;
2) «Z» Коомдук бирикмеси;

Б) Казак Республикасынан:

3) «C» Коомдук бирикмеси;
4) «D» Коомдук бирикмеси;

В) Тажик Республикасынан:

5) «M» Коомдук бирикмеси;
6) «N» Коомдук бирикмеси болуп эсептелишет.

1.8. «Альянстын» уюштуруучулары ал мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин «Альянстын» мүчөлөрү деп аталышат.

## II. «АЛЬЯНСТЫН» ЮРИДИКАЛЫК СТАТУСУ

2.1. «Альянс» мамлекеттик каттоодон өткөн учурунан тартып юридикалык жак статусуна ээ болот: белгиленген тартипте каттоодон өткөн өзүнүн мөөрү, штампы, эмблемасы, логотиби, өз алдынча балансы, банк жана бөлөк кредиттик мекемелеринде эсеп-кысап жана башка эсептери, анын ичинде чет өлкөлүк валютада эсептери бар, өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарга ээ, сотто доогер жана жоопкер болуу жоопкерчилигин мойнуна алат.

2.2. «Альянс» өзүнүн мүчөлөрүнүн милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. «Альянстын» мүчөлөрү өздөрүнүн мүчөлүк акыларына пропорциялуу болгон анын милдеттенмелери боюнча субсидиардык жоопкерчиликте болот.

2.3. Үлгүлөрү «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынында бекитилген «Альянстын» өзүнүн логотиби (эмблемасы), бланкына ээ болот.

2.4. «Альянс» коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет, юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациясы) түрүндө ал өзүнүн ишмердигин ыктыярдуулук, анын мүчөлөрүнүн укуктарынын бирдейлиги, мыйзамдуулук, өзүн өзү каржылоо, өз алдынча башкаруу принциптеринде жүзөгө ашырат.

2.5. Алынган кирешени Альянстын мүчөлөрүнүн жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрбөй туруп ишкердик ишмердик менен алектенүү укугуна ээ. Мындай ишмердик өзүнө товарларды өндүрүүнү жана сатууну, акы алуу менен кызматтарды көрсөтүү, иштерди аткарууну жана ишкердик ишмердиктин башка түрлөрүн камтышы мүмкүн. «Альянстын» ишкердик ишмердигинин натыйжасында алынган кирешелери «Альянсты» түзүүдө коюлган максаттарга жетүү үчүн багытталат.

2.6. «Альянстын» эл аралык коомдук бирикмелерге, ассоциацияларга, бирликтерге кирүүгө, эл аралык түз байланыштарды үзбөөгө, тиешелүү келишимдерди түзүүгө укугу бар.

## III. «АЛЬЯНСТЫН» ТҮЗҮЛҮШҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ИШМЕРДИГИНИН ТҮРЛӨРҮ[24]

3.1. «Альянстын» негизги максаты - Борбордук Азиянын тоолуу региондорунун туруктуу өнүгүшүнө кол кабыш кылуу жана ошону менен бирге ошол жерде жашап жатышкан элдердин жашоо деңгээлин жогорулатууга салым кошуу.

3.2. Өзүнүн максаттарына жетүү үчүн «Альянс» төмөндөгүдөй ишмердиктин түрлөрүн ишке ашыруу укугуна ээ:

1) Тоолуу жамаатардын ортосунда улуттук жана Борбордук Азиянын регионалдык деңгээлдеринде билим жана тажрыйбалар менен алмашуу;
2) Төмөнкүдөй жолдор менен тоолуу жамааттардын жалпы кызыкчылыктарын көрсөтүү жана коргоо, мисалы:
   - жергиликтүү коомдоштуктардын тиричилик аракеттеринин экономикалык, укуктук жана башка шарттарын жакшыртуу (рынокко кирүү мүмкүндүгүн камсыздоо үчүн административдик тоскоолдуктарды жеңип чыгууга, кеңеш берүү менен колдоо көрсөтүүгө, алардын өз алдынча башкарууга болгон умтулуусуна демократиялык мамилелерди тереңирээк жайылтууга көмөктөшүү ж.б.);
   - чечимдерди кабыл алуу процесстерин борбордон четтетүү жана шайлоо компанияларына активдүү катышуу аркылуу жергиликтүү жамааттардын ролун жогорулатуу;
   - жергиликтүү ресурстар аркылуу башкарууну борбордон четтетүү: каражаттарды пайдалануу боюнча эрежелерди, стандарттарды кабыл алуу, жергиликтүү элдин аларга акыйкаттык менен кирүү мүмкүндүктөрүн камсыз кылуу;
   - жергиликтүү жамааттардын бюджеттерин автономдоштуруу;
   - жаңычылдык жана каражаттарды потенциалдуу пайдалануу жөнүндө маалыматтарга кирүү мүмкүндүктөрүн жакшыртуу;
   - жергиликтүү калктын жергиликтүү ресурстарды пайдаланууга болгон артыкчылыктуу укуктары жөнүндө пикирлерине колдоо көрсөтүү;

---

[24] Бул бөлүмдө түзүү максаттары жана ишмердиктин түрлөрү болжолдуу көрсөтүлгөн. Юридикалык жактардын ар бир бирикмесинин (ассоциациясынын) өзүнүн түзүү максаттары бар жана өзүнүн максаттарына жетүү үчүн өзүнүн ишмердигинин түрлөрүн аныктайт. Буга байланыштуу устав иштелип чыгып жатканда, бул бөлүмдө түзүлүп жаткан бирикмелердин (ассоциациялардын) максаттары так көрсөтүлүп, анын ишмердигинин түрлөрүн аныктоо зарыл.

- айыл инфраструктурасына инвестицияларды тартуу;
- каржылык каражаттарга жетүү мүмкүндүктөрүн жогорулатуу ж.б.

3) Өнөктөштөр жана чечимдерди кабыл алууга жоопкерчиликте болгон адамдар менен туруктуу байланыштарды үзбөө;
4) Борбордук Азиянын тоолуу жамааттарынын тургундарынын квалификациясын жогорулатуу жана окутуу;
5) «Альянстын» мүчөлөрүнүн – тоолуу жамааттардын кызыкчылыктарын коргоо;
6) Тоолуу жамааттардын алдыңкы тажрыйбаларын көтөрүү жана жайылтуу;
7) Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тоолуу айылдарында коомдук бакубаттуулукка жетишүүгө багытталган башка дагы тажрыйбаларын жайылтуу.

3.3. «Альянстын» ишмердигинин артыкчылыктуу багыттарынан болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Айылдардын инфраструктурасын (суу, энергия менен камсыз кылуу системаларын ж.б.) жакшыртуу;
2) Борбордук Азиянын тоолуу айылдарында сапаттуу продукцияларды өндүрүү боюнча чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, ошондой эле «Альянстын» мүчөлөрү болгон тоолуу жамааттар тарабынан өндүрүлгөн продукциялардын маркетингине колдоо көрсөтүү:
   - технологиялар жана тажрыйбалар менен алмашуу;
   - инвестицияларды тартуу;
   - жумуш орундарын түзүү;
   - мөмөлөрдү, жемиштерди, баалуу жыгачтарды иштетүү боюнча чакан цехтерди уюштуруу;
   - улуттук сувенирлерди даярдап чыгаруу боюнча өнөрканаларды, кафелерди, мейманканаларды, соода түйүндөрүн ж.б. ачуу;
   - административдик тоскоолдуктарды жеңип чыгуу жолу менен рынокко кирүү мүмкүндүгүн жогорулатуу;
3) Айылдардын социалдык инфраструктурасын өнүктүрүү: мектептерге, бала бакчаларга, ооруканаларга жана поликлиникаларга, клубдарга жана китепканалрга жардам көрсөтүү;
4) Тоолуу айылдардын курчап турган чөйрөсүн коргоо:
   - калк арасында экологиялык билимдерди жалпыга жайылтуу;
   - начарлап кеткен токойлорду, жерлерди, жайлоолорду калыбына келтирүү;
   - жаратылыш ресурстарын баланстоо менен пайдалануу;
   - болгон жаратылыш ресурстарын көбөйтүү;
5) «Альянстын» мүчөлөрү болгон тоолуу жамааттардын элинин укуктук сабаттуулугун жогорулатуу;
6) Кеңеш берүүчү ресурстук борборлорду түзүү;
7) Жамааттар ортосундагы, жамааттар менен «Альянстын» башкаруу органдарынын ортосундагы маалымат алмашууну жакшыртуу, мисалы, тажрыйба алмашуу боюнча бири-бирине жасаган үзгүлтүксүз иш сапарлары аркылуу ж.б.;
8) Квартал сайын журнал чыгаруу.

## IV. «АЛЬЯНСКА» МҮЧӨЛҮК КЫЛУУ

4.1. Борбордук Азиянын коомдук бирикмелери «Альянстын» мүчөлөрү боло алышат.

4.2. «Альянска» мүчө болуу ыктыярдуу. «Альянска» мүчөлүккө кабыл алуу «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынында:

1) коомдук бирикмелердин жазуу түрүндөгү арызынын;
2) «Альянска» кирүү жөнүндө анын ыйгарым укуктуу органдарынын чечиминин;
3) «Альянска» кирүүнүн тартиби жөнүндө жобонун (Өкүлдөр жыйыны тарабынан бекитилген) негизинде жүзөгө ашырылат.

4.3. «Альянстын» мүчөлөрү ар жылкы мүчөлүк акыларын төлөп турууга милдеттүү. Мүчөлүк акылардын өлчөмү «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынында аныкталат.

4.4. «Альянстын» мүчөлөрүнүн атынан анын өкүлдөрү төмөнкү укуктарга ээ:

- «Альянстын» башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга;
- добуш берүү укугу менен «Альянстын» жогорку органынын ишине катышууга;
- тааныштыруу үчүн арналган «Альянстын» бардык документтери менен таанышып чыгууга;
- айылдарды өнүктүрүү боюнча фондуна өзүлөрүнүн долбоорлорун каржылоого арыздарды берүүгө;
- «Альянс» тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышууга (журналдарды алуу, алмашуу боюнча программалар ж.б.);
- «Альянстын» ишмердигине тиешелүү болгон бардык маселелер боюнча сунуштарын жана пикирлерин «Альянстын» органдарынын талкуусуна киргизүүгө;
- «Альянстын» органдары тарабынан көрсөтүлгөн кеңеш берүүчүлүк, уюштуруучулук, укуктук жана усулдук жардамдын бардык түрлөрүнөн пайдаланууга;
- «Альянстын» кеңселик жабдууларынан пайдаланууга;
- «Альянстан» чыгып кетүүгө.

4.5. «Альянстын» мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- «Альянстын» маселелерин жүзөгө ашырууга активдүү катышууга;
- Уставдын жоболорун сактоого;
- мүчөлүк акыларды өз убагында төлөп турууга;
- «Альянстын» жогорку башкаруу органынын ишине катышууга.

4.6. «Альянстын» мүчөсү каржылык жылдын аягында «Альянстан» өз каалоосу боюнча чыгып кетүүгө укугу бар. «Альянска» катышуудан баш тартуу чыгып жаткан мүчө тарабынан «Альянстан» нагыз чыгып кеткенге чейин 2 айдан кем эмес убакытта билдирилүүсү керек.

4.7. «Альянста» мүчөлүк кылуу «Альянстын» мүчөсүнүн жазуу түрүндөгү анын «Альянстан» чыгып кетүү жөнүндө арызынын негизинде «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынынын чечими боюнча токтотулат.

4.8. «Альянстан» чыгып жаткан мүчөсүнө ал тарабынан төлөнгөн мүчөлүк акылар жана акчалар кайтарылып берилбейт.

4.9. Чыгып жаткан мүчө тарабынан «Альянска» убактылуу пайдаланууга берилген мүлк, ага сыйлык акы төлөнбөстөн кайтарылып берилет.

4.10. «Альянстын» Уставынын талаптары сакталбаган учурларда «Альянстын» мүчөсү Өкүлдөр жыйынынын чечими боюнча андан чыгарылышы мүмкүн. «Альянстын» чыгарылган мүчөсүнүн мүлктүк салымдарына жана мүчөлүк акыларына карата «Альянстын» мүчөсүнүн өз каалоосу боюнча «Альянстан» чыгып кетүү учурлары үчүн каралган эрежелер колдонулат.

## V. МҮЛКҮ ЖАНА КАРЖЫЛЫК КАРАЖАТТАРЫ

5.1. «Альянстын» мүлкүн негизги фонддор, жүгүртүүдөгү каражаттар, ошондой эле «Альянстын» бухгалтердик балансында көрсөтүлгөн башка каржылык каражаттар түзөт.

5.2. «Альянстын» мүлкү жана каржылык каражаттары:

1) мүчөлүк акылардын;
2) «Альянстын» ишкердик ишмердигинен түшкөн кирешелердин;
3) жарандардын, юридикалык жактардын жана эл аралык уюмдардын кайтарылып берилбей турган кайрымдуулук мүчөлүк акыларынын, кайыр-садагаларынын;
4) мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен түзүлөт.

5.3. «Альянстын» мүлкү жана каржылык каражаттары «Альянстын» менчиги болуп саналат.

5.4. «Альянстын» мүлкү жана каражаттары:

1) «Альянсты» түзүүдө коюлган максаттарга жетүү үчүн өткөрүлүүчү иш-чараларга;
2) «Альянстын» жумушчуларынын эмгек акысын төлөөгө;
3) «Альянстын» иши үчүн зарыл болгон мүлктөрдү сатып алууга;
4) «Альянстын» ишмердигин жүзөгө ашырууга зарыл болгон башка чыгымдарга пайдаланылат.

5.5. «Альянстын» Текшерүү комиссиясы «Альянстын» каражаттарынын эсебинен «Альянстын» каржылык ишмердигине жыл сайын көз каранды эмес аудитордук текшерүүнү уюштурат. Аудитордук текшерүүнүн жыйынтыгы «Альянстын» журналына жарыяланат жана «Альянстын» Башкармалыгынын ишмердигин баалоо жана талкуулоо үчүн «Альянстын» Өкүлдөрүнүн жыйынына көрсөтүлөт.

## VI. «АЛЬЯНСТЫ» БАШКАРУУ[25]

6.1. «Альянстын» башкаруу органдары болуп:

1) «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйыны (мындан ары «Өкүлдөр жыйыны»);
2) «Альянстын» Башкармалыгы эсептелет.

<u>Өкүлдөр жыйыны</u>

6.2. Өкүлдөр жыйыны «Альянстын» жогорку башкаруу органы болуп саналат.

[25] Бул бөлүмдө башкаруунун болжолдуу тартиби келтирилген. Юридикалык жактардын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) уюштуруучулары, өздөрүнүн каалоосу боюнча, башкаруунун бөлөк тартибин (болжолдуудан айырмаланган) тандап ала алышат.

6.3. Өкүлдөр жыйынынын өзгөчө компетенциясына төмөнкү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу таандык:

1) «Альянстын» Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
2) «Альянстын» ишмердигинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана «Альянстын» ишмердигинин программаларын бекитүү;
3) «Альянстын» жаңы мүчөлөрүн кабыл алуу жана андан аларды чыгарып салуу;
4) «Альянстын» аткаруу жана текшерүү органдарын шайлоо, «Альянстын» аткаруу жана текшерүү органдарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;
5) каржылык планын бекитүү жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү;
6) мүчөлүк акылардын өлчөмүн жана аны төлөөнүн тартибин аныктоо;
7) «Альянстын» мүлкүн түзүү жана пайдалануу принциптерин бекитүү;
8) «Альянстын» ишмердиги жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү, анын отчеттору боюнча «Альянстын» Башкармалыгынын ишмердигин баалоо;
9) башка юридикалык жактардын ишмердигине катышуу;
10) «Альянсты» кайтадан түзүү жана жоюу;
11) «Альянстын» кызыкчылыгын көздөгөн башка маселелерди чечүү.

6.4. Өкүлдөр жыйыны зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлүүчү отурумдарында, маселелерин чечет.

6.5. Өкүлдөр жыйынынын кезектеги жыл сайын өткөрүлүүчү отурумдары «Альянстын» Башкармалыгы тарабынан чакырылат. «Альянстын» Өкүлдөр жыйынынын кезектеги отурумдары өткөрүлө турган ордун жана убактысын «Альянстын» Башкармалыгы аныктайт.

6.6. Өкүлдөрдүн жыйынынын кезексиз отурумдары:

1) «Альянстын» Президентинин өз демилгеси менен;
2) Башкармалыктын чечими менен;
3) «Альянстын» мүчөлөрүнүн (20%дан кем эмес) демилгеси менен;
4) «Альянстын» Текшерүү комиссиясынын демилгеси менен чакырылышы мүмкүн.

6.7. Өкүлдөр жыйынында анын мүчөлөрүнүн аткаруу органдарынын жетекчилери же «Альянстын» мүчөсү болгон коомдук бирикменин аткаруу органы тарабынан берилген тиешелүү ишеним кагаздары бар «Альянстын» мүчөлөрүнүн башка өкүлдөрү катышат.

6.8. Эгер отурумда анын жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса, Өкүлдөр жыйыны чечимдерди кабыл алууга укуктуу болуп эсептелет.

6.9. «Альянстын» ар бир мүчөсү Өкүлдөр жыйынында бир добушка ээ.

6.10. Өкүлдөр жыйынындагы чечимдер катышып жаткан «Альянстын» мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протоколдор менен жол-жоболоштурулат.

6.11. Протоколдо жыйын өткөрүлгөн датасы жана орду, «Альянстын» мүчөлөрүнүн жалпы саны, «Альянстын» мүчөлөрүнүн катышып жаткан өкүлдөрүнүн саны жана Өкүлдөр жыйынында кабыл алынган чечимдер көрсөтүлүшү керек.

6.12. Өкүлдөр жыйыны «Альянстын» мүчөлөрүн жазуу түрүндө сурап билүү жолу менен чечим кабыл алышы мүмкүн.

6.13. Өкүлдөр жыйынынын чечими анын бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

<u>Башкармалык</u>

6.14. Өкүлдөр жыйынынын отурумдарынын ортосундагы мезгилдерде анын ишмердигине жетекчилик кылууну жүзөгө ашырган «Альянстын» аткаруу органы болуп Башкармалык эсептелет.

6.15. Башкармалыктын курамы 3 адамдан (ар бир өлкөдөн: Казакстан, Кыргызстан, Тажикстандан бирден өкүл) туруп, 1 жылдык мөөнөткө «Альянстын» мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн арасынан шайланат жана Президент башчылык кылат.

6.16. Башкармалыктын отурумдары Президент тарабынан, эреже катарында, бир жылдын ичинде 4 жолу, бирок бир жолудан кем эмес чакырылат.

6.17. Башкармалык анын мүчөлөрүн жазуу түрүндө сурап билүү жолу менен чечим кабыл алышы мүмкүн.

6.18. «Альянстын» Башкармалыгы:

1) «Альянсты» өнүктүрүүнүн учурдагы жана келечектеги пландарын иштеп чыгат;
2) «Альянстын» Уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча сунуштарды Өкүлдөр жыйынынын кароосуна коет;
3) «Альянстын» ишмердигинин ички регламентин иштеп чыгат, соңунда ал Өкүлдөр жыйынында бекитилет;
4) жумушчулардын, анын ичинде «Альянстын» бардык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;
5) «Альянстын» түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;
6) кызыкчылыктардын чыр-чатагы божомолдонгон келишимдерди бекитет;
7) Өкүлдөр жыйынынын алдында өзүнүн ишмердиги тууралуу отчет берет.

6.19. Эгерде Башкармалыктын бардык мүчөлөрү ага «Макул» деген добушун беришсе, Башкармалыктын чечими кабыл алынды деп эсептелет.

6.20. Башкармалыктын мүчөлөрү тарабынан ушул Уставга жана мыйзамдарга каршы келген аракеттер жасалган учурда Өкүлдөр жыйынынын чечими боюнча мөөнөтүнөн мурда чакыртылып алынышы мүмкүн жана Башкармалыктын кийинки жаңы мүчөлөрү шайланат.

6.21. Башкармалыктын мүчөсүнүн Башкармалыктын курамынан башка себептер (оорусуна байланыштуу, өз каалоосу боюнча жумуштан кетүү ж.б.) боюнча мөөнөтүнөн мурда чыккан учурда, Башкармалыктын чыгып жаткан мүчөсү шайланып келген тиешелүү өлкөнүн «Альянсынын» мүчөлөрү өздөрүнүн чогулушунда Өкүлдөр жыйынынын кезектеги отурумуна чейин Башкармалыктын мүчөсүнүн милдетин аткара турган Башкармалыктын убактылуу мүчөсүн шайлайт.

6.22. «Альянстын» Президенти жана Вице-президенти Башкармалыктын мүчөлөрүнүн арасынан Өкүлдөр жыйыны тарабынан 1 жылдык мөөнөткө шайланышат.

6.23. «Альянстын» Президенти өзүнүн ишмердигинде Өкүлдөр жыйынынын алдында отчет берет.

6.24. «Альянстын» Президенти:

1) Башкармалыктын кароосуна коюлган маселелерди аныктайт, анын отурумдарын чакырат жана алып барат;

2) «Альянстын» атынан ишеним кагазы жок аракет кылат, анын бардык мекемелерде өкүлү болот, анын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним кагаздарын берет, банктарда эсеп-кысап жана башка эсептерин ачат;
3) «Альянсты» өнүнктүрүүнүн миссиясын, максаттарын жана стратегиясын иштеп чыгат;
4) «Альянста» бухгалтердик, статистикалык жана бөлөк эсептерди уюштурат;
5) өзүнүн компетенциясынын алкактарында «Альянс» боюнча буйруктарды чыгарат, келишимдерди түзөт, эмгек мыйзамдарына ылайык «Альянстын» жумушчуларын кызматка алат жана кызматтан бошотот, алардын кызмат акыларын аныктайт;
6) Өкүлдөр жыйынынын чечимдерин турмушка ашырат, «Альянстын» ишмердүүлүгүндө мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздайт;
7) «Альянстын» эл аралык байланыштар боюнча иштерин жетектейт;
8) эмгек тартибин бузгандыктары үчүн «Альянстын» жумушчуларына тартип жазаларын берет;
9) Өзүнүн ишмердиги тууралуу Өкүлдөр жыйынынын алдында бир жылда бир жолудан кем эмес отчетун берип турат;
10) «Альянстын» жумушчулары үчүн ички тартип эрежелерин бекитет;
11) өзүнүн карамагындагы жумушчуларды сыйлоо жөнүндө чечимдерди кабыл алат;
12) «Альянстын» Башкармалыгынын жана Өкүлдөр жыйынынын компетенцияларына кирбеген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

6.25. «Альянстын» Президенти өзүнүн ишин мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда, «Альянстын» Өкүлдөр жыйынынын кезектеги отурумуна чейин «Альянстын» Президентинин ыйгарым укуктары «Альянстын» Вице-президентине өтөт.

## Текшерүү комиссиясы

6.26. Текшерүү комиссиясы – Башкармалыктын жана «Альянстын» Президентинин каржылык-чарбалык ишмердигинин үстүнөн контроль жүргүзүүчү орган.

6.27. Текшерүү комиссиясы «Альянстын» жылдык отчету жана балансы боюнча бүтүмдөрдү чыгарат жана аларды Өкүлдөр жыйынынын кароосуна жиберет.

6.28. Текшерүү комиссиясы Өкүлдөр жыйыны тарабынан «Альянстын» мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн арасынан 1 жылдык мөөнөткө шайланат жана курамы 3 адамдан турат.

6.29. Текшерүү комиссиясынын курамына «Альянстын» аткаруу органынын (б.а. Башкармалыктын) мүчөлөрү, ошондой эле «Альянста» эмгек келишими боюнча иштеп жатышкан адамдар кирбейт.

6.30. Альянстын Президенти, кызматтарынын жана бөлүмдөрүнүн жетекчилери Текшерүү комиссиясынын тескемесине ревизия жана текшерүүнү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон документтерди жана материалдарды берет жана аларды өткөрүүнүн шарттарын камсыз кылат.

## VII. «АЛЬЯНСТЫН» ИШМЕРДИГИН ТОКТОТУУ

7.1. «Альянстын» ишмердиги:

1) «Альянстын» мүчөлөрүнүн Өкүлдөрүнүн жыйынынын чечими менен;

2) соттун чечими менен токтотулушу мүмкүн.

7.2. «Альянстын» ишмердигин токтотуу кайра түзүү (биригүү, кошулуу, бөлүштүрүү, өзгөртүү) жана жоюу жолдору менен ишке ашырылышы мүмкүн.

7.3. «Альянсты» кайра түзүүдө «Альянстын» Уюштуруучулук документтерине жана юридикалык жактардын мамлекеттик реестрине зарыл болгон өзгөртүүлөр, ал эми жоюлуп жатканда – мамлекеттик реестрге тиешелүү жазуу киргизилет.

7.4. «Альянстын» жоюлушу Өкүлдөр жыйыны же сот тарабынан дайындалган жоюу коммиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

7.5. Жоюу комиссиясы «Альянстын» алдыдагы жоюлушунун жарандык мыйзамдар менен аныкталган тартиби жана мөөнөтү жөнүндө жарыялайт.

7.6. Жоюу комиссиясы дайындалган учурдан баштап «Альянстын» ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктар ага өтөт. Жоюу комиссиясы «Альянстын» накталай мүлкүн баалайт, кредиторлорун таап, алар менен эсептешет, жоюу балансын түзүп, аны Өкүлдөр жыйынына берет.

7.7. Кредиторлордун дооматтарын канааттандыруу жарандык мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт.

7.8. «Альянстын» жумушчуларынын эмгек акысы төлөнгөндөн жана бюджет менен «Альянстын» кредиторлорунун алдында милдеттенмелер аткарылгандан кийин калган «Альянстын» мүлкү жана каржы каражаттары, Өкүлдөр жыйыны тарабынан ушул Уставда көрсөтүлгөн максаттарга жөнөтүлөт.

7.9. «Альянс» жоюлуп жатканда каттоо органына жоюу балансы көрсөтүлөт, анын негизинде мамлекеттик реестрге «Альянстын» жоюлгандыгы тууралуу тиешелүү жазуу киргизилет.

7.10. Юридикалык жактардын мамлекеттик реестрине бул жөнүндө жазуу киргизилген учурдан тартып, жоюу аягына чыкты, ал эми «Альянс» өзүнүн ишмердигин токтотту деп эсептелинет.

7.11. Жоюлгандан кийин «Альянстын» документациясы мыйзамга ылайык архивге берилет.

«Альянстын» Президенти ______________________________

**«Х»**
# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРЫНЫН БИРИКМЕСИН (АССОЦИАЦИЯСЫН) ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ УЮШТУРУУ КЕЛИШИМИ

**Бишкек 201__ -ж.**

## УЮШТУРУУ КЕЛИШИМИ

«____»______________ 201__- жыл Бишкек ш.

Ушул келишим аркылуу

А) Кыргыз Республикасынан:

1) «Y аймактык» коомдук бирикмесинин;
2) «Z» коомдук бирикмесинин;

Б) Казак Республикасынан:

3) «C» коомдук бирикмесинин;
4) «D» коомдук бирикмесинин;

В) Тажик Республикасынан:

5) «M» коомдук бирикмесинин;
6) «N» коомдук бирикмесинин

атынан анын жогорку кызмат адамдары (Башкармалыктын Төрагалары) коммерциялык эмес уюм түрүндө «X» юридикалык жактардын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүүгө милдеттенишет.

«Альянстын» уюштуруучулары аны мамлекеттик каттоодон өткөргөндөн кийин «Альянстын» мүчөлөрү» деп аталышат.

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «X» юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациясы) (мындан ары «Альянс» деп аталган) Борбордук Азиянын коомдук бирикмелеринин ыктыярдуу бирикмеси болуп саналат.

1.2. «Альянс» өзүнүн ишмердигин «Альянстын» Уставынын, ушул Уюштуруу келишиминин негизинде жана каттоого алган мамлекеттин, б.а. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ашырат.

1.3. «Альянстын» толук аталышы: «X» юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациясы)

1.4. «Альянстын» турган жери: 7200____, Кыргыз Республикасы, ____________, ________ көчөсү, ____үй.

1.5. «Альянстын» ишмердигинин мөөнөтү: чектелген эмес.

## II. «АЛЬЯНСТЫН» ЮРИДИКАЛЫК СТАТУСУ

2.1. «Альянс» анын мамлекеттик каттоодон өткөн учурунан тартып юридикалык жак статусуна ээ болот: белгиленген тартипте каттоодон өткөн өзүнүн мөөрү, штампы, эмблемасы, логотиби, өз алдынча балансы, банк жана бөлөк кредиттик мекемелеринде эсеп-кысап жана башка эсептери, анын ичинде чет өлкөлүк валютада эсептери бар, өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарга ээ, милдеттерди аткарат, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

2.2. «Альянс» өзүнүн мүчөлөрүнүн милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. «Альянстын» мүчөлөрү өздөрүнүн мүчөлүк акыларына пропорциялуу болгон анын милдеттенмелери боюнча субсидиардык жоопкерчиликте болот.

2.3. Үлгүлөрү «Альянстын» мүчөлөрүнүн Өкүлдөрүнүн жыйынында бекитилген «Альянстын» өзүнүн логотиби (эмблемасы), бланкы бар.

2.4. «Альянс» коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет, юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациясы) түрүндө ал өзүнүн ишмердигин ыктыярдуулук, анын мүчөлөрүнүн укуктарынын бирдейлиги, мыйзамдуулук, өзүн өзү каржылоо, өз алдынча башкаруу принциптеринде жүзөгө ашырат.

2.5. Алынган кирешени Альянстын мүчөлөрүнүн жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрбөй туруп ишкердик ишмердик менен алектенүү укугуна ээ. Мындай ишмердик өзүнө товарларды өндүрүүнү жана сатууну, акы алуу менен кызматтарды көрсөтүү, иштерди аткарууну жана ишкердик ишмердиктин башка түрлөрүн камтышы мүмкүн. «Альянстын» ишкердик ишмердигинин натыйжасында алынган кирешелери «Альянсты» түзүүдө коюлган максаттарга жетүү үчүн багытталат.

2.6. «Альянстын» эл аралык коомдук бирикмелерге, ассоциацияларга, бирликтерге кирүүгө, эл аралык түз байланыштарды үзбөөгө, тиешелүү келишимдерди түзүүгө укугу бар.

## III. «АЛЬЯНСТЫН» ТҮЗҮЛҮШҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ИШМЕРДИГИНИН ТҮРЛӨРҮ

3.1. «Альянстын» негизги максаты - Борбордук Азиянын тоолуу региондорунун туруктуу өнүгүшүнө кол кабыш кылуу жана ошону менен бирге ошол жерде жашап жатышкан элдердин жашоо деңгээлин жогорулатууга салым кошуу.

3.2. Өзүнүн максаттарына жетүү үчүн «Альянс» ишмердиктин төмөндөгүдөй түрлөрүн ишке ашыруу укугуна ээ:

1) Тоолуу жамаатардын ортосунда улуттук жана Борбордук Азиянын регионалдык деңгээлдеринде билимдер жана тажрыйбалар менен алмашуу;
2) Төмөнкүдөй жолдор менен тоолуу жамааттардын жалпы кызыкчылыктарын көрсөтүү жана коргоо, мисалы:
   - жергиликтүү коомдоштуктардын тиричилик аракеттеринин экономикалык, укуктук жана башка шарттарын жакшыртуу (рынокко кирүү мүмкүндүгүн камсыздоо үчүн административдик тоскоолдуктарды жеңип чыгууга, кеңеш берүү менен колдоо көрсөтүүгө, алардын өз алдынча башкарууга болгон умтулуусуна демократиялык мамилелерди тереңирээк жайылтууга көмөктөшүү ж.б.);
   - чечимдерди кабыл алуу процесстерин борбордон четтетүү жана шайлоо компанияларына активдүү катышуу аркылуу жергиликтүү жамааттардын ролун жогорулатуу;
   - жергиликтүү ресурстар аркылуу башкарууну четтетүү: каражаттарды пайдалануу боюнча эрежелерди, стандарттарды кабыл алуу, жергиликтүү элдин аларга акыйкаттык менен кирүү мүмкүндүктөрүн камсыз кылуу;
   - жергиликтүү жамааттардын бюджеттерин автономдоштуруу;
   - жаңычылдык жана каражаттарды потенциалдуу пайдалануу жөнүндө маалыматтарга кирүү мүмкүндүктөрүн жакшыртуу;
   - жергиликтүү калктын жергиликтүү ресурстарды пайдаланууга болгон артыкчылыктуу укуктары жөнүндө пикирлерине колдоо көрсөтүү;
   - айыл инфраструктурасына инвестицияларды тартуу;
   - каржылык каражаттарга жетүү мүмкүндүктөрүн жогорулатуу

3) Өнөктөштөр жана чечимдерди кабыл алууга жоопкерчиликте болгон адамдар менен туруктуу байланыштарды үзбөө;
4) Борбордук Азиянын тоолуу жамааттарынын тургундарынын квалификациясын жогорулатуу жана окутуу;
5) «Альянстын» мүчөлөрүнүн – тоолуу жамааттардын кызыкчылыктарын коргоо;
6) Тоолуу жамааттардын алдыңкы тажрыйбаларын көтөрүү жана жайылтуу;
7) Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тоолуу айылдарында коомдук бакубаттуулукка жетишүүгө багытталган башка дагы тажрыйбаларын жайылтуу.

3.3. «Альянстын» ишмердигинин артыкчылыктуу багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Айылдардын инфраструктурасын (суу, энергия менен камсыз кылуу системаларын ж.б.) жакшыртуу;
2) Борбордук Азиянын тоолуу айылдарында сапаттуу продукцияларды өндүрүү боюнча чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, ошондой эле «Альянстын» мүчөлөрү болгон тоолуу жамааттар тарабынан өндүрүлгөн продукциялардын маркетингине колдоо көрсөтүү:
   - технологиялар жана тажрыйбалар менен алмашуу;
   - инвестицияларды тартуу;
   - жумуш орундарын түзүү;
   - мөмөлөрдү, жемиштерди, баалуу жыгачтарды иштетүү боюнча чакан цехтерди уюштуруу;
   - улуттук сувенирлерди даярдап чыгаруу боюнча өнөрканаларды, кафелерди, мейманканаларды, соода түйүндөрүн ж.б. ачуу;
   - административдик тоскоолдуктарды жеңип чыгуу жолу менен рынокко кирүү мүмкүндүгүн жогорулатуу;
3) Айылдардын социалдык инфраструктурасын өнүктүрүү: мектептерге, бала бакчаларга, ооруканаларга жана поликникаларга, клубдарга жана китепканалрга жардам көрсөтүү;
4) Тоолуу айылдардын курчап турган чөйрөсүн коргоо:
   - калк арасында экологиялык билимдерди жалпыга жайылтуу;
   - начарлап кеткен токойлорду, жерлерди, жайлоолорду калыбына келтирүү;
   - жаратылыш ресурстарын баланстоо менен пайдалануу;
   - болгон жаратылыш ресурстарын көбөйтүү;
5) «Альянстын» мүчөлөрү болгон тоолуу жамааттардын элинин укуктук сабаттуулугун жогорулатуу;
6) Кеңеш берүүчү ресурстук борборлорду түзүү;
7) Жамааттар ортосундагы, жамааттар менен «Альянстын» башкаруу органдарынын ортосундагы маалымат алмашууну жакшыртуу, мисалы, тажрыйба алмашуу боюнча бири-бирине жасаган үзгүлтүксүз иш сапарлары аркылуу ж.б.;
8) Квартал сайын журнал чыгаруу.

## IV. «АЛЬЯНСКА» МҮЧӨ БОЛУУ

4.1. Борбордук Азиянын коомдук бирикмелери «Альянстын» мүчөлөрү боло алышат.

4.2. «Альянска» мүчө болуу ыктыярдуу. «Альянска» мүчөлүккө кабыл алуу «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынында:

1) коомдук бирикмелердин жазуу түрүндөгү арызынын;
2) «Альянска» кирүү жөнүндө анын ыйгарым укуктуу органдарынын чечиминин;
3) «Альянска» Кирүүнүн тартиби жөнүндө жобонун (Өкүлдөр жыйыны тарабынан бекитилген) негизинде жүзөгө ашырылат.

4.3.«Альянстын» мүчөлөрү ар жылкы мүчөлүк акыларын төлөп турууга милдеттүү. Мүчөлүк акылардын өлчөмү «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынында аныкталат.

4.4. «Альянстын» мүчөлөрүнүн атынан анын өкүлдөрү төмөнкү укуктарга ээ:

– «Альянстын» башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга;
– добуш берүү укугу менен «Альянстын» жогорку органынын ишине катышууга;
– тааныштыруу үчүн арналган «Альянстын» бардык документтери менен таанышып чыгууга;
– айылдарды өнүктүрүү боюнча фондуна өзүлөрүнүн долбоорлорун каржылоого арыздарды берүүгө;
– «Альянс» тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышууга (журналдарды алуу, алмашуу боюнча программалар ж.б.);
– «Альянстын» ишмердигине тиешелүү болгон бардык маселелер боюнча сунуштарын жана пикирлерин «Альянстын» органдарынын талкуусуна киргизүүгө;
– «Альянстын» органдары тарабынан көрсөтүлгөн кеңеш берүүчүлүк, уюштуруучулук, укуктук жана усулдук жардамдын бардык түрлөрүн пайдаланууга;
– «Альянстын» кеңселик жабдууларынан пайдаланууга;
– «Альянстан» чыгып кетүүгө.

4.5. «Альянстын» мүчөлөрү:

– Альянстын маселелерин жүзөгө ашырууга активдүү катышууга;
– Уставдын жоболорун сактоого;
– мүчөлүк акыларды өз убагында төлөп турууга;
– «Альянстын» жогорку башкаруу органынын ишине катышууга милдеттүү.

4.6. «Альянстын» мүчөсү каржылык жылдын аягында «Альянстан» өз каалоосу боюнча чыгып кетүүгө укугу бар. «Альянска» катышуудан баш тартуу чыгып жаткан мүчө тарабынан «Альянстан» нагыз чыгып кеткенге чейин 2 айдан кем эмес убакытта билдирилүүсү керек.

4.7. «Альянста» мүчөлүк кылуу «Альянстын» мүчөсүнүн жазуу түрүндөгү анын «Альянстан» чыгып кетүү жөнүндө арызынын негизинде «Альянстын» мүчөлөрүнүн Өкүлдөрүнүн жыйынынын чечими боюнча токтотулат.

4.8.«Альянстан» чыгып жаткан мүчөсүнө ал тарабынан төлөнгөн мүчөлүк акылар жана акчалар кайтарылып берилбейт.

4.9. Чыгып жаткан мүчө тарабынан «Альянска» убактылуу пайдаланууга берилген мүлк, ага сыйлык акы төлөнбөстөн кайтарылып берилет.

4.10. «Альянстын» Уставынын талаптары сакталбаган учурларда «Альянстын» мүчөсү Өкүлдөр жыйынынын чечими боюнча андан чыгарылышы мүмкүн.

«Альянстын» чыгарылган мүчөсүнүн мүлктүк салымдарына жана мүчөлүк акыларына карата «Альянстын» мүчөсүнүн өз каалоосу боюнча «Альянстан» чыгып кетүү учурлары үчүн каралган эрежелер колдонулат.

## V. МҮЛКҮ ЖАНА КАРЖЫЛЫК КАРАЖАТТАРЫ

5.1.«Альянстын» мүлкүн негизги фонддор, жүгүртүлүүдөгү каражаттар, ошондой эле «Альянстын» бухгалтердик балансында көрсөтүлгөн башка каржылык каражаттар түзөт.

5.2.«Альянстын» мүлкү жана каржылык каражаттары:

1) мүчөлүк акылардын;
2) «Альянстын» ишкердик ишмердигинен түшкөн кирешелердин;
3) жарандардын, юридикалык жактардын жана эл аралык уюмдардын кайтарылып берилбей турган кайрымдуулук мүчөлүк акыларынын, кайыр-садагаларынын;
4) мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен түзүлөт.

5.3. «Альянстын» мүлкү жана каржылык каражаттары «Альянстын» менчиги болуп саналат.

5.4. «Альянстын» мүлкү жана каражаттары:

1) «Альянсты» түзүүдө коюлган максаттарга жетүү үчүн өткөрүлүүчү иш-чараларга;
2) «Альянстын» жумушчуларынын эмгек акысын төлөөгө;
3) «Альянстын» иши үчүн зарыл болгон мүлктөрдү сатып алууга;
4) «Альянстын» ишмердигин жүзөгө ашырууга зарыл болгон башка чыгымдарга пайдаланылат.

5.5.«Альянстын» Текшерүү комиссиясы «Альянстын» каражаттарынын эсебинен «Альянстын» каржылык ишмердигине жыл сайын көз каранды эмес аудитордук текшерүүнү уюштурат. Аудитордук текшерүүнүн жыйынтыгы «Альянстын» журналына жарыяланат жана «Альянстын» Башкармалыгынын ишмердигин баалоо жана талкуулоо үчүн «Альянстын» Өкүлдөрүнүн жыйынына көрсөтүлөт.

## VI. «АЛЬЯНСТЫ» БАШКАРУУ

6.1. «Альянстын» башкаруу органдары болуп:

1) «Альянстын» Мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйыны (мындан ары «Өкүлдөр жыйыны»);
2) «Альянстын» Башкармалыгы эсептелет.

<u>Өкүлдөр жыйыны</u>

6.2.Өкүлдөр жыйыны «Альянстын» жогорку башкаруу органы болуп саналат.

6.3. Өкүлдөр жыйынынын өзгөчө компетенциясына төмөнкү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу таандык:

1) «Альянстын» Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
2) «Альянстын» ишмердигинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана «Альянстын» ишмердигинин программаларын бекитүү;
3) «Альянстын» жаңы мүчөлөрүн кабыл алуу жана андан чыгарып салуу;

4) «Альянстын» аткаруу жана текшерүү органдарын шайлоо, «Альянстын» аткаруу жана текшерүү органдарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;
5) каржылык планын бекитүү жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү;
6) мүчөлүк акылардын өлчөмүн жана аны төлөөнүн тартибин аныктоо;
7) «Альянстын» мүлкүн түзүү жана пайдалануу принциптерин бекитүү;
8) «Альянстын» ишмердиги жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү, анын отчеттору боюнча «Альянстын» Башкармалыгынын ишмердигин баалоо;
9) башка юридикалык жактардын ишмердигине катышуу;
10) «Альянсты» кайтадан түзүү жана жоюу;
11) «Альянстын» кызыкчылыгын көздөгөн башка маселелерди чечүү.

6.4. Өкүлдөр жыйыны зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлүүчү отурумдарында, маселелерин чечет.

6.5. Өкүлдөр жыйынынын кезектеги жыл сайын өткөрүлүүчү отурумдары «Альянстын» Башкармалыгы тарабынан чакырылат. «Альянстын» Өкүлдөр жыйынынын кезектеги отурумдары өткөрүлө турган ордун жана убактысын «Альянстын» Башкармалыгы аныктайт.

6.6. Өкүлдөрдүн жыйынынын кезексиз отурумдары:
1) «Альянстын» Президентинин өз демилгеси менен;
2) Башкармалыктын чечими менен;
3) «Альянстын» мүчөлөрүнүн (20 % дан кем эмес) демилгеси менен;
4) «Альянстын» Текшерүү комиссиясынын демилгеси менен чакырылышы мүмкүн.

6.7. Өкүлдөр жыйынында аткаруу органынын жетекчилери же «Альянстын» мүчөсү болгон коомдук бирикменин аткаруу органы тарабынан берилген тиешелүү ишеним кагаздары бар «Альянстын» мүчөлөрүнүн башка өкүлдөрү катышат.

6.8. Эгер отурумда анын жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса, Өкүлдөр жыйыны чечимдерди кабыл алууга укуктуу болуп эсептелет.

6.9. «Альянстын» ар бир мүчөсү Өкүлдөр жыйынында бир добушка ээ.

6.10. Өкүлдөр жыйынындагы чечимдер катышып жаткан «Альянстын» мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протоколдор менен жол-жоболоштурулат.

6.11. Протоколдо жыйын өткөрүлгөн датасы жана орду, «Альянстын» мүчөлөрүнүн жалпы саны, «Альянстын» мүчөлөрүнүн катышып жаткан өкүлдөрүнүн саны жана Өкүлдөр жыйынында кабыл алынган чечимдер көрсөтүлүшү керек.

6.12. Өкүлдөр жыйыны «Альянстын» мүчөлөрүн жазуу түрүндө сурап билүү жолу менен чечим кабыл алышы мүмкүн.

6.13. Өкүлдөр жыйынынын чечими анын бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

Башкармалык

6.14. Өкүлдөр жыйынынын отурумдарынын ортосундагы мезгилдерде анын ишмердигине жетекчилик кылууну жүзөгө ашырган «Альянстын» аткаруу органы болуп Башкармалык эсептелет.

6.15. Башкармалыктын курамы 3 адамдан (ар бир өлкөдөн: Казакстан, Кыргызстан, Тажикстандан бирден өкүл) туруп, 1 жылдык мөөнөткө «Альянстын» мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн арасынан шайланат жана Президент башчылык кылат.

6.16. Башкармалыктын отурумдары Президент тарабынан, эреже катарында, бир жылдын ичинде 4 жолу, бирок бир жолудан кем эмес чакырылат.

6.17. Башкармалык анын мүчөлөрүн жазуу түрүндө сурап билүү жолу менен чечим кабыл алышы мүмкүн.

6.18. «Альянстын» Башкармалыгы:

1) «Альянсты» өнүктүрүүнүн учурдагы жана келечектеги пландарын иштеп чыгат;
2) «Альянстын» Уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча сунуштарды Өкүлдөр жыйынынын кароосуна коет;
3) «Альянстын» ишмердигинин ички регламентин иштеп чыгат, кийин ал Өкүлдөр жыйынында бекитилет;
4) жумушчулардын, анын ичинде «Альянстын» бардык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;
5) «Альянстын» түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;
6) кызыкчылыктардын чыр-чатагы божомолдонгон келишимдерди бекитет;
7) Өкүлдөр жыйынынын алдында өзүнүн ишмердиги тууралуу отчет берет.

6.19. Эгерде Башкармалыктын бардык мүчөлөрү ага «Макул» деген добушун беришсе, Башкармалыктын чечими кабыл алынды деп эсептелет.

6.20. Башкармалыктын мүчөлөрү тарабынан ушул Уставга жана мыйзамдарга каршы келген аракеттер жасалган учурда Өкүлдөр жыйынынын чечими боюнча мөөнөтүнөн мурда чакыртылып алынышы мүмкүн жана Башкармалыктын кийинки жаңы мүчөлөрү шайланат.

6.21. Башкармалыктын мүчөсүнүн Башкармалыктын курамынан башка себептер (оорусуна байланыштуу, өз каалоосу боюнча жумуштан кетүү ж.б.) боюнча мөөнөтүнөн мурда чыккан учурда, Башкармалыктын чыгып жаткан мүчөсү шайланып келген тиешелүү өлкөнүн «Альянсынын» мүчөлөрү өздөрүнүн чогулушунда Өкүлдөр жыйынынын кезектеги отурумуна чейин Башкармалыктын мүчөсүнүн милдетин аткара турган Башкармалыктын убактылуу мүчөсүн шайлайт.

6.22. «Альянстын» Президенти жана Вице-президенти Башкармалыктын мүчөлөрүнүн арасынан Өкүлдөр жыйыны тарабынан 1 жылдык мөөнөткө шайланышат.

6.23. «Альянстын» Президенти өзүнүн ишмердигинде Өкүлдөр жыйынынын алдында отчет берет.

6.24. «Альянстын» Президенти:

1) Башкармалыктын кароосуна коюлган маселелерди аныктайт, анын отурумдарын чакырат жана алып барат;
2) «Альянстын» атынан ишеним кагазы жок аракет кылат, анын бардык мекемелерде өкүлү болот, анын мүлкүн жана каражаттарын тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним кагаздарын берет, банктарда эсеп-кысап жана башка эсептерин ачат;
3) «Альянсты» өнүнктүрүүнүн миссиясын, максаттарын жана стратегиясын иштеп чыгат;
4) «Альянста» бухгалтердик, статистикалык жана бөлөк эсептерди уюштурат;

5) өзүнүн компетенциясынын алкактарында «Альянс» боюнча буйруктарды чыгарат, келишимдерди түзөт, эмгек мыйзамдарына ылайык «Альянстын» жумушчуларын кызматка алат жана кызматтан бошотот, алардын кызмат акыларын аныктайт;
6) Өкүлдөр жыйынынын чечимдерин турмушка ашырат, «Альянстын» ишмердүүлүгүндө мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздайт;
7) «Альянстын» эл аралык байланыштар боюнча иштерин жетектейт;
8) эмгек тартибин бузгандыктары үчүн «Альянстын» жумушчуларына тартиптик жазаларды берет;
9) өзүнүн ишмердиги тууралуу Өкүлдөр жыйынынын алдында бир жылда бир жолудан кем эмес отчетун берет;
10) «Альянстын» жумушчулары үчүн ички тартип эрежелерин бекитет;
11) өзүнүн карамагындагы жумушчуларды кызыктырып сыйлоо жөнүндө чечимдерди кабыл алат;
12) «Альянстын» Башкармалыгынын жана Өкүлдөр жыйынынын компетенцияларына кирбеген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

6.25. «Альянстын» Президенти өзүнүн ишин мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда, «Альянстын» Өкүлдөр жыйынынын кезектеги отурумуна чейин «Альянстын» Президентинин ыйгарым укуктары «Альянстын» Вице-президентине өтөт.

Текшерүү комиссиясы

6.26. Текшерүү комиссиясы – Башкармалыктын жана «Альянстын» Президентинин каржылык-чарбалык ишмердигинин үстүнөн контроль жүргүзүүчү орган.
6.27. Текшерүү комиссиясы «Альянстын» жылдык отчету жана балансы боюнча бүтүмдөрдү чыгарат жана аларды Өкүлдөр жыйынынын кароосуна жиберет.
6.28. Текшерүү комиссиясы Өкүлдөр жыйыны тарабынан «Альянстын» мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн арасынан 1 жылдык мөөнөткө шайланат жана курамы 3 адамдан турат.
6.29. Текшерүү комиссиясынын курамына «Альянстын» аткаруу органынын (б.а. Башкармалыктын) мүчөлөрү, ошондой эле «Альянста» эмгек келишими боюнча иштеп жатышкан адамдар кирбейт.
6.30. Альянстын Президенти, кызматтарынын жана бөлүмдөрүнүн жетекчилери Текшерүү комиссиясынын тескемесине ревизия жана текшерүүнү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон документтерди жана материалдарды берет жана аларды өткөрүүнүн шарттарын камсыз кылат.

## VII. «АЛЬЯНСТЫН» ИШМЕРДИГИН ТОКТОТУУ

7.1.«Альянстын» ишмердиги:
1) «Альянстын» мүчөлөрүнүн Өкүлдөрүнүн жыйынынын чечими менен;
2) соттун чечими менен токтотулушу мүмкүн.

7.2.«Альянстын» ишмердигин токтотуу кайрадан түзүү (биригүү, кошулуу, бөлүштүрүү, өзгөртүү) жана жоюу жолдору менен ишке ашырылышы мүмкүн.

7.3.«Альянсты» кайрадан түзүүдө «Альянстын» Уюштуруучулук документтерине жана юридикалык жактардын мамлекеттик реестрине зарыл болгон өзгөртүүлөр, ал эми жоюлуп жатканда – мамлекеттик реестрге тиешелүү жазуу киргизилет.

7.4.«Альянстын» жоюлушу Өкүлдөр жыйыны же сот тарабынан дайындалган жоюу коммиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

7.5.Жоюу комиссиясы «Альянстын» алдыдагы жоюлушунун жарандык мыйзамдар менен аныкталган тартиби жана мөөнөтү жөнүндө жарыялайт.

7.6.Жоюу комиссиясы дайындалган учурдан баштап «Альянстын» ишин башкаруу боюнча ыйгарым укуктар ага өтөт. Жоюу комиссиясы «Альянстын» накталай мүлкүн баалайт, кредиторлорун таап, алар менен эсептешет, жоюу балансын түзүп, аны Өкүлдөр жыйынына берет.

7.7.Кредиторлордун талаптарын канааттандыруу жарандык мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт.

7.8.«Альянстын» жумушчуларынын эмгек акысы төлөнгөндөн жана бюджет менен «Альянстын» кредиторлорунун алдында милдеттенмелер аткарылгандан кийин калган «Альянстын» мүлкү жана каржы каражаттары, Өкүлдөр жыйыны тарабынан «Альянстын» Уставында көрсөтүлгөн максаттарга жөнөтүлөт.

7.9.«Альянс» жоюлуп жатканда каттоо органына жоюу балансы көрсөтүлөт, анын негизинде мамлекеттик реестрге «Альянстын» жоюлгандыгы тууралуу тиешелүү жазуу киргизилет.

7.10. Юридикалык жактардын мамлекеттик реестрине бул жөнүндө жазуу киргизилген учурдан тартып, жоюу аягына чыкты, ал эми «Альянс» өзүнүн ишмердигин токтотту деп эсептелинет.

7.11. Жоюлгандан кийин «Альянстын» документациясы мыйзамга ылайык архивге берилет.

«Альянстын» Президенти ______________________________

## VIII. УЮШТУРУУЧУЛАРДЫН КОЛУ

8.1. «Y» Коомдук бирикмеси үчүн
Башкармалыктын төрагасы________________________________________________

8.2. «Z» Коомдук бирикмеси үчүн
Башкармалыктын төрагасы_______________________________________________

8.3. «C» Коомдук бирикмеси үчүн
Башкармалыктын төрагасы ________________________________________________

8.4. «D» Коомдук бирикмеси үчүн
Башкармалыктын төрагасы ________________________________________________

8.5. «M» Коомдук бирикмеси үчүн
Башкармалыктын төрагасы ________________________________________________

**«X» юридикалык жактарынын бирикмесин (ассоциациясын) уюштуруу чогулушунун**

**N 1 ПРОТОКОЛУ**

«____»_________ 201__ -жыл Бишкек ш.

Жыйынга катышкандар:

А) Кыргыз Республикасынан:
1) «Y» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын төрагасы Иванов Иван Иванович;
2) «Z» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын төрагасы ___________;

Б) Казак Республикасынан
3) «C» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын төрагасы ___________;
4) «D» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын төрагасы ___________;

В) Тажик Республикасынан:
5) «M» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын төрагасы __________;
6) «N» Коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын төрагасы ___________.

Төрагалык кылган________________, катчы_________________.

Төмөндөгүдөй күн тартиби бекитилген:

1) «X» юридикалык жактарынын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүү;
2) «X» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Уставын бекитүү;
3) «X» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Башкармалыгын жана Президентин шайлоо;
4) «X» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Текшерүү комиссиясын шайлоо
5) «X» юридикалык жактарынын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүү жөнүндө уюштуруу келишимине кол коюу.

Биринчи жана экинчи маселелер боюнча __________________________чыгып сүйлөдү.

Ал «X» юридикалык жактарынын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүүнү сунуш кылды жана жыйындын кароосуна «X» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Уставынын долбоорун сунуштады.

Үчүнчү жана төртүнчү маселелер боюнча _______________________чыгып сүйлөдү.

Ал төмөнкүлөрдү сунуш кылды:

1) «X» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Башкармалыгын курамында 3 адамдан шайлоону:

Иванов И. - Президент,
________________ – Вице-президент,
________________ - Башкармалыктын мүчөсү,

2) «Х» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Текшерүү комиссиясын курамында 3 адамдан шайлоону:

- Асанов Аскар;
- ______________;
- ______________.

**Жыйын бардык маселелер боюнча көпчүлүк добуш менен токтом кылат:**

1) «Х» юридикалык жактарынын бирикмелери (ассоциациялары) түзүлсүн;
2) «Х» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Уставы бекитилсин;
3) «Х» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Башкармалыгы курамында 3 адамдан шайлансын:

   Иванов И. - Президент,
   _______________ - Вице-президент,
   _______________ -Башкармалыктын мүчөсү,

4) «Х» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) Текшерүү комиссиясы курамында 3 адамдан шайлансын:

   - Асанов Аскар;
   - ______________;
   - ______________.

5) Жыйында ошондой эле «Х» юридикалык жактарынын бирикмелерин (ассоциацияларын) түзүү жөнүндө Уюштуруу келишимине кол коюлду.

6) Ушуну менен ушул протоколдо көрсөтүлгөн, ошондой эле мамлекеттик каттоодон өтүү үчүн көрсөтүлгөн документтердеги маалыматтар туура экендигин жана Юридикалык жактардын бирикмелерин түзүү маселеси тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгын тастыктайбыз.

Жыйындын төрагасы[26] __________________________________

Жыйындын катчысы __________________________________

[26] Төраганын жана катчынын колу нотариалдык күбөлөндүрүлүшү керек.

**«Х» юридикалык жактарынын бирикмелерин (ассоциацияларын) уюштуруучулардын**

**ТИЗМЕСИ**

| №№ | Уюмдардын аттары | Каттоодон өткөн датасы | Жетекчинин колу, мөөрү[27] |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |
| 6 | | | |

«Х» юридикалык жактарынын
бирикмесинин
(ассоциациясынын)
төрагасы ______________________

«____» __________ 201 ____ жыл

[27]Юридикалык жактын жетекчисинин колу мөөр менен бекитилет же нотариалдык күбөлөндүрүлүшү керек.

**«X» юридикалык жактарынын бирикмелеринин (ассоциацияларынын) жетекчи органдарынын мүчөлөрүнүн**
**ТИЗМЕСИ**

**БАШКАРМАЛЫК**

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайланган кызматы | Үйүнүн дареги, телефон |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Башкармалыктын төрагасы | |
| 2 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |
| 3 | | | Башкармалыктын мүчөсү | |

**ТЕКШЕРҮҮ КОМИССИЯСЫ**

| №№ | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Туулган жылы | Шайланган кызматы | Үйүнүн дареги, телефон |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | Текшерүү комиссиясынын төрагасы | |
| 2 | | | Текшерүү комиссиясынын мүчөсү | |
| 3 | | | Текшерүү комиссиясынын мүчөсү | |

«X» юридикалык жактарынын
бирикмелеринин (ассоциацияларынын)
Башкармалыгынын төрагасы____________________________

«____»__________ 201___-жыл

**№3 ТИРКЕМЕ**

# ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН ИШМЕРДИГИН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ МЫЙЗАМДАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМАДАН ҮЗҮНДҮЛӨР [28]

## А ГЛАВАСЫ: ӨЭУ МЕНЕН КООМДУН ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР

2. Эмне үчүн мамлекет күчтүү жана көз каранды эмес ӨЭУ секторуна ээ болууга умтулушу керек?

Бүткүл дүйнө жүзүндөгү мамлекеттер күчтүү жана көз каранды эмес ӨЭУ секторунун болушуна кызыкдар болгондугунун көп себептери бар. Көпчүлүк өкмөттөргө бул далилсиз айтылгандай сыяктанат. Эмне үчүн коом демократиялык процесс тарабынан жактырылбаган ишмердикке мүмкүндүк берүүгө жана коргоого тийиш? Эмне үчүн өкмөттөр ар кандай өкмөттүк программаларга атаандаштык кылган же аларды алмаштырган, же өкмөттүн саясатын сынга алган же ага каршы болгон уюмдардын болушуна мүмкүндүк бериши жана колдоо көрсөтүшү керек? Андан сырткары, ӨЭУлардын кирешелери салыктан бошотулганда же мындай уюмдардын түшкөн акчалары кирешелердин салыгынан алынып салынганда, мындай уюмдардын болушуна уруксат берүү өкмөт тарабынан реалдуу чыгымдарга алып келет. Кандай болгон күндө да өкмөт эмне үчүн бул чыгымдарды көтөрүшү керек? Булар өтө олуттуу суроолор, аларга олуттуу жооптор берилиши ылайык.

Кандай коомдо болбосун, күчтүү жана көз каранды эмес ӨЭУ секторун колдогон мыйзамдардын кабыл алынышынын зарылдыгынын эң кур дегенде алты себеби бар: (a) сөз жана биригүү эркиндиктерин жүзөгө ашыруу; (b) плюрализмге жана чыдамкайлыкка дем берүү; (c) социалдык стабилдүүлүктү жана мыйзамдардын сакталышын камсыз кылуу; (d) натыйжалуулук; (e) “мамлекеттик сектордун рыноктук кудуретсиздиги;” (f) базар экономикасына колдоо көрсөтүү. Биринчи үч себеп социалдык же саясый, ал эми акыркы үчөө экономикалык болуп саналат.

a. Биригүү эркиндиги. ӨЭУну юридикалык жак катары уюштурууга уруксат берген мыйзамдар эл аралык жана конституциялык укуктар менен корголгон реалдуу жана мааниси зор болгон биригүү эркиндигин камсыздоодо абдан чоң ролду ойнойт. Дал ушул ижарачылардын укуктарынын ассоциациясын түзүү мүмкүнчүлүгүн пайдалануу менен, аз камсыз болгон аялдар үчүн билим берүүнү жайылтуу боюнча уюмдар, курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча уюмдар ж.б., жеке адамдар өздөрүнүн биригүү эркиндигине укуктарын толугу менен пайдаланышат. Андан сырткары, эл аралык жана конституциялык укук тарабынан корголгон сөз эркиндиги, азырынча кызыкчылыктары боюнча топторду түзүүгө уруксат берген мыйзамдар аркылуу жүзөгө ашырылмайынча, көпчүлүк адамдар үчүн анча мааниге ээ эмес. Биздин көпчүлүгүбүз ар бирибиздин үнүбүз жеке угула тургандай жетишерлик маанилүү адамдардан эмеспиз, бирок эгер биз, мисалы, тропикалык токойлорду же этникалык азчылыктардын укуктарын коргоо коомдоруна бириге алсак, анда биздин жалпыбыздын үнүбүз угулушу мүмкүн.

[28] Бул Нускама 1997-жылы Дүйнөлүк Банктын буюртмасы боюнча Коммерциялык эмес Укук Эл аралык Борбору тарабынан даярдалган.

b. Плюрализм жана сабырдуулук. Кандай коом болбосун алардын мүчөлөрүнүн арасында көптөгөн айырмачылыктар бар; жеке адамдардын жана адамдардын тобунун ар кандай кызыкчылыктары жана керектөөлөрү бар. ӨЭУнун ишмердигине уруксат берген мыйзамдар жеке адамдарга жана топторго өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын (мисалы, спорт, элдик музыка, конкреттүү тилин же маданиятын сактоого) аркалоого мүмкүндүк берет. Мына ошентип, коомдо плюрализмди жана чыдамкайлыкты мыкты өнүктүрүүгө түрткү берет.

Плюрализм жана чыдамкайлык – бул такыр эле демократияга берилгендик эмес экенин белгилей кетүү маанилүү. Мисалы, экономикалык натыйжаларга жетүү үчүн, бул жөнүндө кийинчерээк сөз болот, жана плюрализм менен чыдамкайлыкка жол берилиш үчүн, өзүн саясый башкаруунун түрү катары демократия менен байланыштырбай туруп, өлкө ӨЭУлар жөнүндө туура мыйзамдарды кабыл алышы мүмкүн. Башкача айтканда, ӨЭУ жөнүндө мыйзамдар демократиялык өкмөттөр үчүн гана мүнөздүү эмес; мындай мыйзамдар башка өлкөлөрдө да маанилүү ролду ойнойт.

c. Социалдык туруктуулук жана мыйзамдуулук. Жарандардын ортосундагы айырмачылык кандай коомдо болбосун болбой койбойт жана бул айырмачылыктар тигил же бул түрдө сөзсүз өзүнүн жүзүн табат. Бул – плюрализмдин тескери жагы; ар түрдүүлүк каалаган гана эмес, кутула алгыс да нерсе. Кандай коомдо болбосун адамдардын ар кандай этникалык теги болот, ар кандай тилдерде сүйлөшөт жана ар кандай динди тутунушат. Алар жашы жана жынысы боюнча айырмаланышат, алардын кесиптери жана кызыкчылыктары ар түрдүү. Бул айырмачылыктар эртеби же кечпи билинет да, мыйзамдуу же мыйзамсыз түрдө өзүнүн жүзүн табат. Топту көмүскө иш кылууга түртүүнүн ордуна (мисалы, алардын тилин жана маданиятын сактап калуу үчүн) мамлекет мындай топтун ачык эле болушуна уруксат берет жана ушул топ тарабынан түзүлгөн ӨЭУ азырынча мыйзамдуулуктун жалпы кабыл алынган ченемдерин жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турумун канааттандырганга чейин аны коргойт. Көптөгөн жана ар түрдүү ӨЭУлардын болушу укук ченемдерине урматтоо менен тура алган стабилдүү жана тынч коомду мүнөздөйт.

d. Натыйжалуулук. Ыктыярдуу менчик уюмдар өкмөттүн коомду товарлар менен камсыз кылуудагы натыйжалуу өнөктөштөрүнөн болушу мүмкүн. Башкача айтканда, көп учурларда алар өкмөткө караганда аз чыгымдар менен кыйла жогорку сапаттагы ушундай эле кызматты көрсөтө алышат. Мунун бир нече себеби бар. Алардын бири болуп ыктыярдуулук фактысынын өзү эсептелет. Жеке адамдар коомдук көйгөйлөрдү чечүүгө (мисалы, кары-картаңдарга жана майыптарга жардам берүү), акысыз жана ыктыярдуу негизде өздөрүнүн убактыларын жана кубатын беришип, мамлекеттин чыгымдарын олуттуу түрдө азайтышат. Кызматтарды көрсөтүүгө болгон мамиленин мындай түрү көпчүлүк учурда кызматкерлердин өтө эле көп штаты бар кымбат өкмөттүк бюрократиядан кескин айырмаланат.

Өкмөттүк уюмдардын ордуна өкмөттүк эмес уюмдардын кызматтарды көрсөтүүсүндө жана товарларды өндүрүүсүндө чыгымдардын азайышы атаандаштыктын негизинде болору андан дагы өтө маанилүү. ӨЭУ сектору рыноктук сектор болуп эсептелбегендигине карабастан, гранттар, келишимдер жана кайыр-садагалар үчүн чыныгы атаандаштык бар. Жеке да, мамлекеттик донорлор да товарларды жеткирүү жөндөмдүүлүгү андан жана аз чыгымдары менен жогорку сапаттагы кызматтарды

көрсөткөн ӨЭУларга артыкчылык берет. Натыйжада көп өкмөттөр негизги кызматтардын кенен спектрин алуу үчүн ӨЭУларга кайрылышат. Акырында, рынокту билүү фактору бар. Анча чоң эмес ӨЭУлар ири жана көп учурларда алыс жайгашкан өкмөттүк уюмдарга караганда алар тейлеген адамдардын чыныгы муктаждыктарын жана бул муктаждыктарды кантип канааттандырууну абдан жакшы билишет. Башкача айтканда, ӨЭУлар көп учурда натыйжалуу болушат, анткени алар коомдун керектөөлөрүн өтө жакшы билишет жана бул керектөөлөрдү канааттандырууда кыйла сергек болушат.

Жогоруда айтылган себептер боюнча ӨЭУлар көпчүлүк учурда коомду зарыл товарлар жана кызматтар менен камсыз кылууда өздөрүнүн өкмөттөрүнүн маанилүү өнөктөштөрү болуп саналышат. Демек, ӨЭУ жана өкмөттөр ар кандай «секторлорго» таандык болушат жана табигый антагонисттер болуп саналышат деген адатка айланып калган бир тараптуу ой чындыкты чагылдырбайт. Дүйнөнүн жакыр да, бай да өлкөлөрүндө ӨЭУлар жергиликтүү жана улуттук өкмөттөр менен тыгыз өнөктөштүктө иштеп жатышат. Бул көпчүлүк ӨЭУлар үчүн өкмөттөр аларды каржылоонун жана колдоо көрсөтүүнүн эң маанилүү булактарынан болуп эсептелерин түшүндүрөт. Бирок бул чындыгында эки тараптуу кыймылдагы көчөнү элестетет. ӨЭУлар өкмөткө алмаштыргыс маалыматтарды берип турушат жана көпчүлүк учурда социалдык программаларды жакшыртуу боюнча жаңычыл сунуштардын жемиштүү булагынан болуп саналышат. Андан сырткары, көп өлкөлөрдө мурунку мамлекеттик социалдык жана маданий уюмдардын коммерциялык эмес секторго өтүшүн иш жүзүнө ашыруу үчүн ӨЭУларды пайдаланууга чындап кызыкчылык бар жана кээ бир өлкөлөр бул максатта ӨЭУлар жөнүндө атайын мыйзамдарды кабыл алышкан.

Албетте, өкмөттөр менен ӨЭУлар ортосундагы өз ара мамилелер атаандаштык же каршылашуу мүнөзүн алышы мүмкүн экендигин да белгилей кетүү керек. Үгүттөөчү ӨЭУлардын негизги милдети өкмөттүн кемчиликтерин көрсөтүүдө жана саясатты өзгөртүүгө чакырууда турат. Көп өкмөттөр мындай сынды жактырышпайт жана үгүттөөчү ӨЭУларды унчукпай турганга же алардын такыр жабылышына аргасыз кылган репрессиялык мыйзамдар сыяктуу ар түрдүү ыкмаларды табышат. Мындай тактика алысты көрө албагандык болуп саналат. Эгер бул өкмөт өзүнүн үстөмдүгүн түбөлүккө калтырууну көздөбөстөн, өзүнүн элинин гана чыныгы керектөөлөрүн толук жана шайкеш канааттандырууну өзүнүн максаты деп эсептесе, тигил же бул өкмөттүк саясатка негизделген жана маанилүү дебаттар кандай өкмөт болбосун узак мөөнөттүү кызыкчылыктарынын дал өзүнө жооп берет. «Идеялардын рыногунда» саясаттын ар кандай багыттарын такай текшерип туруу жолу менен гана өкмөттүн саясаты убакыттын өтүшү менен жакшырат деген ишенимге жетүүгө болот.

е. <u>Мамлекеттик экономика секторунун рыноктук кудуретсиздиги.</u> Рыноктук кудуретсиздик феномени жеке бизнес секторунда жакшы белгилүү. Сунуш жана суроо-талап мыйзамы аз чыгымдар менен кызматтарды көрсөтүүдө жана товарларды өндүрүүдө өзгөчө кубаттуу күч болуп саналат, бул демейде өздөрүнүн товарларынын сапаты жөнүндө кам көрүшкөн жана суроо-талаптарга билгичтик менен таасирденишкен жеке жактардын жана уюмдардын муктаждыктарына жана каалоолоруна жараша болот. Бирок, парк же автоунаа шосселери сыяктуу коомдук-пайдалуу товарлар менен камсыз кылууда көп учурда «рыноктук кудуретсиздик» кезигет. Коомдук пайдалуу товарлар өтө зарыл, анткени алар элдердин жашоосунун сапатын жакшыртат (мисалы, парктар) же иштиктүү

сектордун (мисалы, шоссе) гүлдөп өсүшү үчүн зарыл болгон экономикалык инфраструктуранын бөлүгүн түзөт. Өкмөттүн ролунун маанилүүлүгү коомдук-пайдалуу товарларга чыныгы керектөөлөр болгон рыноктук кудуретсиздик чөйрөлөрүн аныктоодо жана бул керектөөлөрдү канааттандырууда жатат.

Бул сыяктуу рыноктук кудуретсиздик коомдук-пайдалуу товарлар менен камсыз кылууда да бар. Кайсы өкмөттүн болбосун кызматкерлери жана чиновниктери кандай тажрыйбалуу, чын жүрөк, иштерман жана коомдун муктаждыктарын түшүнгөн болсо да, алардын калкка зарыл болгон бардык коомдук-пайдалуу товарларды жана кызматтарды күн мурунтан көрүүгө чамалары жетпейт. Мисалы, африкалык же латынамерикалык кайсы бир өлкөдө япон искусствосуна өтө кызыккан жана япон искусствосунун музейин түзүү үчүн бир далай акча каражаттарын берүүнү каалашкан бир топ жарандар болушу мүмкүн. Коомдун миңдеген башка кызыкчылыктары жана каалоолору сыяктуу эле өкмөттүк чиновниктер бул каалоону ачып көрсөтүп, аны шайкеш жана адилеттүү түрдө канааттандыра алышпас. ӨЭУлар мамлекеттик экономика секторунун рыноктук кудуретсиздигинен пайда болгон бул кемчиликтерди жоюу үчүн жеке адамдарга жана топторго биригүүгө мүмкүндүк берет. Коомдун жашоосун байытууга жана коомдук-пайдалуу товарларга жана кызматтарга болгон керектөөлөрдү канааттандырууга жеке адамдар өздөрүнүн жеке каражаттарын бөлүүгө даяр болушкандыгы өтө маанилүү ролду ойнойт.

f. Базар экономикасына колдоо көрсөтүү. ӨЭУлар жөнүндө мыйзамдын зарылдыгынын үчүнчү экономикалык негизделиши алардын базар экономикасынын өсүшүнө жана ийгиликтерине кыйыр колдоо көрсөтүүнү камсыз кылышкандыктарында жатат. Социалдык стабилдүүлүк, коомдун мамлекеттик институттарга ишеними жана укук ченемдерине урматтоосу болгон өлкөлөрдө базар экономикасы гүлдөп өсүп жатат дегенге бир катар тастыктоолор бар[29]. Бул коомдук баалуулуктар ӨЭУ сектору жөнүндө мыйзамдар тарабынан тарбияланып жатат. Бул көз караш, мүмкүн, Гарвард Университетинин профессору Роберт Путнэмдин ишинде баарынан жакшы чагылдырылган. 20 жыл ичиндеги Италиянын түштүгүндө жана түндүгүндө күчтөнгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде профессор Путнэм келечектеги экономикалык өнүгүүнүн эң ишенимдүү белгиси болуп, кызматташтыктын, социалдык байланыштардын күчтүү жарандык каада-салттарынын, коомдук жыргалчылыкка ишенимдин жана жактоочулуктун болушу - ал «коомдук капитал» деп атаган өз ара байланышкан шарттардын тобунун болушу эсептелет деген тыянакка келет. Ошондой эле ой менен Фрэнсис Фукуяма да «мектептер, ооруканалар, чиркөөлөр жана кайрымдуулук мекемелери сыяктуу күчтүү менчик коммерциялык эмес уюмдары бар өлкөлөр бир үй-бүлөнүн алкагынан чыга турган күчтүү менчик экономикалык уюмдарга ээ болушу мүмкүн» деген бүтүмгө келет. Кыскача айтканда, бул изилдөө ӨЭУ бекем секторуна дем берүү маанилүү социалдык көйгөйлөрдү чечүү жолдорунда пайда болгон экономикалык бөгөттөрдү жоюуга жана экономикалык өнүгүүнү бекемдөөгө жардам бере алат деп божомолдойт.

[29]Мисалы, Улуу Британияда дээрлик 200 000 кайрымдуулук уюмдары катталган, ал эми АКШда 1 000 000дон ашык «коомдук кайрымдуулук мекемелери» бар. Section 501(c)(3).

№4 Тиркеме


КЭУну түзүүнүн тартиби
Юстиция министрлиги
мөөр
Банк
Статком
МСИ
Соцфонд

№5 Тиркеме

# КЭУну түзүүнүн наркы




**Жыйынтыгы: 624 сомдон 3 224 сомго чейин**